

МУСА ЖАНГАЗИЕВ

# КӨЗ НУРЛАРЫМ



МУСА
ЖАНГАЗИЕВ

# КӨЗ НУРЛАРЫМ

ЫРЛАР, ПОЭМАЛАР

«МЕКТЕП» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ 1973-ЖЫЛ

С (Кирг.)
Ж 27

**Жангазиев Муса.**

Көз нурларым. (Ырлар жана поэмалар.) (Тестиер жана өспүрүм балдар үчүн). Ф., «Мектеп», 1973.

216 бет.

16 см. 5.000 экз. 50 экз.

Бул китепке кирген ыр-поэмалар негизинен пионерлердин окуудагы жана эмгектеги үлгүлүү иштерин баяндайт. Ошондой эле эл-жер, жыл мезгилдери тууралуу чыгармаларга да орун берилди.

**Жангазиев Муса.**

Свет моих очей. Стихи и поэмы. (Для детей сред. и старшего возраста).

С (Кирг.)

0743—058
———— 127—73
М 452 (17)—73

© Издательство «Мектеп», 1973 г.



# Салют берем кубанып

## САЛЮТ БЕРЕМ КУБАНЫП

Өмүр бою пионермин,
Кызыл жагоо тагынган.
Балдар менен бирге жүрсөм
Бала болуп жаңыргам.

Сабындамын пионердин,
Салют берем кубанып.
Желбиресе кызыл жагоом
Желге эркелейм сыланып.

Костер күйсө майрамдарда,
Алоолонуп жанамын.
Вожатыйым комсомолдун
Аткарамын талабын.

Өмүр бою пионермин,
Мен ошого мактанам.
Лениндин айткандарын
Жүрөгүмө сактагам.

## ОН ТОГУЗУНЧУ МАЙ

Бүгүн майрам күн ачык,
Жер кулпунат чер жазып.
Желбиреген желектер
Күрөштөрдөн күч ташып.

Пионерлер майрамы,
Бүт балдардын сайраны.
Күлкү, шаттык, тамаша
Күлүмсүрөйт Май жаңы.

Көчө кызыл кырмызы,
Советтердин уул, кызы.
Нурун сепкен баарына
Кремлдин жылдызы·

Жагоочондор парадда,
Майрам бул күн адатта.
Таалай берген Ленин
Бакыт биздин тарапта.

Тынчтык сүйгөн күнүбүз,
Партияда сүйүүбүз.
Коммунизм коомунун
Биз ачылган гүлүбүз!

## БАЛАДАН

Бүт каныма тараган,
Жүрөк менен самагам.
Ишим, күчүм, өмүрүм
Бак-таалайым баладан.

Ыр жазганга жарагам,
Мүнөзүнө карагам.
Жашоом, күнүм, турмушум
Жан жыргаткан баладан.

Жылдар өтүп арадан,
Окуу бүтүп калаадан.
Ой жүгүртүп изденсем,
Окуясы баладан.

Гүл тергенде талаадан,
Алыс болуп жалаадан.
Канча ийгилик жолукса,
Кадыр-баркы баладан.

## УЛУУ КҮНДӨ АЧКЫЧЫ

Күн чыкканда жер күлүп,
Кучактады нурларын.
Гүл, көпөлөк, келгин куш
Көрүп жатты жыргалын.

Боюн керип керме тоо
Күндү тосуп сагынып.
Бутактары алманын
Сансыз сөйкө тагынып.

Өмүр берген баарыга
Улуу күндүн жарыгы.
Өсүмдүккө жан берчү
Өзөк менен тамыры.

Күчүбүз да Күн менен
Коюн-колтук алышып.
Балдар жүрөт таң менен
Баркын билип жарышып.

Планетамдын Күн досу
Жер бетинин бактысы·
Кайда болсо турмуштун
Улуу күндө ачкычы.

## АРТЕКТЕ

Сурнай үнү жаңырат,
Барабандар кагылат.
Жан киргендей кубанып
Силкингендей Аю Даг.

Сол жагында бийик тоо,
Оң жагында кийик зоо.
Калың токой каптаган
Артек деген жер ошо.

Кара-Деңиз чайпалып,
Гүлдөн килем жайкалып.
Укмуш жер жомоктой
Уккуң келсе айталык.

Айтканынан тайбаган,
Жаңы муундар жайнаган.

Өзүнчө өлкө кургандай
Кыздар менен балдардан.

Чындыгында ошондой
Чыңдап тартип бошонбой.
Башкаруучу өзүлөр
Балдар менен созом ой.

Бул өлкөнүн адаты,
Болбойт иште талашы.
Өсө бергин өркүндөп
Алыс кеткен канаты.

Мында кимдер келбеген,
Кимдер салам бербеген.
Байланышы башкача
Жер бетинде эл менен.

Балдар түркүн улуттан,
Батыш менен чыгыштан.
Түндүк менен түштүктөн
Келип мында турушкан.

Бешке окуган сабагын
Күндөлүгүн карадым.
Көп өнөрдүн ээлери
Аткарылат талабың.

Ырда десең ырдаган,
Сында десең сындаган.
Сүрөтчү бар, акын бар
Өз кесибин чыңдаган.

Шефке алып мал баккан бар,
Гүл өстүрүп жаткан бар.

Өз ишинен көрүнүп
Орден, медаль таккандар.

Келечектин илимпоз,
Болбойт мында көңүл кош.
Максаты бир, иши бир,
Кол кармашкан тууган, дос.

Элпек болуп бийлеген,
Диктор болуп сүйлөгөн.
Кызык кино тарткан бар
Келечекке үндөгөн.

Топту кыйын тепкендер,
Жарышкандан өткөндөр.
Сууда сүзүү жагынан
Мастерликке көчкөндөр.

Жатпай жардам кылгандар,
Чек арада тургандар.
Дары-дармек чогултуп
Өлкөсү үчүн жыйгандар.

Баштап пахта тергендер,
Таамай аткыч мергендер.
Кыйыштырып жемиш бак
Жаңы сортту бергендер.

Окуп китеп сүйгөндөр,
Кызык жомок билгендер.
Космонавттык кружокко
Кол көтөрүп киргендер.

Жаш ээлери шайбанын,
Футбол билсең тайбагын.
Ушул жерден көрөсүң
Бүткүл дүйнө балдарын.

Өнөр билбес таппайсың,
Өнөрү жок баспайсың.
Уставы бар өзүнчө
Жаңы келсең жаттайсың.

Кызык өлкө ушундай,
Таза тынчтык кушундай.
Бул өлкөнүн милдети
Достук кушун учурмай.

Бул өлкөнүн туусу бар,
Сууда сүзгөн куусу бар.
Күлкү менен шаттыктын
Бийик чыккан чуусу бар.

Карап көрсөң үйлөрүн,
Атыр жыттуу гүлдөрүн.
Ар бир үйдүн аты бар
Билбей калсаң кирбегин.

Көрсөк стадиону,
Жыйналганда бүт чогуу.
Күйөрмандар күчтүүлөр
Чабылганда бүт колу.

Капкаякка угулат,
Бүткүл көңүл бурулат.
Кара-Деңиз таң калып
Бир заматта кубулат.

Айтылышы бул сөздүн,
Башталышы бул кептин.
Кызыгы көп кымбаттуу
Кызыл туулу Артектин.

## УШУЛ ЖЕРДЕН

Кораблдер катар менен,
Деңиз сүзүп бараткандай.
Каюталар таза, кенен
Жүргүнчүлөр жарашкандай.

Атайылап барып калсам,
Каюта эмес, имараттар.
Кипаристер, арсак аска
Ал үйлөрдө жашайт балдар.

Биз көрбөгөн жыпар гүлдөр,
Катар өскөн пальмалар.
Сүйлөшкөнү түркүн тилдер
Ким көрсө да таң калар.

Шаңдуу чыккан шайыр ырлар,
Оюн-күлкү, тамаша.
Айтылгандай ачык сырлар
Байкаштырып караса.

Кара, сары, аппак балдар,
Таза максат тилеги·
Кагылгансыйт ушул жерден
Жер шарынын жүрөгү.

## АЮУ ДАГ

Курган окшоп кол менен,
Таштан бүткөн тоо көрөм.
Чыгып бардым жол менен
Баш айланткан зоо көрөм.

Кара-Деңиз ичине,
Азыр тура калгандай.
Табигаттын күчүнөн
Таштан тандап салгандай.

Бир-бирине жабышып,
Кучакташып тургандай.
Коюн-колтук алышып
Болгон күчүн жыйгандай.

Шарпылдаган деңиздин
Толкунунан бүткөндөй.
Ээлеп алып көл үстүн
Кайык болуп сүзгөндөй.

Угуп балдар күлкүсүн,
Тамашага баткандай.
Маяк болуп түнкүсүн
Деңизге жол ачкандай.

Аюу жатат суналып,
Эки көзү тунарып.
Сууга башын салыптыр
Кызыл тилин чыгарып.

Буту, колу чоюлуп,
Бир жамбашы оюлуп,
Жүнү калың үксүйүп
Жаткан сымак тоюнуп.

Кулактары көрүнбөй,
Булчуңдары темирдей.
Кыймылдабайт бир жерден
Арыктабай, семирбей.

Таап алгандай амалды,
Тосот соккон шамалды.
Суук тийгизбейт Артекке
Ээлеп жарым аралды.

Уйкусурап үңкүйүп,
Алп сыяктуу дүңкүйүп.
Түн киргенде турат дейт
Бүткөн боюн силкинип·

Деңиз бойлоп барат дейт,
Балык кармап алат дейт.
Таң атканда шамалды
Тосуп жатып калат дейт.

## КОСТЕР ЖАККАНДА

Аюу тоо гүлдү жамынып,
Айпетр жоолук салынып.
Асманы ачык булутсуз
Жылдыздан мончок тагынып.

Костерго баарын чакырган,
Барабан, сурнай чалынып.
Кара-Деңиз чайпалат
Жаш досторун сагынып.
Ай да чыкты алкымдан
Нурун чачып жагынып.
Тутантуу үчүн костерду
Укук алган вьетнамдык
Ордендүү кыз камынып.

Артектин ыры ырдалып,
Достуктун күчү чыңдалып.
Кубангандан кол чаптым
Бала болуп сыйланып.
Бактылуумун барганга
Бапестелип жыргадык.
Айтып бердик билгенди,
Биз да карап турбадык.
Көп коноктор көп жерден,
Жер бетинде бүт элден
Келген экен ылгалып.

Тынчтыктын күйгөн костеру,
Тесте гүлгө окшоду.
Кырк өлкөдөн окүлдөр,
Вьетнамдык жетимдер,
Жүрөгүмдү козгоду.
Баарынан кымбат эмеспи
Бала чактан дос болуу.

Келечекке талпынган
Баарынын болсо бир жолу.
Баарынын болсо бир ою.
Согуш деген жоюлса,
Тынчтык үчүн коюлса,
Жер жүзүндө балдардын
Мотурайган бүт колу·
Вьетнамдык жакты костерду
Куттуктап баардык досторду.

Жалбырттап күйдү жалыны,
Сүйлөшкө ар ким камынуу.
Тынчтыкка арнап айтууга
Ар кимдин сөзү табылуу.

Ким жактаса согушту
Артекке эшик жабылуу.
Ар бала айтат өз оюн
Болбойт бизде таарынуу.
Сөз келгенде тике айтмай,
Өкүм сүрбөйт жалынуу.
Болгон эмес өмүрдө
Кол көтөрүп багынуу.
Биздер үчүн бак-таалай
Кызыл жагоо тагынуу.

Артекте тартип ушундай
Айтылган акыл бузулбай.
Алфавит менен сөз берет
Ар кимдер сүйлөйт кысылбай.
Ахмед бала Алжирден,
Орусча сүйлөп тил билген.
Өз жеринде достору
Тынчтык, Мекен, Күн сүйгөн.

— Жерде тынчтык жашасын,
Жок кылып бала капасын.
Согушка такыр албасын
Жаш балдардын атасын.

Вьетнамдын жүрөгүн —
Ханойду дайым сүйөмүн.
Согушун Никсон токтотсун
Аткарып элдин тилегин.

Баласына карабай
Баскынчылар таламай.
Кемпир менен чалдарды
Кырып жатат аябай.

Булардан өчтү алалы
Уруксат берсе баралы.
Бүт дүйнөнүн балдары
Чаң тополоң салалы.

Жаш баланын тилеги,
Тынчтык деп согот жүрөгү·
Айтканын байкап угуп кой,
Чындыгында мүдөөлүү.

Жаш бала чыкты Кубалык
Анын да сөзүн угалык.
Жаш колдор колдоп шатырап
Тынчтыктын күчү чыңалып.

Сүйлөсө сөзү жаңырып
Айтканы бизге жаңылык.
Ата-эне сүйөт тынчтыкты,
Азап-тозок арылып.

Жапжаңы биздин үйүбүз,
Кастродо сүйүүбүз.
Өсө берсин жер жайнап
Солубасын гүлүбүз.

Жумушчу-дыйкан табыбыз,
Ата мекен жаныбыз.
Социализм орнотуу —
Бүткүл элдик камыбыз.

Тынчтык гана оюбуз,
Достук чыккан жолубуз.
Тынчтык үчүн тынымсыз
Көтөрүлөт колубуз.

Үйрөнүп учкуч өнөрүн,
Турмушта көптү көрөмүн.
Советтик балдар, кабыл ал
Кубалык балдар белегин.
Вожатыйга тапшырды
Самолеттун моделин.

Кезек келди бир кызга:
— Тынчтык керек турмушка.
Эгер согуш болбосо
Учаар элем жылдызга.

Ажал тапты бомбадан —
Ата-энемди кор кылган.
Асып, камап баскынчы
Мекенимди тор кылган.

Мектебимди өрттөгөн,
Өз элине кетпеген.
Гүлдөп жаткан жеримди
Зордук менен тепсеген.

Туткун кылып айдашып
Колу, бутун байлашып.
Жакшынакай жеримди
Көркоолорчо чаңдатып.

Тамга салып күйгүзүп,
Канкордугун билгизип.
Колго түшкөн агамдын
Эки бетин тилгизип.

Аябады балдарды,
Азып, атып чалдарды.

Качып кирип токойго
Менде араң жан калды.

Биздин турмуш ушундай
Зордук менен бузулмай.
Америкалык желдеттер
Эрки менен кутурмай.

Жоокер менен бир өсүп,
Жардам берип түнөшүп.
Партизандар тобунда
Балдар кошо күрөшүп.

Ишенебиз жеңишке,
Даярбыз ант беришке.
Эл тынчтыгын сүйгөндөр
Эрте туруп көп иште.

Баатырларга саламым
Ушул менин каламым.
Белек болсун силерге
Суранамын, талабым.

Түбөлүккө калсын деп,
Артекчилер алсын деп,
Тапшырды эле жагоосун
Бизде мындай болгон кеп

Он үчтөгү кыз эле,
Учуп жүргөн куш эле.
Душман үчүн жүрөгү
Жылыбаган муз эле.

Өнөр билген кол учу,
Санитарка болучу.
Дарыларды даярдап
Жоокерлерге коюучу.

Бомба түшүп жарылып,
Чоң азапка кабылып·
Жарадар болуп кол, буттан
Жатып калган зарыгып.

Ошого да карабай
Чыдамкай кыз аябай.
Майып болуп айыкты
Басууга буту жарабай.

Ошол кыздын белеги
Мойнундагы желеги.
Үч жеринен ок тийген
Жагоосуна себеби.

Вьетнамдагы биздин эл
Бир каптаса күчтүү сел.
Коркутуп кол салгандар
Чөп чыкпаган болот чөл.

Биз күрөштүн балдары,
Курал колго алганы.
Биздин элге күч берген
Советтердин жардамы.

Оккупанттар айдалат,
Туткун болуп кармалат.
Чындык элдин колунда
Тынчтык кушу сайрамак,—

Дегенде кол чабылып,
Ураалаган жаңырык.
Күйүп жатты чоң костер
Барабан, сурнай чалынып.

Сүйлөгөндөр көп болду,
Айткандары эп болду,
Достук тынчтык негизи
Чоң костердо сөз болду.
Достук ыры созулуп,
Биз да ырдадык кошулуп.
Айпетрден ай күлөт
Алтын нуру озунуп.

Тынчтык ыры ырдалып,
Согушчандар сындалып.
Бала болуп бир паска
Биз да кошо жыргадык.

## ПИОНЕР КИМ

Пионер ким?
Жаңылыкты ачкандар,
Жаңы илимди
Изилдешип тапкандар.
Пионер ким?
Атагы ашкан Гагарин,
Бак-таалайга
Жолду баштап баскандар.
Пионер ким?
Көсөмүбүз Ленин.
Орундаткан
Эмгекчи элдин тилегин.

Кызыл жагоо
Дайым менин мойнумда
Пионермин,
Пионерди сүйөмүн.

## БИЗДИН ҮЙДҮН БААТЫРЫ

Ойгонсом да чоң энем,
Ойносом да чоң энем.
Чоң энемдин колунан
Түйдөк көрөм, жип көрөм.

Байпагымды тордогон,
Төшөгүмдү оңдогон.
Үйдүн ичин шыпырып
Бир кыпын да койбогон.

Ырдасам да чоң энем,
Ыйласам да чоң энем.
Жомок айтып жобурап
Кошо жаткан чоң энем.

Даярдаган тамагын,
Чытып койбой кабагын.
Кайсы жакка жумшаса
Каяша айтпай барамын.

Күлгөнүм да чоң энем,
Сүйгөнүм да чоң энем.
Кармап алып колунан
Билгеним да чоң энем.

Тазалыкты сактаган,
Талабымды тактаган.

Мен дегенде үйрүлүп
Чарчаса да жатпаган.

Сыйлаганым чоң энем,
Кыйбаганым чоң энем.
Жоктон барды тапкын деп
Кыйнаганым чоң энем.

Чоң энемдин акылы,
Өзүм гана жакыны.
Көп иш келген колунан
Биздин үйдүн баатыры.

## МУГАЛИМИМ

Мугалимим сүйгөн кишим,
Мугалимим таалайым.
Мугалимден менин ишим
Узун өмүр каалаймын.

Мугалимим күчүм, күнүм,
Адилеттүү адамым.
Мугалимден менин сүйүүм
Аткарылган талабым.

Мугалимим—турмушумсуң,
Ой, максатым, тилексиң.
Жол көрсөткөн жылдызымсың,
Токтобогон жүрөксүң.

Мугалимим акыл кенчим,
Билим берген булаксың.
Келечегим — бактым сенсиң,
Ата-энемдей ынаксың.

## ДИНАРА КЫЗ НЕБЕРЕМ

Аткарылышы тилектин,
Кагышындай жүрөктүн.
Өңү-түсү өзгөчө
Так өзүндөй чүрөктүн.

Кутманысың үйүмдүн,
Маңызындай гүлүмдүн.
Ширин даамы турмуштун
Жыйынтыгы сүйүүмдүн.

Назик үнү комуздун
Мен бактыма жолуктум.
Күткөн элек төрөлдүң
Кызы болуп толуктун.

Өчпөс өмүр жылдызым,
Неберетайым нур кызым.
Тилегине жеткендей
Сүйүнүшөт уул-кызым.

Жылуулуксуң, отумсуң,
Өмүр жолуң созулсун.
Кубанычка-кубаныч
Булак болуп кошулсун.

Жыты жыпар нанымсың,
Жыттап алсам дарымсың.
Дарманымды кетирбес
Жүрөктөгү канымсың.

Динара кыз неберем,
Күтүп жүргөм сени мен.

Ата-апалап чакырган
Айланайын кебиңден.

Түн киргенде чырагым,
Түштөн кетпес ынагым.
Таш күзгүдөй тунугум,
Мөлтүр кашка булагым.

## БЕЗИЛДЕГЕН САРЫ КЫЗ

Кайсы убакта сурасаң,
Сүйлөшө бер чыдасаң.
Сабактарын так билген
Байкаттырып сынасаң.

Мугалимдин айтканын,
Ушул кыздан тактагын.
Катасы жок, таппайсың
Текшерип көр жазганын.

Болбойт мында жаңылыш,
Жөнү жоктон чамыныш.
Бештен башка баасы жок
Безилдеген сары кыз.

Сөздөн сөздү улантып,
Мугалимин кубантып.
Чечендиги ченде жок
Билбегенди уялтып.

Сурап көрчү тарыхтан,
Өзү кошо жарышкан.
Кимдер жеңди, жеңилди
Кимдер элге даанышман.

Кимди кимдер кыйнады,
Кимди кимдер сыйлады.
Өзү кошо жүргөнсүп
Токтотпосо тынбады.

Сурап көр географияны,
Ал сабак досу, ынагы.
Адашпай күйүп жаткансыйт
Магеллан жаккан чырагы.

Берип койсоң кезегин,
Так чыгарган эсебин.
Эне тилден ээ бербей,
Бул сары кыз чеченим.

Ирettүү окуйт сабагын,
Жат билет төрт амалын.
Кубандырып баарысын
Күндөлүгүн карагын.

Ар бир ишин тактаган,
Ак эмгектен качпаган.
Айлыбызда Анар кыз,
Аны менен мактанам.

## БИЛГЕН ЖАКШЫ

Уйкум келбейт эмнегедир,
Ойдон кетпейт тилегим.
Өз өлкөмдү коргоо үчүн
Даярданып жүрөмүн.

Солдат болсом бойго жетип,
Чек арада турамын.
Бекем кармап автоматты,
Шырп эткенди угамын.

Бороон болсун, борошого —
Баардыгына даярмын.
Диверсантты, шпионду
Өткөрбөскө жараймын.

Мен үйрөндүм аскер ишин,
Зарницада машыгып.
Далай жолу туткунга алдым,
«Душмандарды» жапырып.

Гранатты ыргытууну,
Пулеметтон атууну,
Жаттап алдык унутпайбыз,
Морзе деген жазууну.

Трактордун тетиктерин,
От жүргүзгөн моторун,
Көп өнөрдү өздөштүрдүк,
Бизде болбойт бош орун.

Тоскоолдордон токтобостон,
Амалын таап өтөбүз.
Күрпүлдөгөн дарыядан,
Күчтү сынап кечебиз.

Ата-журтту коргоо менин
Кезектеги милдетим.
Тынчтык болсун жер бетинде,
Өркүндөсүн, гүлдөсүн!

## КОСТЕР МЕНЕН АЛЫЙМА

Каникулга чыккан элек,
Жаңы жылды өткөрүп.
Саякатка тоого бардык
Кызыктарды көп көрүп.

Тоо, токойдо эмнелер жок,
Шакылдаган сагызган.
Лыжачан жолдошторум
Ылаачындай жарышкан.

Келип калдык дарыянын
Көк жалама музуна.
—Ушул жерде коньки тепсек
Жеткирбей тоо кушуна.

— Жок, байкайлы, муз жарылса
Күрткү менен кетпейли.
Бул токойду аралайлык,
Тиги өйүзгө өтпөйлү.

— Туура сенин бул сунушуң,
Туура Аскардын айтканы.
Тоо балдарын тосолу деп
Токой күтүп жатпайбы.

Катар менен баратабыз
Кар жааганга карабай.
Тердесек да чарчабайбыз,
Кумарыбыз тарабай.

Токой кызык жашыл бойдон,
Тармал арча туш-тарап.

Катар өскөн карагайлар
Сагынганбыз биз самап.

Учуп, конот жолубузга,
Бизден качпай кекилик.
Коён качты, аппак коён
Жетпей калдык өкүнүп.

Токой ичи өзүнчө бир
Билбегенге табышмак.
Балатылар күлгөн сымак
Бала болсо жарышмак.

Четин да бар чечингендей,
Бутактары саксайып.
Тиги дүмүр аюуга окшойт
Жүнү өскөндөй апсайып.

Ачык жерге биз чогулдук,
Ак кайыңдын түбүнө.
Салам айтып жаткан өңдүү
Жаш кайыңдар ийиле.

Лыжаларды буттан чечип,
Ойноп отун жыйнадык.
Алоолонтуп костер жактык,
Кар үстүндө ырдадык.

— Токтоткула ырды балдар,
Мындай менин сунушум.
Ар ким азыр билгенди айтсын,
Үшүгөндөр жылынсын.

Күйгөн сайын костер жалын,
Акырындап кар эрип.
Айтайын деп даярданды
Алыймага ой келип.

Кар эрисе, ал да эрип
Бараткандай сезилип.
Бүткөн бою жибигендей
Жүрөк туйлайт эсирип.

Ойго түштү, айта албады,
Көрбөй калган атасын.
Салгысы жок бул ортого
Ичиндеги капасын.

— Бул тоолордо далай өмүр
Күрөш менен өткөн жер.
Чолпонбайлар, Дүйшөнкулдар
Жигит болуп өскөн жер.

Костер күчөп күйгөн сайын,
Алоолонгон жалындап.
Бир элести көргөн сымак
Теше тиктейт Алыйман.

Жалын жалдуу күлүк болуп,
Бараткандай чабышып.
Томкорулуп тоо көчкөндөй
Аска аскага кагышып.

Бүткүл токой жалын болуп,
Бараткандай өзгөрүп.
Өрт ичинен Алыйма кыз
Тааныш эки көз көрүп.

— Эмне мынча ойго баттың
Ымшып териң чекеңден.
— Өз атамды көрбөй калгам
Тирүү го деп сезем мен.

— Жаңы гана төрөлүпсүң,
Бешиктесиң анда сен.
Жылкычы экен сенин атаң,
Чоң атамдан уккам мен.

Келатканда чана менен
Сарай жакка чөп ташып.
Кырсык болуп көчкү көчүп
Калган экен кар басып.

— Баккан жылкы баары тегиз
Күлүк болуп чыгыптыр.
Он эки жыл укурукчан
Чоң ферманы куруптур.

Колхоздогу аз жылкыны
Жеткириптир беш жүзгө.
Кар кеткенде көчүрчү экен
Этектеги Ак түзгө.

Костер улам алоолонот
Асман тиреп жалыны.
Алыйманын жүрөгүндө
Пайда болот сагынуу.

Сөзүн улап вожатый кыз,
Айтып жатты билгенин.
Ушул тоону мекен кылып
Чоң атамдар жүргөнүн.

Атагы ашкан баатыр чыккан
Коргогондор мекенди.
Басмачыны таандай кырып
Баатыр болгон Эсенди.

Алыйманын атасы да
Айлыбыздын баатыры.
Айылда ардак китепке
Аты-жөнү жазылуу.

Эстен кетпейт элге эмгек
Эрдик менен кылгандар.
Элдик ишти өздөштүрүп
Эркин турмуш кургандар.

Сенин атаң баарыбыздын,
Өрнөк алчу атабыз.
Кыштоосунда костер жагып
Эске алып жатабыз.

Вожатыйдын айтканына,
Алыйма кыз ыраазы.
Көрүнгөнсүйт көз алдыга
Манастын Ак куласы.

Ал анткени Курмандын да
Ак куласы болуптур.
Күлүк чыгып Чүй боорунда
Атак-даңкка конуптур.

Ак куланын тукумдары
Бүт кыргызга тараптыр.
Жылкы баккан Курман атаң
Элдик ишке жараптыр.

Костер күйүп арча жыты
Алыс кетти жел менен.
Кар үстүндө күйгөн костер
Мен жылынып тердегем.

Кышкы токой кубанычтуу,
Жаш балдардын ишине.
Алыйма да күлүмсүрөйт
Күч кошкондой күчүнө.

— Мен чоңойсом атам сымак
Колго укурук аламын.
Жайы, кышы ушул тоодо
Жылкыларды багамын.

Ашсын ишке жаштык тилек,
Болсоң кызык жылкычы.
Алыйманды эл мактасын,
Эл турмуштун—сынчысы.

Күйөт костер, өчпөс костер
Калың карга карабай.
Ырдап, бийлеп көңүл ачты
Балдар кечке тарабай.

Жансыз токой ырдап жатты
Жаштык шаңга бөлөнүп.
От илеби сыйлап жатты
Карагайлар көгөрүп.

Күн батаарда балдар тарап,
Кетишти ашып белести.
Турмуш кызык бала кезде
Көп учурда элестүү.

## ЖҮРӨГҮМДҮН ТҮПКҮРҮНӨ САКТАГАМ

Апам менен кайда болсо мактанам,
Ар бир ишин акыл менен тактаган.
Байкаштырсам баары келет колунан
Башкалардай баш-аламан шашпаган.

Сестра эле колхоздо ооруканада,
Укол салат сыркоологон балага.
Дары берет, эркелетет, ойнотот
Сөзү дары «айланайын садага».

Колу жеңил дешет экен апамды,
Далай балдар туруп кетти, сакайды.
Апам жакшы иштегенден деп билем,
Ооругандар айлыбызда азайды.

Кызматынан үйгө кайра келгенде,
Кучактайбыз, өпкүлөйбүз көргөндө.
Апабыздын айтканынан чыкпайбыз
Кунт коёбуз бизге кеңеш бергенде.

Жумшактыгы апам салган төшөктүн,
Бир уктасам ойгонбостон өтөт түн.
Апам түндө ай көрүнсө нур чачкан
Таң атканда үй ичине тийген күн.

Апам менен кайда болсо мактанам,
Өмүр бою айткандарын аткарам.
Апам үчүн алпештеген сүйүүмдү
Жүрөгүмдүн түпкүрүнө сактагам.

## ДАЙЫМ КҮЙӨТ ӨЧПӨС ОТ

Биздин айыл тоо ичинде,
Караколдун өзүндө.
Барып калдым мен күзүндө
Көргөн,билген эсимде.

Айылдын так борборунда
Орнотулган эстелик.
Гүл кармаган колдоруна
Эл келишет эскерип.

Атам менен согуш жылы
Курман болгон далайлар.
Ак мрамор чындык сыры
Тизмесинде агайлар.

Бири атам, бири агам,
Бирөө жездем, таякем,
Көз жүгүртүп көңүл салам
Чоң атам да бар экен.

Эгер алар согушпаса,
Душман жолун тоспосо.
Кармашпаса-тоорушпаса
Күжүрмөн күч кошпосо

Талап алмак өлкөбүздү,
Туулуп өскөн жергемди.
Баарыбызга салып күчтү
Кулга айлантмак элдерди.

Баатырлардын эстелиги,
Алоолонгон өчпөс от.

Солубаган кызыл гүлү
Андан күчтүү нерсе жок!

Жагоочондор дайым мында
Ардак постто турушат.
Эстеликти кошуп ырга
Эскермелер угушат.

Ушул жерден бөбөктөрүм
Пионерге алынат.
Желбиретип желектерин
Кызыл жагоо тагынат.

Бул колхоздон үч жүз он беш,
Курман болгон согушта.
Отуз бирин эли тоскон
Үй жаңыртып конушта.

Алар эми карыялар,
Жаштарга акыл бергендер.
Акты далай дарыялар
Чоң согушту көргөндөр.

Жүрөк согот токтоо жок,
Жан киргендей эстелик.
Дайым күйөт өчпөс от
Жоокерлерди эскерип.

## ЧАНАКТАРДЫН МАЙРАМЫ

Чанактарга тил кирип,
Көчөгө желек илдирип.
Баштамай болду чоң майрам
Кабар берип билдирип.

Сансыз чанак жарданып,
Миллион, миңден тандалып.
Өкүлдөр Ошко келишти
Өлчөмсүз жерди айланып.

Көрүнүп көзгө карааны,
Сөз алды Оштун чанагы.
Тамагын оңдоп түзөнүп,
Меймандарга саламы:

— Туулган жерим Учардан,
Жаз чыгаар замат күч алгам.
Чигит элем чирибес
Ичимде жок түк арман.

Трактор менен айдаган,
Артына мала байлаган.
Кыш бою мени иреттеп
Чигиттен чигит тандаган.

Жумшак жерге себишкен,
Жер семирткич беришкен.
Кылтыйганда кулагым
Отоо чөбүн теришкен.

Бир аз күн өтпөй жайнадым,
Жерди бекем кармадым.
Ага-инилер көбөйүп
Өсө бердим, талбадым.

Күмүштөй күлүп гүл ачтым,
Жер бетине ыр жаздым.
Жашылданып жайнадым
Жардамы тийип сугаттын.

Бир топ күн өттү арадан,
Келин-кыз мени караган.
Чанак болуп түйүлдүм,
Чакыртып адам самаган.

Бир түптөн он беш, отуздан,
Косегим мойнун созушкан.
Күн нуруна кактандым
Күлбөйт деп ар ким чочушкан.

Айрыкча мени карады,
Айылдын сулуу Жамалы.
Чеканкалап чачымды
Көп өстүрбөй тарады.

Чанак болдум келишкен,
Кары, жашы көрүшкөн.
Сентябрде ачылып,
Курдаштар менен өбүшкөм.

Белди бекем байладым,
Жаадырадым-жайнадым.
Көрүп жаттык адамдын
Көркүнө чыккан сайранын.

Таразага тартылдым,
Байлыгы болуп калкымдын.
Өзүм келдим бул жерге
Барынан элге баркымдын.

Курдаштар, бери карагын,
Айткан ушул саламым.
Бул жерде майрам бүткөндө
Москвага барамын.

Бизге да сөз тиеби,
Же Оштуктар эле күлөбү?
Шаңдуу келдик майрамга
Ырдайлы, ойноп-күлөлү.

— Сүйлө, досум, сүйлөгүн,
Сөз таба албай жүрбөгүн.
— Оштук досум, ойлонгун
Шылдыңдап мага күлбөгүн.

Аравандан келгенмин,
Бек-Абад деген жерденмин.
Ушул жылы төрөлүп,
Укмуштарды көргөнмүн.

Эгер Султан болбосо,
Эртелеп тигип койбосо.
Жерден чыкпай калмакмын
Курсагым күндө тойбосо.

Катуу болот жерибиз,
Жамгырсыз чыкпайт терибиз.
Бирок бизди жыргатты
Эмгекти сүйгөн элибиз.

Алты жолу сугарды,
Ахмед аке кубанды.
Ага-тууган чанактар
Ошондон кийин чыңалды.

Жумшартышты түбүмдү,
Эркелетип гүлүмдү.
Чанак болуп чардайган,
Башкармабыз сүйүндү.

Угушуп менин сөзүмдү
Өкүл кылып өзүмдү.
Жибериштти майрамга
Чыгарышып чечимди.

Дегенче болбой Баткенден
Чанак чыкты бат келген.
Ортодо турат ойлонуп
Бүткөн бою маш келген.

— Менин да бар сөздөрүм
Кереги эмне өзгөнүн.
Баткендин башы Арабат
Баштатан бери өз жерим.

Быйыл биз абдан кыйналдык,
Чанак болуп сыйландык.
Айтайын таржымалымды
Областта жыйналдык.

Сепкенде мени талаага
Калдым бир аз балаага.
Жамгыр жаабай, мөндүр жаап
Чатак салды арага.

Андан кийин күн ысып,
Өрт болгондой жер кызып.
Кыйналып турган кезимде
Окуя болду бир кызык.

Күн-түнүнө карабай
Күжүрмөн күчтү аябай.
Үч кулак суу жиберди
Күч алдык жаш баладай.

Эмгендей эне сүтүнөн,
Дем алдым суунун күчүнөн.
Адамдын кылган эмгегин
Ардактаймын, түшүнөм.

Чанак болуп калганда,
Кебез болдук тандалма.
Айткым келет алкышты
Бизди терген балдарга.

Бүтөйүн эми сөзүмдү,
Мактай бербей өзүмдү.
Сузактан келген бир чанак
Ортого чыгып чечинди:

—Кичине деп ойлобо,
Кичинемин чынында.
Менин булам жибектей
Мактаган бир кыз ырында.

Ар гозодон кырк бештен
Арбын болуп жыйналдым.
Көркү болду көрсөңөр
Колхоздогу кырмандын.

Отуз күндө чогулдук,
Талаага калбай бирибиз.
Жаркырап-жайнап ачылды
Чанак болуп гүлүбүз.

Кубанды бизди тергенде,
Макташты бизди көргөндө.
Биринчи сорт деп айтышты
Фабрикага бергенде.

Сузактык сөзүн бүткөндө
Трибунадан түшкөндө.
Кара-Суудан келдим деп,
Бир чанак суудан ичкенде.

Председатель сөз берди,
Сүйлөй турган кез келди.
Мектептен келген балдарды
Кара-суулук эскерди:

— Мени балдар тигишкен,
Сырымды жакшы билишкен.
Кыйналбастан өссүн деп
Бир башынан киришкен.

Муктар, Сатар келишти,
Машина менен теришти.
Бир жуманын ичинде
Сексен тонна беришти.

Кыйналбадым, жыргадым,
Тепселбедим, сынбадым.
Балдарды мактап ошондо
Төмөнкүдөй ырдадым:

— Силер да өсүп толгула,
Атаңардай болгула.
Алтындан жылдыз тагынып,
Азамат атка конгула.

Көңүлдүү ойноп-күлгүлө,
Көп пахта сырын билгиле.
Көбөйткөн байлык чанакпыз
Көшүлтпөй бизди сүйгүлө.

Аябаймын барымды,
Сыйлаймын бала чагымды.
Өркүндөп өскөн бөбөктөр
Менден жагоо тагынды.

Кара-Суунун чанагы
Эки жагын каранды.
Ким экен деп биз калдык,
Ортого чыккан баланы.

Бала чанак сыланып,
Бир азыраак уялып.
Ортого ал чыкканда
Кол чаптык биз да кубанып.

— Рахманжандан келгенмин,
Ырыска батып көргөнмүн.
Атагы ашкан кадимки
Сакалды деген жерденмин.

Эркелетип баладай,
Тентектикке карабай.
Багышты мени барыктап
Өзүмдөн тамак аябай.

Эжебиз болот эзелден,
Айыктырып кеселден.
Саадат деген апабыз
Желкесине көтөргөн.

Кээ күнү күлбөй ыйладым,
Кээ күнү өспөй туйладым.
Саадат апам келгенде
Санаалаш болуп жыргадым.

Күн-түнү бизди караган
Баласындай аяган.
Үйүнө басып барбаган
Көк чайын ичип талаадан

Саадат апам жайында
Июнь, июль айында.
Умачтай ачты көзүмдү
Сугарып бизди маалында.

Биз да өстүк кубанып,
Жатпадык бекер уялып.
Жерге батпай жайнадык
Булабызды чыгарып.

Актыгым кардай карасаң,
Сулуулукту талашам.
Сүйлөсөң сүйлө куршабдык,
Сүрдөнбөй ишке жарасаң.

— Келгенмин Отуз-Адырдан,
Салам айтам Садырдан.
Алтын саат алган сугаттан
Акебиз биздин Кадыржан.

Өскөнмүн жердин дыңында
Чыкканмын быйыл чынында.
Маалим болдум мен өзүм
Төлөндүн жазган ырында.

Жыл өткөн сайын жайнаймын,
Силерден артта калбаймын.
Көчмө тууну көп жолу
Көкөлөтө кармаймын.

Силерге айтаар саламым,
Мен дагы чанак баламын.
Лейлектен келатат
Кечикkенин карагын.

Шашкандан күрс жөтөлгөн,
Жонуна белек көтөргөн.
Лейлек экен турагы
Бул чанактынээлтен.

— Менин досум күн эле,
Төрөлгөндөн чыңалып.
Мендей чанак миң эле
Күздү күттүм кубанып.

Асманды көп карадым,
Түн кирсе жылдыз санадым.
Планы толуп быйыл күз
Жигиттей ишке жарадым.

Курсагым дайым ток болду,
Отоо чөптөр жок болду.
Ачылдым күндүн өзүндөй
Жалбырагым жок болду.

Ошону айтып берейин,
Өзүмдү кыйын дебейин.
Алардын аты ким экен,
Кагазымды көрөйүн.

Бири жигит Бектурган,
Бири келин Кызкурман.
Самолет менен асманда
Сагынгандай иш кылган.

Алар дары чачышты,
Жалбырактар качышты.
Баарына өзүм чыдадым,
Сабактарым ачышты.

Ошондон кийин күрүлдөп,
Бүткөн боюм дирилдеп.
Кораблдер келишти
Бункерге баарың кириң деп.

Машина болду атыбыз,
Айттык сөз: ылдам ташыңыз!
Теңшерип көрсөң өзүмдү
Жибек сымак затыбыз.

Лейлектин чанагы
Аз сүйлөп ишке жарады.
Чоң майрам болуп бул Ошто
Эртеси күнү тарады.

* * *

Чанактар менен бир жүрүп,
Куттуктадым майрамын.
Ушул жазган ыр болду
Аларга берген жардамым.

## КҮЧӨЙ БЕРЕТ ИШИБИЗ

Катуу болду быйыл кыш,
Малчыларда кыйын иш.
Калың түштү кар күчөп
Бороон боздойт тыйылгыз.

Ферма жолу жабылды,
Аяз күчөп чамынды.
Малчыларга жардамга
Биздин класс камынды.

Жетип бардык тез эле,
Чак түш ооган кез эле.
Зав. ферманын сунушу
Мындай айткан сөз эле:

«Уй багылган сарайды
Тазарткыла, жарайбы?
Балдар ишке кириштти
Жаштык суукка карайбы.

Чанага чөп басышты,
Кой короого ташышты.
Музоолорго суу берип
Кыздар иштеп жатышты.

Жолдон карды күрөшүп,
Чилде суугун жүдөтүп.
Малчыларга ийгилик
Биздин класс тилешип.

Козуларды аяшып,
Күндө үч маал карашып.
Эчкилердин жүнүнөн
Тыбыттарын тарашып.

Кулундарды шефке алып,
Арыктарын эске алып.
Балдар күндө бул жерде
Акырларга чөп салып.

Куйрук, жалын тазалап,
Үйүр болду качанаак.
Ат сарайды барып көр
Мурдагыдан тазараак.

Фермада көп тамаша,
Байкаштырып караса.
Ак тайлактан отуз бир,
Айша барып санаса.

Бардыгы тең бото көз,
Өркөчтөрү өсөт тез.
Кол кабышы балдардын
Башкармада болду сөз.

— Айланайын бөбөктөр,
Мал өскөнгө себепкер.
Отрядында Алыйдын
Көчмө кызыл желек, көр.

Желекчеге шыктанып,
Биз фермадан чыкпадык.
Алкыш айтты ата-эне
Жаман сөздү укпадык.

Күчөй берет ишибиз,
Тоодой биздин күчүбүз.
Айылда да, мектепте
Кызыл болот жүзүбүз.

Катуу болду быйыл кыш,
Малчыларга кыйын кыш.
Көтөрүлдүк көпчүлүк
Кол көтөрүп сыйын, кыш.

Кышта тилди уккандай,
Бизге анчалык суктанбай.
Тоо аралап тонсуз кет
Төрт түлүктү кызганбай.

Күндө мында келебиз,
Күчөп жардам беребиз.
Таза эмгекке маш кылып
Так үйрөткөн энебиз.

Малды баккан кыйын да,
Кар калың түшкөн жылында.
Малчылар менен бир жүрүп
Сак малчы болду ырым да.

## ӨСӨ БЕРСИН БИЗДИН БАК

Март айынын аягы,
Тоого кеткен кар агы.
Өзү тиккен көчөттүн
Өзгөргөнүн карады.

Жаңы чыккан жалбырак
Жашылданып албырат.
Кылдат менен кык төктү
Карап турбай жалдырап.

Кичине кыз Алыйма,
Күрөк алган Салыйма.
Эмгектенет көп балдар
Мээлүүн мектеп багында.

Кыш келгенде жомоктой
Кыштын суугун тоготпой.
Бакта ойногон кар үйүп
Келсе эчкини жолотпой.

Эми мына карачы,
Тазаланды арасы.
Кыркып ашык бутагын
Кыштын кетти чамасы.

Коштошуп март кеткенде,
Жаз жамгыры өткөндө.
Жашылданды багыбыз
Нөшөр келип төккөндө.

Гүл кучактап өрүктөр,
Күчөнгөнүн келип көр.
Аллеяны тазалап
Бирге иштеген шериктер.

Жыгачтарын алманын,
Аппак кылып майладым.
Курт, кумурска түшүрбөй
Куштар келип сайрадың.

Кайкалаган ак кайың,
Качан келсем иш дайын.
Жаз башынан көрөбүз
Жагалданган күз камын.

Узун бойлуу теректер,
Өскөнүнө себепкер.
Төртүнчүнүн балдары
Чогуу тиккен белектер.

Катар өскөн карагай
Эмгек тилейт аябай.
Балатыны карасаң
Таза жүргөн баладай.

Тармал жака арчалар,
Кызыл талдан канча бар.
Күбүнүшпөй гүл алды
Күлмсүрөп алчалар.

Түйүлдү Май айында,
Шабдаалыбыз жайында.
Кымыңдаган кызга окшойт
Жел желпинсе кайың да.

Барып калсаң таң атпай,
Булбул сайрайт жадатпай.
Тааныш куштар келгенсийт
Уясынан адашпай.

Күн ысыкта көлөкө,
Биздин бакта береке.
Тыйын чычкан тырсылдайт
Чыга калып терекке.

Ушул бакта көлүбүз,
Күн ысыкта келиңиз.
Тунуктугу башкача
Бир чөмүлүп көрүңүз.

Жол боюнда гүлүбүз,
Биздин бакка кириңиз.
Эмгек биздин сүйүүбүз
Жыйынтыгын билиңиз.

Ашык кылат абасы,
Алмурутун карачы.
Бир бутакта канча экен
Бурул, өзүң саначы.

— Бир бутакта отуз үч,
Үч бутакта туура жүз.
Жыйынтыгын чыгарат
Жыргап келген жыттуу күз.

Эмгек жеңет чынында,
Эмгек элдин сыйында.
Өсө бермек биздин бак
Кылымдардан-кылымга.

## БАЙКАГЫЛА БААРЫҢАР

Көп көчөнү кыдырып,
Көп үйлөргө бурулуп.
Эшик какса үч бала
Үй ээсине угулуп.

— Эски китеп, кагаздар,
Болсо эгер жараксыз.
Бизге уруксат берсеңиз
Чогултабыз талашсыз.

Темир-тезек керектүү,
Канча облсо жыйнайбыз.
Болсо дагы чүпөрөк
Кереги бар, кыйбайбыз.

Кап көтөргөн үч бала
Бул ишине эринбей.
Таштандыны тандаган,
Чарчаганга жеңилбей.

Кезек келип бир үйгө
Дагы эшикти какканда.
Чочуп кетти үй ээси
Каалгасын ачканда.

Салам айтты Ашырбай,
Күлүмсүрөп кубанып.
— Кайдан келген бейбаштар,—
Деген кезде уялып.

— Кечиресиз, эжеке!
Биз бейбаштан эмеспиз.
Биздин кылган ишибиз
Түшүнбөскө керексиз.

Чокой болсун, тон болсун,
Курмушу да алабыз.
Керек экен өлкөгө,
Ашык болсо, караңыз.

Түшүнбөдү сөзүнө,
Ачууланып тармал чач.
— Өскөн окшойт бул эже
Биз сыяктуу болбой жаш.

— Болчу, кеттик, Карабай,
Кокус бизди урбасын.
Ормоңдогон эме экен
Кол, бутубуз сынбасын.

Эми эшикти мен какпайм,
Кезек, Ашым, сеники.
Үчүнчү үйгө келгенде
Өзүм чертем, меники.

Эшик ачты жаш жигит,
— Азаматтар, келгиле.
Макулатура керекпи,
Билем, издеп көргүлө.

Эски китеп, журналдар,
Жыйып койгом сарайда.
Кана ташып көргүлө
Жетет чыны далайга.

Үчөө бирдей шашылып,
Жылбай жыйнап алышты.
Мектебине кубанып
Жеңиш менен барышты.

Коомдун иши бу дагы,
Байкагыла баарыңар.
Демилгесин балдардын
Көрбөгөндөр жаңылаар.

## ОЮНУН КӨРДҮМ ДИНАРДЫН

Куурчактарын кийгизип,
Эпчилдигин билгизип.
Сүйлөп жатты Динар кыз
Жаш атасын күлгүзүп.

— Сен куурчагым — Айбегим,
Сен стакан-чайнегим.
Куйругу жок мышыгым,
Куудулданба, кандегим.

Бул дөңгөлөк араба,
Аюу, алаңдап караба.
Коркуп кеткен турбайбы
Коёнегим садага.

Эй жыгылба жарты баш,
Сага берген кайран аш.
Ыйладыңбы түн бою
Чылпак баскан көзүң жаш.

Ой, байкушум чологум,
Таап алган коногум.
Олтуруп тур текчеге,
Сага дарбыз соёмун.

Жегиң келсе алма бар,
Ичкиң келсе жарма бар.
Мен айтканга көнбөсөң,
Ашканадан тандап ал.

Оюнун көрүп Динардын,
Мен өзүмчө кубандым.
Укканымды уккандай
Ырга кошуп чыгардым.

## САГЫНГАНДА АТАМДЫ

Сагынганда атамды
Альбомду ачамын.
Сүрөттөрүн өпкүлөп
Олтуруп кат жазамын.

* * *

Эң биринчи бетинде
Атам мендей бала экен.
Окшош көзүм көзүнө
Көө сүрткөндөй кара экен.

Ачсам дагы акырын,
Жигит кези келишкен.
Бир агы жок чачынын
Азыр аппак неликтен.

Карай берсем көп сүрөт
Катышыптыр согушка.
Курал сырын бүт билет
Сержант экен согушта.

Москваны коргоптур
Кыш суугуна карабай.
Мен айтпасам болбостур
Кармашыптыр аябай.

Душман мизин кайтарып
Катюшадан атыптыр.
Автоматты асынып
Окопто да жатыптыр.

Командири көп мактап
Кат жазыптыр апама.
Сүрөттөрүн бүт сактап
Жибериптир атама.

«Кызыл жылдыз» тагынган
«Даңк» орденин алыптыр.
Келген душман багынып
Кең дүйнөсү тарыптыр.

Москваны коргоптур
Фрицтерди жолотпой.
Душман жолун тороптур
Курч кези экен болоттой.

Сүйлөп берди сүрөттөр
Тил бүткөнсүп өзүнө.
Ашып ишке тилектер
Кулак сал дос, сөзүмө.

Берлинге да барыптыр,
Катюшалар атылып.
Тынчтык отун жагыптыр
Душман күлүн сапырып.

Жеңиш менен келгенде
Апам чоң той бериптир.
Мен чоңойгон жергемде
Тынчтык болсун делиптир.

Мунун баарын байкадым,
Альбомду барактап.
Кызыгы көп айтамын
Кимдер менден талашмак.

Өзү куруп жаңы үйдү
Жемиш багын тигиптир.
Өстүрүптүр көп гүлдү
Ачык сырын билиптир.

Короодо гүл, үйдө гүл
Бул атамдын эмгеги.
Көп жумуштун сырын бил
Келишет эл көргөнү.

Солубаган гүлү бар
Кышы-жайы ачылган.
Эсеби жок түрү бар
Кызыл, сары, жашылдан.

Азыр болсо атамдын
Милдетин мен аткарам.
Сөзүн угуп апамдын
Бекер карап жатпагам.

Убагында сурагам,
Саатка карап эсептеп.
Өз ишиме кубанам
Атам тиккен көчөт көп.

Жагалдаган жаңгагы
Үйүбүздүн артында.
Кыйыштырсам алманы
Биздин жердин шартында.

Бир бутагы алмурут,
Бир бутагы шабдаалы.
Ашыктарын бүт кыйып
Койсом гүлдөп жайнады.

Түйүлгөндө жемиштер
Жумшарткамын түптөрүн.
Келе бермек жеңиштер
Кебелбестен иштедим

Жай келгенде көрүп ал
Жайнап бышкан алчаны:
Жатып албай терип ал
Керек болсо канчаны.

Шагы ийилген өрүктүн
Саргайганын карачы.
Мен атама шерикмин
Мен атамдын баласы.

Атам кеткен окууга
Мичуриндин шаарына.
Алты ай болот окууда
Бүтүп келет багыма.

Багбанчылык кесиби
Карыса да тынбаган.
Жардамчым деп өзүмдү
Эмгегимди сылаган.

Сагынганда атамды
Альбомду ачамын.
Сүрөттөрүн өпкүлөп
Сүйүнүп кат жазамын.

## АЙНА КЫЗ

Чачын көрсөң Айнанын,
Бүгүн эмне таранбайт.
Төгүп алып айранын
Эки көзү алаңдайт.

Көрсөң кийген көйнөгүн,
Көөдөн сүртүп койгонбу?
Уялгандан тердедим
Айтып жатам болгонду.

Китептери чачылып,
Керебеттин алдында.
Кирип барып шашылып
Мен таңыркап калдым да.

Жуулбайт идиш-аягы,
Үйдүн ичин байкадым.
— Тазалык кайда баягы,—
Айнага башты чайкадым.

Төрдө жатат шыпыргы,
Ордун таппай калганбы?
Көрбөчү элем кыпынды
Же айтканым жалганбы?

Таарынгансып сөзүмө
Жооп бербейт Айна кыз.
Мындай дедим өзүнө:
Ойно, оку, жайна кыз.

Тазалыкты сактагын,
Тыкан болуп дайыма.
Үй жумуштан качпагын
Бак кошулат багыңа»,—

Деп сүйлөсөм жемелеп,
— Баары болот жайында.
Үч күн болду келе элек,
Апам кеткен айылга.

## КОЛДОН, ДОСУМ, ЧЫГАРБА

Көйнөгүмдүн топчусун
Кадап берди эжекем.
Айрып алган шымымды
Жамап берди жеңекем.

Дептеримди, китепти
Жыйнап берди бөбөгүм.
Кызыл жагоом байланды
Жардамы менен энемдин.

Чоң атам болсо сырткы үйдө,
Батинкемди тазалап.
Утюгдап берсе өз апам
Жакам дагы тазарат.

Калпагымды кийгизди,
Чаңын күбүп жездекем.
Чылап берди сыямды
Карындашым — тез десем.

А мен болсо ишим жок,
Кино көрүп алсамбы?
Же болбосо зоопаркка
Дароо чуркап барсамбы?

Жардамчылар көп экен
Тургунбектин үйүндө.
Тапшырма берип ар кимге
Даңазалап сүйүнбө.

Өзүңдү өзүң сыйлабай,
Кетиресиң баркыңды.
Колдон, досум, чыгарба
Эмгек деген алтынды.

## БИЗДИН КҮЧҮК СЕБЕПКЕР

Кылыч жасап жыгачтан,
Талдан мылтык асынып.
Минип алып чыбык ат
Мурат чуркайт шашылып.

Жусуп болсо түйүлүп,
Улам күчөп жүгүрүп.
Жетпей калды Кенжетай
Араң желип күйүгүп.

— Тиги калың камыштан,
Чыга калса арстан.
Башын кесип ыргытам,
Сен да, Жусуп, намыстан.

Жусуп чөптү аралап,
Чуркап жүрөт талаалап.
Балдырканды барча чаап
Эки жагын каранат.

Достор, бери баскыла,
Тез жашынып жаткыла.
Мээлеп туруп тиги итти
Башка, көзгө аткыла.

Басканын көр алаңдап,
Кызыл тили салаңдап.
Кутурган ит көрүнөт
Тиштебесин жалаңдап.

Жолдун чаңын сапырып,
Апаке деп бакырып.
Мурат барат бурулбай,
Чуркайт Жусуп ашыгып.

Көкүлгө гүл тактырып,
Көк чыбыкты ат кылып.
Тыйылбады күлкүсү —
Кенжетайдын каткырык.

— Арстанга асылган,
Апаке деп бакырган.
Эки «баатыр» жоготтум
Кылыч, мылтык асынган.

Көрдүңөрбү бөбөктөр,
Бизди сүйгөн жөлөктөр.
Качканы эки «баатырдын»
Биздин күчүк себепкер.

## ЧЫНАРАНЫН БӨБӨГҮ

Алдей, алдей бөбөгүм,
Аюу сатып беремин.
Уктап калчы унчукпай
Эртең гүл терип келемин.

Алдей, алдей садага,
Телевизор караба.
Коркунучтуу түш кирет
Көп тиктеген балага.

Алдей, алдей секетим,
Качып кетет бекер түн.
Уктай албай каласың
Терезеден чыкса күн.

Алдей, алдей ашыкпа,
Бекер ыйлап жашыкпа.
Кетип калды мышыгың
Келбей коёт бат укта.

Алдей, алдей ынагым,
Көзүңдү жум, чыдагын.
Уктабасаң өчүрөм
Үйүбүздүн чырагын.

Алдей, алдей бөбөгүм,
Сага даяр белегим.
Уктап калчы унчукпай
Эртең айтам себебин.

Уктап калды Умсунай,
Ууртатканда таттуу чай.
Жетиде Чынар эжеси
Таптай берди тынчыбай.

## ТОКУП КОЙДУМ АТЫҢДЫ

— Ойгон, кызым, ойгонгун,
Көп уктаба, тура гой.
Апаң кеткен жумушка
Төшөгүңдү жыя гой.

Көтөрүлүп күн чыккан,
Жерге чачып шооласын.
Жалтылдаган күмүштөй
Карап көрчү тоо башын.

Бол, садага, тур ылдам,
Тарап алгын чачыңды.
Биз токойго барабыз,
Токуп койдум «атыңды».

Арашандын ак булак,
Чыккан жерин көрөбүз.
Кожогаты көп болот,
Себет толо теребиз.

## БЕЛЕК

Жаңы эле март келгенде,
Карлар эрип жер-жерде.
Кызыл гүлгө таң калдым
Суу боюнан көргөндө.

Күн нурунан ачылып,
Кайдан келген шашылып.
Кар астында жатканбы
Кышкы сууктан жашынып.

Үлгүрүп үзүп алсамбы,
Үйүмө алып барсамбы.
Аркы-терки мен бастым
Экинчи гүл каршы алды.

Аппактыгы ченде жок,
Мындай гүлдөр элде жок.
Эркелетип бийлеткен
Эрмек кылып шамал шок.

Булар кайдан келишти,
Уругун ким себишти.
Өзүм үчүн табышмак
Мен чакырдым Жеңишти.

— Бул гүлдөрдү карасаң,
Сырын билбей адашам.
— Буу чыкканын көрдүңбү
Тогуз булак арашан.

Ошол жерден жылуулук
Ошол суудан сулуулук.
Канча жааса кар жукпайт
Жылуу булак куюлуп.

Келгем өткөн жумада,
Чыккам тиги кыяга.
Таш боорунан гүл көрүп
Жете албай болгом убара.

Ошондон бери басканда,
Мектепти көздөй шашканда.
Көргөнмүн ушул гүлдөрдү
Көргөн биздин башкарма.

— Бул гүлдөрдү байкагын,
Түшүнсүн деп айтамын.
Үзүп алба үлгүрүп,
Түрткүлөсө шайтаның.

Касиеттүү кызыл гүл,
Кол тийгизбес ысык гүл.
Мугалимден сурап көр,
Табигаттын сырын бил.

Агайдан сурап алганмын,
Билгенмин булак жардамын.
Арашандын күчүнөн
Ачылган гүл, ардагым.

Эми менин кеңешим,
Дагы ачылат көрөсүң.
Үч күндөн кийин келели
Ошондо өзүң бөлөсүң.

Таң атпай эрте келебиз,
Экөөлөп гүлдөн теребиз.
Апабызга ардактап
Белек кылып беребиз.

## КОЙСОҢЧУ, ДОСУМ

Коңгуроону укканда,
Осмон турду секирип.
Коридорго чуркады
Болсо дагы чекилик.

Жолдошуна карабай,
Жетип барды буфетке.
Болгон сымак таламай
Кыйкырык чуу, күчөтмө.

— Мен биринчи: айран бер,
Үйдөн тамак ичпегем.
Тиги аппак нандан бер,—
Кыйкырат ал күч менен.

Көздү ачып-жумганча
Ооз толтуруп сугунуп.
Элеңдеп эс жыйганча
Тамагына тыгылып.

Какап, чакап, бышкырып,
Чала жутуп айранды.
Сыртка чыкты ышкырып,
Көрдүм Осмон тайраңды.

Көрүнгөндү түрткүлөп,
Ойногону башкача.
— Осмон гүлдү үздү деп,—
Курман чыгып тактаса.

Түйүп алып муштумун,
Көрсөтөм деп чаңырды.

— Жөн жүрсөңчү кузгунум,
Жакшы билем алыңды,—

Деп айтканча Осмонум,
Мушташууга жулунуп.
Тилдеп кирди досторун
Кызырандап буулугуп.

Өз күчүнө ишенип,
Атырылып калганда.
Ачууланып күчөнүп
Асанбайды чалганда.

Өзү барып жыгылды,
Жатып калды туралбай.
Кууган сымак куюнду
Жалаа жабат уялбай.

— Чатагыңды кой десем,
Аңырандап болбоду.
Кемчиликти жой десем,
Айтканды угуп койбоду.

Шыңгырады коңгуроо,
Чуркап кирди класска.
Айтпайсыңбы болду го,
Калтырбастан уятка,—

Дегенче болбой Осмонум,
Мүдүрүлүп жыгылды.
Карап турат досторуң,
Партага тийип урунду.

Чекеси кетти кызарып,
Отко кактап салгандай.
Ошондо да кычанып,
Жөн жүрбөдүң балдардай.

Үч күндөн кийин үшкүрүп,
Сындырып алдың бутуңду.
Жатасың үйдө чүчкүрүп,
Баатырлыгың ушулбу?

## КАНЧА КҮЛСӨМ ЖЕТЕТ КҮН

Илгери бир дыйкандын
Эки өгүзү болуптур.
Жеңил-желпи иштерге
Эшегин бөлүп коюптур.

Жер бетинен кар кетип,
Жаз жаңыдан чыкканда.
Жер айдоого күн жетип,
Көкөлөп куштар учканда.

Баба дыйкан сокосун,
Шаймандарын даярдап:
— Эки өгүздү кошосуң,
Таң атканда бир айдап.

Атасынын бул сөзүн,
Асан бала аткарып.
Өгүздөр эми иштесин,
Кош айдообуз башталып.

Күндөрдүн бир күнүндө,
Өгүздөр турат байланып.
Күн батканда, иңирде
Бир өгүз сүйлөйт камданып:

— Аябай бүгүн чарчадым,
Жонумдан ымшып тер чыгып.
Чөп жей албай чакадым,
Тамагыма жел туруп.

Анда эшек акырын,
Кулагыңды сал деди.
Жок экен го акылың
Эртең ооруп кал деди.

Макул болуп айтканга,
Эртеси өгүз турбады.
Ээси келе жатканда
Жөтөлүп, онтоп ыйлады.

— Кара өгүз ооруп калыптыр,
Эми кандай кылабыз.
— Сиз өзүңүз барып тур,
Эшекти алып чыгабыз.

Эшекти коштоп өгүзгө,
Калган жерди айдашты.
Үрөндү сээп тегизге,
Кечинде үйгө байланды.

Ооруп калган кара өгүз:
— Кандай иш,— деди эшекке.
— Жумшак экен жер семиз,
Тамак барбайт өзөккө.

Чынын айтсам чарчадым,
Эс алдырып албады.
Суусагандан чаңкадым
Кымындай алым калбады.

Бирок мен бүгүн капамын,
Эң эле жаман сөз уктум.
Сага айталбай жатамын
Коркконумдан тез уктум.

«Ооруп калган өгүздү,
Айыкпаса соёбуз.
Аткарчу эле көп ишти,
Этин туздап коёбуз».

Ушул сөздү укканда
Түшүп калды жүрөгүм.
Үйдү көздөй чыкканда
Сага айтсам деп тиледим.

Коркконунан кара өгүз
Тура калды ордунан.
Бир заматта айыкты
Кандай таттуу тирүү жан.

Узун кулак эшектин
Айткан сөзүн тыңдадым.
Канча күлсөм жетет күн
Бир каткырып жыргадым.

## КЕРЕКПИ

— Ооруп калды башым,—
Ыйламсырайт Ашым.
Алдыр десе болбойт
Өсүп кеткен чачын.

Кетип калды күчүм,
Сыздайт азуу тишим.
Күнү-түнү кулдурайт
Эмнегедир ичим.

— Чакыртайын врачты,
Ооруганың ыраспы?
Ата-энеси жалдырап
Ашымтайдан сурашты.

Кабак-кашы бүркөлүп,
Жатып алды чүмкөнүп.
Оозуңду ач, азууңа
Чесноктон сүртөлүк.

Уктап калды унчукпай,
Бир азыраак чыр чыкпай.
— Башыңды ачып жатсаңчы,
Буйдаланып тумчукпай.

Ашымдан жооп чыкпады,
Коңурук тартып уктады.
Апасынын жүрөгү
Баласын аяп сыздады.

Атасы врач чакырды,
Карап жатты Ашымды.
Жазып берди рецеп:
«Алдыр, Ашым, чачыңды».

— Мектебиңе жөнөгүн,
Эртең келип көрөмүн.
Жалкоолор иччү дарыдан
Керекпи, жазып беремин.

## МАКТАНГАНДА ЖАЙЫКТӨШ

Менин атым Жайыктөш,
Керек болсо сүйлөйм сөз.
Ойлонуп баш оорутпай,
Опузалабай ылдам көч.

— Жөнү жоктон шаштырба,
Утамын деп азгырба.
Мен да билем шахматты
Талашпагын, жазгырба.

— Пешка менен мат коём,
Королуңа тап коём.
Слонуңду көчпөсөң,
Сугалак деп ат коём.

Тиктеп калды Жайыктөш,
Атын алды турбай, тез.
— Эмне кылсам өзүңдү,
Мага кезек келген кез.

Офицерин жылдырып,
Ал слонду тындырып.
Жүрүп калды ферзаны
Кылычтарын сундуруп.

Анда күлүп Жайыктөш,
Ойногонду билсең сез,
Жылдырганда королун
Ашым үчүн болду кеч.

Болгон ишти айталы,
Ашым башын чайкады.
Алга жүрүп пешканы
Жайыктөштү байкады.

Эки жеңин түрүнүп,
Эпчилдиги билинип.
Атын дагы секиртти
Өзү кошо түйүлүп.

— Ойлонуп көр эй бала,
Досканы бүт кара.
Жеңилесиң эми сен
Калбай калды түк чара.

Ууртунан күлгөндө,
Слонду Ашым жүргөндө.
Жайыктөшүм мат болду
Адаты бар жинденме.

Тилдеп алды Ашымды,
Көрсөтөм деп качырды.
Дагы ойносоң жеңемин,
Мелдешүүгө чакырды.

Адаты бар жашырма,
Агы тийди Ашымга.
— Аттарыңды туура кой,
Жайыктөшүм, шашылба.

Карап турду Кадырбек,
Келип калды Садырбек.
Ашым болсо адашпай
Офицерин жүрдү тек.

Жайыктөшүм жалдырап,
Ферзасын ал алдырат.
Үч ойноп, үч жеңилип
Сыртка чыкты шалдырап.

## КОНСЕРВАНЫН ЧЕЛЕГИ

Сөзгө чечен Кадырбек,
Сүйлөгөнү дайым эп.
Пионердик сбордо
Айтып калды мындай кеп.

— Жаадыраган жаз келди,
Быйылкы жаз бат келди.
Күлүмсүрөп күн жылып
Гүлдөткөндөй бүт жерди.

Эми кезек биздики,
Биргелешкен күчтүкү.
Дайым талбас күжүрмөн
Таалим берчү иштики.

Эмгегибиз болсун оң,
Алдыбызда милдет чоң.
Биздин класс биринчи
Чогулткандан металл-лом.

Дайым алда келебиз,
Башкаларды жеңебиз.
Беш тоннадан жыйноого
Убаданы беребиз.

Жакшы сөздөр айтылды,
Көрүп алгын Жаркынды.
Төрт дөңгөлөк, жез самоор
Таразага тартылды.

Андаш менен Нуралы,
Бекер карап турабы.
Тапкандары керебет,
Казан сынган кулагы.

Улан жүрөт сүйүнүп,
Этек-жеңин түрүнүп,
Эки мала, бир чара
Сүйрөп келди күйүгүп.

Үйүлгөн металл сыныгы,
Балдардын жыйган буюму.
Сегиз тонна, кырк кило,
Активдүүлүк чыныгы.

Ошол кезде Кадырбек:
— Мындайсыңар баарың деп.
Өлкөбүзгө металл-лом
Билесиңер керек көп.

Бул аз экен дебегин,
Менин да бар белегим.
Кошуп койду үймөккө
Консерванын челегин.

Анда Жаркын көз кысып:
— Ишке ашпаган сөз кызык.
Көп сүйлөгөн Кадырбек
Жоктон көрө бөз кызык.

## МЫШЫГЫМ

Менин кара мышыгым,
Көрүп алгын кызыгын.
Соймоңдогон жылаандай
Куйругунун узунун.

Сыртка чыксам аңдыды,
Чычкан көрүп калдыбы.
Жата калды бүкчүйүп
Бир нерсени чалдыбы.

Байкаштырсам баятан,
Кандай болот тамашаң.
Терип нандын күкүмүн
Эки чымчык карасам.

Чөп аралап чүкчүйүп,
Амалын таап бүкчүйүп.
Эки көзү жумулбай,
Кулактары тикчийип.

Улам жылып акырын,
Кара мышык баатырым.
Чымчыктар да сезди окшойт
Коркунучтун жакынын.

Мышык аңдыйт бекинип,
Мен ойлоном чекилик.
Тепти чымчык тумшукка
Коркконунан секирип.

Экинчиси элеңдеп,
Канаттарын белендеп.
Качырууга мышыкты
Даярданып тебем деп.

Баатырсынган мышыгым,
Жарабайт ко ушунуң.
Кире качты короого
Көрүп чымчык кызыгын.

Алаңдабай байкагын,
Кулак салгын айтаарым.
Чычкан эмес баары эле
Баатырсынба байкагын.

## ТАЛАШТЫ

Ырга толуп айланам,
Бардык жер жазга айланды.
Жыпар гүл жыттап кармагам
Өткөрүп баштан сайранды.

Тынч күн. Булак шылдырап,
Ашыкмын, булбул, үнүңө.
Чагылган кулак тундурат
Чакырып мени сүйүүгө.

Жаштыгым келип бирпаска
Көрүнүп көзгө адашты.
Олтуруп калсам кой ташка
Неберем таяк талашты.

## КУУРЧАК — ТУРМУШ

Неберем ойноп куурчакты,
Таң атар менен тургузат.
Кийиндирип кийимин
Бети-колун жуугузат.

Тамак берет, сүт берет,
Ичпесе да зордуктап.
Эркелетет өпкүлөп
Бети, башын бүт жыттап.

Кеч киргенде жаткызат,
Төшөк салып уктатып.
Өзү да уктайт үргүлөп
Куурчак менен жытташып.

Неберем ойнойт куурчакты,
Мен болсо ойго батамын.
Куурчак — турмуш, ата-эне,
Төрөлөөр бир күн чөбүрөм,
Мен болсо ырлар жазамын.

## ТУШОО КЕСҮҮ

Тушоо кесүү өзүнчө бир жакшы адат,
Күлүк балдар катар туруп жарышып.
Чыгып келген эң биринчи байгени
Тушоо кесип энчисине алышып.

Бир жашында буттан тушоо кесилип,
Күлүк бол деп небереме тилешет.
Ойноок балдар кызыганы сезилип
Эки-экиден кучакташып күрөшөт.

Ошол кезде сүйлөп калды чоң энем,
Чөбүрөсүн аркы-терки жетелеп.
Айткандары анча-мынча эсимден
Орун алган, унутулуп кете элек.

«Тай жетпеген күлүк бол,
Артта калсын кыйындар.
Караңгыда билик бол,
Жарк дей түшсүн жыйындар.

Мүдүрүлүп жыгылба,
Жердин шарын басып өт.
Алай, Памир, Тянь-Шань,
Ала-Тоону ашып өт.

Күчүң болсун билекте,
Адырандап шашпагын.
Кептин баары жүрөктө,
Билип алгын, аппагым.

Өмүр бою түз баскын,
Булганычты тепсебе.

Айкүр түшпөс чүкөнү
Колуңа алып өкчөбө».

Түшүндүңбү, же жокпу,
Күлүп койду неберем.
Неберемди көрбөсөм,
Иштей албай эригем.

## БАЛА КЕЗИМДЕ

Кичине бала кезимде,
Башкача эле табигат.
Азыр деле эсимде
Жүрөгүмдө калган жат.

Күн чыгаар менен күлкү эле,
Айланам шаттык, каткырып.
Талаа, тоо кошо жүрчү эле
Чурка деп мени азгырып.

Аалам да күлүп тургандай,
Көзүмө кызык көрүнчү.
Жансыз таш күлүп, чөп күлүп,
Күлкүлөр жерге төгүлчү.

Булак да күлүп булдурап,
Сай-сайда аккан суу күлүп.
Коңгуроо күлүп шыңгырап,
Асманда учкан куу күлүп.

Кичине бала кезимде,
Башкача күлгөм өзүм да.

Азыр да менин эсимде,
Башкача чыккан сөзүм да.

Көрсө анда балалык
Башкарган менин өзүмдү.
Ал күндөр өттү саналып,
Жалынсам укпай сөзүмдү.

## НЕБЕРЕМ

Жаңы баскан неберем,
Үйдөн сыртка ашыгат.
Таап алгыла мени деп,
Бак аралап жашынат.

Бышып түшкөн алманы
Таап алдым деп сүйүнөт.
Эми жашын, ата, деп
Мени көздөй жүгүрөт.

Жаңы баскан неберем
Күндү көрүп күлүңдөйт.
Апам келди кызматтан
Ой, чоң ата, сүйүн дейт.

Үйгө кирип күлүңдөп:
— Сен чоң атам, билемин.
Чоң атам бар дагы бир —
Анын аты Ленин!

## ТӨРТҮНЧҮДӨН КӨЧСӨ ЭКЕН

Жакшы окуган Жумабай,
Сабагынан «беш» алып.
Кайдан келди «экилер»
Күндөлүккө ат салып.

Түшүнбөдүм амалын,
Күндөлүгүн карадым.
Катар-катар «экилер»
Жообун кайдан табамын?

Көрсө агасы айылга
Кеткен экен кайынга.
Жумабайдын эсебин
Чыгарчу экен дайыма.

Жазгандарын көчүрүп,
Каталарын өчүрүп.
Агасы оңдоп койчу экен
Чынында бул чекилик.

Жакшы окуган Жумабай,
Агасы жок куурады ай.
Төртүнчүдөн көчсө экен
Сыноосунан кулабай.

## ТҮЛКҮ МЕНЕН КАШКУЛАК

(Жомок)

Токойдон балды жыйнашып,
Токтобой эмгек кылышып.
Кашкулак, түлкү достошту
Ачыгын айтып чыгышып.

— Жалдырап жалгыз жүргөнчө,
Башкага баш ийгенче.
Биригип оокат кылалы
Билинбей кыш киргенче.

Оокатты бирге табалы,
Төшөктү бирге салалы.
Ажырашпас, айрылбас
Бир тууган болуп калалы.

Кашкулак да каранып,
Бети, башын таранып:
—Кызыл элең кышында
Калыптырсың агарып.

— Балды экиге бөлөлү,
Даамын татып көрөлү.
Артып калса азыраак
Аюуларга берели.

— Бөлбөй туруп жесекчи,
Берейин сага кезекти.
— Бөлгөнүбүз жакшы го,
Же бөлбөй эле жесекби?

Эки дос балды талашып,
Элеңдешип карашып.
Түлкү сунуш киргизди
Кашкулак доско жол ачып.

— Бүгүн үйдөн чыкпайлы,
Чүмкөнүп алып уктайлы.
Убаданы бекемдеп,
Убараланып бузбайлы.

Талашып балды болбой дал,
Айтканыма кулак сал.
Эгер сен жакшы түш көрсөң,
Бөлүп жүрбөй баарын ал.

Мен да уктап түштү көрөйүн,
Бал меники дебейин.
Жакшы болсо көргөн түш,
Чатакташып салбай күч,
Буюрганын алайын
Айтканыма көнсөң түз.

— Бул сөзүңө макулмун,
Туурасын айттың акылдын.
Уйкум келип баратат
Түш көрүшкө баатырмын.
Колу-буту керилет,
Көзүн жуумп мемиреп.
Уктап калды кашкулак
Жеңемин сөзсүз сени деп.

Уктамыш болуп түлкү да,
Бул өзүнчө күлкү да.

Коңурук тартып кашкулак,
Кылган иши чийки да.

Түлкү болсо акырын,
Туруп алып баатырым.
Балдын баарын жеп салды:
— Уктай бер, досум, асылым.

Өзү да салып төшөгүн,
Уйкунун берип кезегин.
Ичинен күлүп жылмайып
Жатып калды чечинип.

Бир аздан кийин кашкулак,
Ойгонуп кетти таш кулап.
Жатканын көрүп түлкүнүн
Түрткүлөп тур деп шаштырат.

— Уккун менин түшүмдү,
Түшүмдө көргөн ишимди.
Бир чоң тойго катыштым
Өзүмдүн сынап күчүмдү.

Аябай тойдум, жыргадым,
Обон салып ырдадым.
Баарынан көп көрдү окшойм
Ошол тойдун жыргалын.

Дасторкону жайнаган,
Казанда эти кайнаган.
Өрүк, мейиз жеп жаттым
Шабдаалы, жүзүм, алмадан.

Аябай ичтим кымыздан,
Сыйлашып вино сунушкан.
Куйрук, боор келди бир кезде,
Жууратты түндө уюткан.

Көбүнүн атын билбеймин,
Чындыгын сага сүйлөймүн.
Тамада болдум башкарып
Тартипке баарын үндөймүн.

— Туура айтканың, жан досум,
Ишиңди кудай оңдосун.
Мен дагы барып ал жерге,
Киргизбей койду жолдошуң.

Көзүм өтүп тамактан
Ичсемби деп шараптан.
Аракет кылдым жакшы эле
Киргизбей койду жаракчан.

Шилекейим куюлуп,
Короодон чыгып бурулуп.
Сен тойгонго кубандым
Үйгө келдим буулугуп.

Ачкадан кантип турайын,
Айта бер, сөзүң угайын.
Армандуу болуп ал сурап
Аландап кантип чыдайын.

— Айта бер дейсиң сөзүңдү,
Көргөнүм чын өзүңдү.
Курсак тоюп кулпунуп,
Көрдүңбү менин жешимди.

— Көргөндөн айтып жатамын,
Алыска кетти атагың.
Жан досум тойдон тойду деп,
Кумараны ачамын.

Тамада болдуң көрө алдым,
Үйгө келип дем алдым.
Кашкулак досум тойду деп,
Балды жалгыз жеп алдым.

## ЖОМОГУМГА КУЛАК САЛ

Чымыны бар, дөөсү бар,
Аппагы бар, көөсү бар.
Тайлагы бар, нары бар.
Анда эмесе баштайын,
Айтканымды тактайын.
Абайлайын, шашпайын,
Баарыңар тынч олтуруп,
Жомогума кулак сал.

* * *

Тигил Алай тарапта,
Кедей жолдо баратса.
Уктап жатат жаракчан,
Түшкөнсүп түндө талашка.

Ар жагында үңүлүп,
Кол салсам деп сүйүнүп.
Шилекейин агызып
Келген окшойт күйүгүп.

Кызарган эки көзүнөн
Жырткычтыгы билинип.
Карап калды кедейим,
Карышкырга тигилип.
Уктап жаткан адамдын
Жанына жетти жүгүрүп.

Этек-жеңин тартса да,
Туруңуз деп жатса да.
Уйкусурап ойгонбойт
Байкуш кедей шашса да.

Уйкуга кеткен терендеп
Эми гана элеңдеп.
Көзүн ачты көңүлсүз,
Кынындагы шамшарын
Ала койду белендеп.

— Карышкырды көрдүңбү,
Өзүңдү аңдып жатканын.
— Бир эмес үчөө турбайбы,
Карачы тиги качканын.

— Чоң ыракмат өзүңө,
Чен тагамын төшүңө.
Алып калдың жанымды,
Аябаймын малымды.
Уялбастан угуп тур
Айта турган сөзүмө.

Бир куржун көзү акчам бар,
Билип үйдү тапсаң бар.
Тетиги тоонун оюнда,
Чоң дарыя боюнда.

Ар жагында кызыл жар,
Бер жагында өскөн тал.
Сен болбосоң карышкыр,
Жемек эле өзүмдү.
Карга, кузгун калтырбай
Чокумак эле көзүмдү.
Дагы бир жолу айтамын
Угуп тургун сөзүмдү.
Өзүң жалгыз келбегин,
Капырай жаман тердим.
Ишенимдүү кишиңди
Ээрчите кел, эрте кел.
Узун өмүр жашагын,
Алыс кетсин атагың.
Балдарыңдын күнүн көр.
Жүзгө чыкпай өлбөгүн,
Кана бергин колуңду,
Арбытайын жолумду.
Кадырлап конок кылайын,
Даярданып турайын,
Тандап союп коюмду.

... Болгон ишти болгондой
Ач курсагы тойгондой.
Айтып жатты үйүндө
Өзү койду сойгондой.
Ишеничтүү бир киши,
Өзүң менен келсин дейт.
Байлыгымды, урматты
Байкап бирге көрсүн дейт.

Кандай дейсиң, ойлочу,
— Жөн убара болбочу.

Өзүм кошо барайын,
Конок болуп кобурап
Мен да жыргап алайын.

Менден башка кимиң бар,
Мелтиребей тилими ал.
Кошо барса сен менен
Колуң кармап сүйгөн жар.

— Мейли эмесе болуптур,
Анда эртең жөнөдүк.
Чын кудайдын бергенин
Чындап чогуу көрөлүк.

* * *

Конок болуп аябай,
Тайраңдашып баладай.
Ичип жатты кедейим
Курсагына карабай.

Бир убакта үргүлөп
Уктаганын билдирет.
Тамашалап үй ээси
Түркүн сөзгө күлдүрөт.

— Капкара экен кашыңыз,
Кундуз экен чачыңыз.
Мүмкүн болсо билсем дейм
Ким экен сиздин атыңыз.

Күлүмсүрөп: — Гүлайым,
— Жакшы ат экен жүр, жаным.
Байлыгымды бил, жаным.
Ички үйдү көрүңүз,
Ишене бер, кир, жаным.

Ушул сандык толтура,
Акча менен алтынга.
Сунушум бар угуп кой,
Өзүң билген кийимден
Сатып алгын, жаркылда.

— Түшүнбөдүм сөзүңө.
— Бери кара өзүмө.
Өмүр бою жакшылык
Көргөн эмес окшойсуң.
Гүлдөш керек жашчылык
Сүрдүү сүйүү гүлүнөн
Терген эмес окшойсуң.

Чочубагын угуп тур:
Өмүр бою кор болуп,
Өз турмушуң тор болуп.
Жүргөндөр бар турмушта,
Акча менен зор болуп.
Акылдашып чоң болуп
Күлгөндөр бар турмушта.

Ушул эки турмуштун
Ортосунда турасың.
Азыр айтам бир сөздү
Абайлайсың, угасың.
Макул болсоң, өзүмө
Аялдыкка чыгасың.

Айтканыңды аткарам,
Өзүң менен шаттанам.
Менин ушул үйүмдү
Башка адамдар баспаган.
Баш бакпаган жатпаган,
Сүйүп калдым өзүңдү,
Уккум келет сөзүңдү,
Сиздей жаркын алтынга,
Бүткүл элге мактанам.

— Менин тиги күйөөмчү,
— Күйөөң уктап жатпайбы.
Азырынча шашпайлы.
Убада кылып, ант алып,
Болгон ишти тактайлы.

Мындай менин сунушум,
Сунушуң да курусун.
Жактырамын өзүңдү,
Жыттайын дейм төшүңдү.
Жүрөгүңүз дүкүлдөйт,
Байкап турам баарысын
Бакырайган көзүңдү.

Уктап жатат күйөөңүз,
Курч бычакты аласыз.
Кекиртекке саясыз.
Калганын өзүм бүтүрөм,
Эч кимге жик билгизбейм,
Анын баарын түшүнөм.

— Мейли,— деди баш ийип,
Бычак алды колуна.
Уктап жаткан күйөөсү

Келди эми оңуна.
Такаганда бычакты
Үйдүн ээси бакырды.

— Тура гой, байкуш кедейим,
Кантип алып жүрөсүң
Мындай жаман катынды,
Ортоңку үйгө чакырды.

Алып калдым ажалдан,
Аз болсо тозок кетмексиң.
Бул дүйнөдөн ак бойдон
Күн мурунтан өтмөксүң.

Менин дагы жанымды
Алып калды азамат.
Сенин дагы жаныңды
Ак өлүмдөн тазалап.

Экөөбүздүкү тең болду,
Убадабыз жөн болду.
Албайсың го акчаны
Кыйкырганым эм болду.

Мен унчукпай койгондо
Соёт эле катының.
Такыр эле жок беле
Аялыңдан жакының.

Аялы турат алайып,
Колунан түшкөн бычагы.
Кабагын бүркөйт карайып,
Көтөрүлгөн көңүлүн
Көрүнбөс кишен тушады.

Эч бир сөз ашык айта албай,
Сыртка чыкты жалтанбай.
— Эмнеге эрип кеттим мен
Ээрчип келип шайтандай.

Ушинтип жомок аяктап,
Аялын кедей таяктап.
Үйлөрүнө келишти,
Кеткендей бирөө, жолунан
Акчасын алып карактап.



# Көз нурларым

## ЛЕНИН ДЕП ИШ КЫЛАМ

I

Мен бир кызык адамдардын өкүлү,
Жолго салган бул турмуштун өкүмү.
Төрөлгөндө атам, апам кубанган
Өмүр тилеп, киши бол деп өзүмдү.
Көпкөм мен да бойго жеткен кезимде,
Төшкө коюп кыйынмын деп өзүмдү.
Болот тура көпкөн кезде эсирүү,
Тийген далай эсирүүнүн кесири.

II

Ал мезгилден ашып өттүм, алдадым,
Курбулардан кубалашып калбадым.
Тийип мага аба сымак жардамың.

Турмуш мени, мен турмушту чанбадым,
Чындык жеңди, чындык элдин ишинде.
Чындык жеңет коё бербей кармаган.
Чындык менен мамлекет курулат,
Чындык менен киши болот балдарың.

## III

Ой-санаалар келе берет чубалып,
Бири кайгы, бири жыргал кубанып.
Бири-келет өйдө-төмөн табышмак,
Бири келет дептер толо ыр алып.
Табигаттын күчүн сынап көрө бил,
Турмушуңда күрөшүп өт сыналып.
Турмуш — күрөш, турмуш — талаш,
турмуш — ой,
Орто жолдо кала бербе уялып.
Өрттө өсүп өлүм менен кармашып,
Жеңип чыккан Корчагиндер туу алып.

## IV

Чагылгандар оттой учуп жарышып,
Кулагандай тоодон аска кагышып.
Жетим элем, адам кылды далайды
Балдар үйү бапестешип багышып.
Болду далай жолдон жолтоо кылгандар
Уйгак сымак этек-жеңге жабышып.
Коё берип бизди көздөй, көрө албас,
Шимшилешип айдактап ит агытып.

## V

Биз алардын булганч жолун баспадык,
Баштарынан кадам шилтеп аттадык.
Жолдон чыкса, кайсалактап торосо,
Тике бардык, теше тиктеп, качпадык.
Кармашканда өпкө-боорун куушуруп
Өлкөбүздү өрттөн, оттон сактадык.
Ленинден таалим алып таасирдүү,
Лениндин илиминен жаттадык.
Тараттык биз ураан кылып көтөрүп,
Лениндин чапкан жолун мактадык.
Эл мактады, жер мактады күрөштү,
Ал күрөштү алтынга да сатпадык.

## VI

Ал анткени биз өзүбүз алтындан,
Элди сүйгөн, эркти билген жалчыдан.
Жерден, суудан уч-кыйры жок асмандан.
Таалай издеп, бакыт издеп алчудан.
Ата-журтту, Ленин берген мекенди
Түбөлүккө коргоп, сактап калчудан.
Келечектин кенен жолун, дубалын
Кемтиги жок келишимдүү салчудан.
Коммунизмди Ленин кандай көрсөтсө
Так ошондой талыкпастан барчудан.
Өжөрлөнгөн, бөгөт болгон эмеден
Өмүр жумшап, өрттөн да өч алчудан.

## VII

Алдык өчтү эзүүчүлөр табынан,
Өлкө куруп, байлык куруп жаңыдан.

Күрөштөрдөн жеңип келдик от болуп
Партиянын колун кармап жаңы улан.
Аткарылды алдыдагы максаттар
Түзүп алган түз жолдогу алп-план.
Качан болсо Ленин менин оюмда,
Качан болсо Ленин деп иш кылам.
Планетам Ленин деп дем алат,
Лениндик улуу жолдо түз турам!

## КӨЗ НУРЛАРЫМ

Акырындап айланама карасам,
Толкундаймын жүрөк жалын-арашан.
Күндү туурап, күндөн аны үйрөнгөм
Көз нурларым жеткенинче таратам.

Көз нурларым тоого барып жабышты,
Токсон түркүн гүлдөр тосуп алышты.
Көпөлөктөр канатына сыйпашып
Гүлдөн-гүлгө үлпөт кылып жарышты.

Көз нурларым бир-бирине озунду,
Сүттөй карга жуурулушуп кошулду.
Бийиктикке, көтөрүлүп чокуга
Улам алыс учу жоктой созулду.

Тоодон ылдый түздүктөргө тиктедим,
Келет менин кебелбестен иштегим.
Замандаштар «сен элүүгө чыктың» дейт,
Мен ишенбейм, чындыгында жүздөмүн.

Жок, мен жүздөн бала кезде ашкамын,
Эсептеп көр туура беш жүз жаштамын.

Көз нурларым көпчүлүккө баяндайт
Көп күч жумшап күндөлүккө жазганын.

«Төрөлгөндө үйүм жыртык үй эле,
Шамал жүрсө титиреөчү тим эле.
Өз тарыхын, өз өлкөсүн билбеген
Алсыраган анда кыргыз ким эле?

Ой-максаты оокат эле, тар эле,
Жылт-жылт эткен тилектери бар эле.
Өз айлынан өмүрүндө чыкпаган
Өз чоң атам жүзгө чыккан кары эле.

Чоң атамдын ошондогу айтканы,
Көз нурларым карегине жазганы.
Окуп берем ой жүгүртүп угуп тур,
Эске салбай мен айткандан башканы».

—Жүзгө чыктым, бирок жүзүң курусун,
Өмүр бою айдаганым буурусун.
Күн жаабаса чыкпайт сепкен үрөнүң
Бул турмуштун муңга баткан кулусуң.

Элиме деп эч нерсени кыла албайм,
Тигил тоонун дарыясын бура албайм.
Же бул жакшы, же бул жаман киши деп,
Акылдуудан, акылсыздан сыналбайм.

Жүрө берем тирүүчүлүк эрмегим,
Шаар дегенди барбы, жокпу көрбөдүм.
Айылдаштар аксакал деп сыйлашат,
Ошол гана сый-сыпатым көргөнүм.

Жүзгө чыктым, жүз күнгө да татыбайт,
Көрөңгөсүз арпа жарма ачыбайт.
Эрибесе тоодо жаткан мөңгүлөр,
Арыктагы жылжыма суу ташыбайт.

Чоң атамдын айткандары эсимде,
Көптү көрдүң көз нурларым, сезимде.
Бүт дүйнөнү чарк айланып кыдырдым
Сүрөттөрү байкасаңар көзүмдө.

Мен ыр жаздым, ал ырларым кубанды,
Кырк бир улут кызыгышып чыгарды.
Кырк миллион адам окуп кыргызды,
Кырк миллион адамдардан сыналды.

Кыргызымдын карап көрсөм картасын,
Көз нурларым, сүрөт кылып тартасың.
Кызыктырды көрүп жүрүп эл менен
Кызыл жүктү өз жонуңа артасың.

Кыргыз менен жеңиштерге мактанам,
Кылган ишиң тарых бети тактаган.
Аз болсо да үлүшүм бар менин да
Билгенимди өз үйүмө катпагам.

Өркүндөтүп өздөштүрүп билимди,
Техниканы ийик сымак чимирди.
Уюшулган улан-кыздын күчүнөн
Улуу тоолор этек-жеңин түрүндү.

Карап көрсөң калк жашаган айылды,
Кереметтүү көз нурларым жаңырды.
Ар бир үйдө майрам болуп жаткандай
Жазгым келет жаңы китеп, жаңы ырды.

Кыдырганда туулуп өскөн жергемди,
Мен бир күндө кыргызымдан көргөндү.
Көргөн эмес миң жылдары бабамдар
Кыргызыма кимдер бакыт бергенди.

Жеңиштерге төрөлгөндөн күбөмүн,
Мен советтик, коммунисттик бүлөмүн.
Бир жумада көргөндөрүм бир жылдык
Ошондуктан мен беш жүзгө чыктым деп,
Ырга кошуп, ырга жазып жүрөмүн.

Акырындап айланама карасам,
Коммунизмге элим менен баратам.
Көз нурларым жаңы доордун төрүндө
Келечегим турмуш тунук таразам.

## ТАЛАП КЫЛСА

Күрөш менен от ичинде өскөнмүн,
Тилегиме окоптордо жеткенмин.
Жеңиш туусун Европада көтөрүп
Чоң Берлиндин көчөсүнөн өткөнмүн.

Дыңды бузуп айдоо менен басканмын,
Тракторго кызыл желек такканмын.
Кызылы көп, кыздары көп кырманда
Түшүм жыйнап түнөп, уктап жатканмын.

Жылдыздардан көчө жасап учамын,
Кораблде космос менен сызамын.
Талап кылса Ата-Журтум — өз элим,
Коммунистмин — бардык жерде утамын.

## ЖАРКЫРАГАН СӨЗ ТУРАТ

Эки дарыя эки колдон бүткөндөй,
Эки жылга агып ылдый түшкөндөй.
Шаркыратма орто жолдон кошулуп
Эки дарыя эки чоң күч күткөндөй.

Эки дарыя бир өзөнгө кошулуп,
Шаркыратма шашат, ташат жыгылып.
Ушул жерге карыялар келчү экен,
Түлөө кылып күн жаабаса сыйынып.

Эми барсам жарык чачып ГЭС турат,
Карай албай кара айнексиз көз тунат.
Чолпонбайдын атында деп жазылган
Чолпон сымак жаркыраган сөз турат.

## ҮЙДӨН — ҮЙГӨ

Үйдөн — үйгө, көчөлөрдөн — көчөгө,
Таң атканда күндүн нуру чачылат.
Ала-Тоонун абасынан суранып
Ар бир эшик, терезелер ачылат.

Үйдөн—үйгө, көчөлөрдөн—көчөгө,
Кабар келет сым аркылуу зымырап.
Кремлдин курантынын кагышы,
Беш жылдыктын жеңиштери угулат.

Үйдөн — үйгө, көчөлөрдөн — көчөгө,
Почтальон таң атканда баш багат.
Газет берип, журнал берип, кат берип,
Тааныштарга өзүм жазган катты алат.

Үдөн — үйгө, көчөдөн — көчөгө,
Жаш баладай жаркыраган жаз келет.
Ылдамдыгы мезгилимдин, күнүмдүн
Баарыбызга бакыт берет, жаш берет.

## ТАЛАСЫМДЫ КӨРҮП АЛ

Кимде ким Талас сырын жакшы билсе,
Кышында кызыл гүлдөр түшкө кирсе.
Кызыгып «Кыз-Булактан» жутуп алып,
Жылгада жымың кыздар ойноп жүрсө.
Жайкалган жашыл шибер чайпалганда
Жанында жагалданган жаркын күлсө.
Ала-Тоо ата болуп көзүн салса,
Жигиттер шымаланып күлүк минсе.
Шыраалжын желге ыргалса салам айтып,
Долоно кол куушуруп башын ийсе.
Жаштыктын жан жыргаткан бир учуру,
Жалынсам жаракөрлөнүп кой көз сүйсө.
Талас бул — табылбаган бир ыракат.
Тилегиң барган сайын колго тийсе.

Таласты Айчүрөккө теңейм дайым,
Көрсөңүз түн киргенде жылдыз, айын.
Жигити — тармалданган жашыл арча,
Келини — кемтиги жок аппак кайың.
Түн бою багып чыксам бетегеге
Жылкысын, жылга толгон кулун-тайын.
Ыр менен аралашып бирге жүрсөм
Таласка тамашалап барган сайын.
Үмүтүм ушул жерде жолуккандай,
Мен үчүн керектүүнүн баары дайын.
Дүйнөнү көп кыдырдым, көптү көрдүм,

Баарынан кымбатыраак Талас шаарым.
Талас бул — Манас жүргөн ата-журтум,
Мен дагы болгон элем жигит кырчын,
Келгиле, эс алгыла ушул жерде,
Келиндер кезек менен кымыз сунсун.
Көз артып көк тиреген жалама аска
Көрк берип баарыбызга карап турсун.
Комузун миң түрлөнтүп күүлөр чертип
Мактасын ак калпакчан акын-ырчым.
Булуттар анда-санда бир көрүнүп
Калбасын каалаганда бир да чымчым.
Булдурап өз жомогун айта берсин
Буулукпас, буйдаланбас булак сынчың.
Күн нуру күбө болуп шоола чачса
Нурлары — мээрин төккөн алтын кылсын.
Келе бер каалагандар, Талас жакшы,
Көрүп ал, кыргыз сыйлап ызаат кылсын!

## ӨЗ ШААРЫМА ОКШОШУП

Өз көчөмдөн тааныштарды көрөмүн,
Бөбөк көрсөм эркелетем, өбөмүн.
Бир нерсеге таңыркадым жакында
Азыр айтам баарыңарга себебин.

Менден улуу жашап турган өз шаарым,
Даярдаган адам үчүн бүт камын.
Күжүрмөндөр даңкын алыс чыгарган.
Өскөнүн көр, таң калтырат жер шарын.

Шаарым кызык, карыбаган жашарып,
Эски үйлөрү жаңырыптыр тазарып.
Бойго жеткен кыз сыяктуу кылтыңдайт
Качан болсо каалагандай жасанып.

А мен болсом жаштык менен коштошуп,
Колду сундум карылыкка достошуп.
Болбос эле эч убакта арманым
Калсам эгер өз шаарыма окшошуп.

## ТҮШТҮГҮМ

Айткым келет көзүм менен көргөндү,
Бала кезде окуп жүргөн жергемди.
Өпкүм келет өз баламдай кучактап
Түштүгүмдө жашап турган элдерди.
Куттуктаймын, сыймыктанам Ош менен,

Согуш кезде бирге иштеген дос менен.
Аралагам Алай, Гүлчө, Сарташты,
Мен кетерде «Аман болгун, кош» деген.

Жыйырма беш жыл чейрек кылым арасы,
Өзгөрүптүр түштүк жерин карачы.
Өзгөрүптүр чалкып жаткан Памирим,
Ферганаyын пейли кенен талаасы.

Отуз-Адыр анда ойгонбой жатчу эле,
Байлыктарын элге бербей катчу эле.
Төрт түлүгүн колхоз менен совхоздун
Энем, эжем, карындашым бакчу эле.

Жерин тилип сокону да айдаган,
Солдатка деп күлүк тандап байлаган.
Пахта өстүрүп, канал салып, үй куруп,
Ата-журтка бүт өмүрүн арнаган.

Тарбиялап күндө окутуп балдарын,
Фронтко деп жөнөтүшүп жардамын.
Шахтыда да көмүр казган болучу
Апам, эжем, өзүм сүйгөн ардагым.

Ал кездеги аялдардын жумушун,
Айтуу кыйын, согуш деген курусун.
Ошондо да колдон намыс алдырбай
Сактап калган тылда элдин ырысын.

Жеңиш келди, биз эмнени кылбадык,
Кубангандан кучакташып ыйладык.
Жеңиш менен жердештерим келгенде,
Өөп жаттык, болгон менен сыйладык.

Анда Алля аке Араванда жүрчү эле,
Жигит кези, билектерин түрчү эле.
Таң калтырып ата-журтту, адамды,
Пахта сырын пайгамбардай билчү эле.

Анда пахта Төө-Моюнга жетпеген,
Аравандын ар жагына өтпөгөн.
Эми көрсөм Төө-Моюну гүлдөптүр
Айырма жок кыздар тиккен кештеден.

Алля акенин үкөлөрү, балдары,
Жылдыз таккан Чолпон сымак таңдагы.
Даңкы кетти Сайкал, Саадат, Сагындын
Куттукташат бүткүл кыргыз аймагы.

Өткөн кезде Куршаб менен Мадыдан,
Базар-Коргон, Баткен, Отуз-Адырдан.
Жер там, кепе, алачылктар көрүнчү,
Бир дагы үй салынбаган жаңыдан.

Эми көрдүм, араладым баарысын,
Кубандырган баласын да, карысын.
Түштүгүмдө түп көтөргөн жаңы айыл —
Ош гана эмес, өз өлкөмдүн шаңысың.

Аркыттагы алтын Сары-Челегим,
Арстанбап бабалардан белегим.
Ак элечек, ак жоолугун салынган
Мээриминдей Каныкейдей эненин.

Көк-Жаңгагы, көрком Кызыл-Кыясы,
Түштүктөгү жумушчулар уясы,
Алайдагы Кош-Дөбөдөй үйүлгөн,
Саадат өзү жалгыз терген буласы.

Кыргыз шаңы кылымдардан түштүгүм,
Сен жөнүндө ыр жаза алсам күчтүүмүн.
Даңкыңарды далай дагы жазабыз,
Майрамдайбыз, куттуктайбыз биз бүгүн.

## ТҮШҮМ ТУРА

Түшүмдө Ысык-Көлдүн боюндамын,
Шаттуумун, кыз-жигиттин тоюндамын.
Өмүрдө жолукпагам, катышпагам,
Гүл толгон, күлкү толгон сонундамын.

Шарактап шаттык толгон поезд миндик,
Айланып көркүн көлдүн көрүп жүрдүк.
Заматта «сүйүү» деген станцияда
Эл толду, ызаат кылып башты ийдик.

Көл үстү аппак кеме аземделген,
Атайын андагы эл тойго келген.

Өлкөнүн өкүлдөрү, өрнөгү зор
Бири акын, бири артист, бири мерген.

Ичинде кыз-жигитке толгон белек,
Парижден, Москвадан алса керек.
Ак жибек көйнөк кийген асылкеч кыз
Аземдеп күйөө, кызга белек берет.

Баарыбыз барпаңдабай кезек күттүк,
Кемебиз аппак кардай, биз да түштүк.
Жөнөдүк Кой-Сарыдан — Балыкчыга
Делфиндей бара жаттык көлдөн сүзүп.

Саякат — сүйүүлөрдүн саякаты,
Бир кезде алдыбызда аска шаты.
Кеч кирди, керилген шаар Чолпон-Ата,
Нур чачат так төбөдөн каухар ташы.

Чыгабыз аскасына шаты менен,
Ак кула минген Манас аты менен.
Аксакал Бакай жүрөт той башкарып,
Семетей, Сейтектердин баарын көрөм.

Асылма трамвайга түшүп алып,
Кымыздан кылган шербет ичип алып.
Асманда ат салышып баратабыз,
Кыз-күйөө кызыл тазыл гүлдөн тагып.

Заматта күйөө-кыздын үйүндөбүз,
Булбулу сайрап турган гүлүндөбүз.
ЗАГСка эки жашты жаздырганда
Күбөбүз, куттуктадык, сүйүнгөнбүз.

Биз келген жерге кызыл поезд токтоп,
Байбиче, карыялар бозойго окшоп.
Ырдашат, комуз чертет, кыяк тартат
Жаштардын сүйүү деген хорун коштоп.

Токтогул ырдап жатты тойду мактап,
Чабабыз колубузду сөзүн жактап.
Ошондо окуп бердим өз ырымды
Акындык өнөрүмдү элге тактап.

Ойгонсом мунун баары түшүм тура,
Ойдогу келечегим, ишим тура.
Ысык-Көл так ушундай болобу деп
Көксөгөн, көрүнбөгөн күчүм тура?

## БАЛЫКЧЫГА ТИЛЕГИМ

Булуттардын көчкөнүнө көз салып,
Балыкчыга базарлашып барса дейм.
Мен өзүмчө максатыма чөк салып
Жаш теректер суугa тоё канса дейм.

Ылдамыраак көл боюна жетсе дейм,
Нөшөр төгүп Көк-Мойноктон өтсө дейм.
Ташка тиккен татынакай тал-терек
Бойго жеткен жигиттердей өссө дейм.

Дары-дармек, адырашман күлсө дейм,
Чекенденин дарылыгын билсе дейм.
Түрмөк булут биздин Чүйдү сүйгөндөй —
Балыкчыны баласындай сүйсө дейм.

## ӨМҮР КЫЗЫК

Өмүр кызык өлгөндөрдөн башкага,
Өмүр кызык карыга да, жашка да.
Өмүр кызык өркөчтөнгөн тоолорго,
Өмүр кызык сайда жаткан ташка да.

Жаратылыш өмүр берет гүлгө да.
Жаңы курган жасалгалуу үйгө да.
Өмүр кызык кумурскага, чымынга,
Өмүр кызык аалам көзү күнгө да.

Өмүр күйгөн оттой болсо өчпөгөн,
Тоодой болсо бир ордунан көчпөгөн.
Энем ооруп кыйналганда, кылчайып
Өмүр жолун өйдө-ылдыйын эстегем.

Өмүр кызык биздин жердин бетинде,
Жарашыктуу жашап турган кезинде.
Өмүр кызык эң биринчи сүйүүм деп,
Суктанган кыз башын койсо төшүңө.

## ЭСТЕЙ БЕРЕМ

Эстей берем кээде баштан өткөндү,
Сонун көрөм көчүп боз үй чечкенди.
Уккум келет карыядан, билгенден
Укмуштуу кызык, кылдат кептерди.

Жакшы көрөм билгенимди жазганды,
Таң алдында бак аралап басканды.
Жаман көрөм калп жеринен көрө албас
Өз аялын ушак кылып айтканды.

Тилдегенди өз балдарын бакырып,
Болбос жерден кынтык таап асылып.
Колго тийген буюмдарын ыргытып
Кетемин деп сандыктарын ташынып.

Жакшы көрөм чуу салбаган адамды,
Чын пейилден айтып жаткан саламды.
Көргүм келбейт, көңүл көнбөй калганбы,
Ичинде курт, сөзү куйту арамды.

## ЖАРЧЫ БОЛСУН

Адамдарга айткым келет алкышты,
Ал анткени ырларымдын өзөгү.
Акындарга айткым келет алкышты,
Шыгым берди жетпейт ченем, эсеби.

Чындыгында ачылбаган сырлар көп,
Чындыгында жазылбаган ырлар көп.
Ошол жагын ойлонолу, чечели,
Ырдын кырын ышкыбоздой ашалы,
Кыргыз ыры жарчы болсун кылымга,
Кызыктырып кылдат ойлоп жазалы.

## РОССИЯ

Россия менин өргөм, сенин өргөң,
Өргөңдө окуп, иштеп, жыргап көргөм.
Пейли кең туугандарым, ага, иним,
Өз үйүм, өз өргөмдөй ырдап бергем,

Жериңдин түнт токоюн аралагам,
Душманды кууп жүрүп жаралагам.
Өз үйүм, өлөң төшөк Волга боюу,
Көп жүрдүм бирок кумар тарабаган.

Ильичтин изи менен басып көрдүм,
Ырысын ырга кошуп жазып көрдүм.
Борбору, бак-таалайдын, эркиндиктин—
Эмгектен эринбеген бүткүл элдин.

## ПУШКИН

Кабары жок жерде жатты
Жетимиш жыл
Топуракты жамынып.
Октон учкан
Жетпей ага карылык.
Намыс үчүн жаңылып,
Акындыктын арбап күчү
Заманына таарынып.
Бирок анын жүрөк каны,
Токтобогон, тоңбогон,
Топуракка калган эмес басылып.
Булак болуп чыга берди атылып.
Баласына,
Небересине
Өтө берген жашынып,

Элге өткөн
Эркиндикти талашканга туу болуп,
Ардакталган
Аппак сулуу куу болуп,
Октябрде көтөрүлүп эмгекчи эл

Петроград
Талаш-тартыш чуу болуп,
Жумушчулар, солдаттар
Улуу Ленин башында
Жеңип чыгып эркиндик!
Жетимиш жыл
Жерде жаткан
Пушкин кайра сүйлөгөн,
Жазгандары том-том болуп
Чыгып жылда келечекке үндөгөн.
Пушкин тому,
Тому эмес томдору,
Сансыз китепканада,
Ата-энеде,
Жумушчуда, дыйканда,
Келин, кызда, балада.
Пушкин кайра тирилди.
Жетимиш жыл
Жерде жаткан кысталып.
Пушкин тирүү акыл, ою, максаты
Чеберчилик
Ташка тамга баскандай,
Биз билбеген усталык
Калем кайра учталып.
Пушкин тирүү —
Орус тирүү кезинде,
Ал өлгөн жок,
Акылымда, сезимде.
Кошо жүрөт биз менен
Ырын жазып,
Жүрөк толкуп,
Жүрөк ташып
Өлчөмү жок баа жеткис,
Өрнөгү айткан сөзүндө.

Пушкин тирүү жанымда,
Эл жашаган шаарларымда,
Ала-Тоолук айылдарда,
Сүйүү ордосу багымда.
Өз үйүмдө,
Майрамдарда, шаңымда,
Пушкин тирүү жанымда.

## КОМУЗ

Толкундайсың, күүнүн сырын ачасың,
Көңүлүмдү көтөрөсүң, жазасың.
Кээ кездерде кылчактайсың өткөнгө
Жаштык күндүн белестерин ашасың.
Жапырылып жел жүргөндөй жанданып
Кайра муңга чөккөн сымак батасың.
Үч кыл комуз, жаркын жанды жыргатып
Өз тилиңде мага сүйлөп жатасың.

Түшүнөмүн түгөнбөгөн тилиңе,
Жорго болдуң, жолдош болдуң тирүүгө.
Кылдарыңды чыңап коём бошотпой,
Кулак салам кумарланып үнүңө.
Бир заматта сагалашат жаштыгым,
Жеткиресиң кол тийбеген сүйүүгө.
Карыяны жигит кылып саласың,
Бала болом мен да өзүмчө күнүгө.

Сөңгөгүнөн жүзгө чыккан өрүктүн,
Добушусуң от күйгүзгөн көрүктүн.
Сен болбосоң үнүм чыкпайт, үшкүрөм,
Жолдошумдан айрылгандай эриктим.

Үнүң чыкса үй ичине гүл жайнайт
Өзүң мага, мен өзүңө шерикмин.

Түн киргенде өзүң айдын жарыгы,
Алыс кетет камбаркандын арымы.
Сени менен бирге соккон сыяктуу
Жүрөктөрдүн, тамырлардын жарымы.
Кыргыз үчүн кылымдардан үн кошкон
Кыйшайбаган өмүрүмдүн тарыхы.
Билбегенге, түшүнбөскө түбөлүк
Колго түшпөс Ысык-Көлдүн балыгы.

Кадырлаймын канат мага байлайсың,
Жайлоодогу жашыл гүлдөй жайнайсың..
Булбул болуп, жаз жаңыдан келгендей
Жаркылдайсың, үнүң үлпөт сайрайсың.
Булак болуп айланага суу чачып,
Көңүлүмдүн кызыл туусун кармайсың.
Жомок болуп түгөнбөгөн күүлөрүң,
Кубат берип, белди бекем байлайсың.

Сөз сүйлөбөй жүрөгүмдү эзесиң,
Күлүк аттай күндүк жерге жетесиң.
Кабар берип тааныштарга, досторго
Тор жайса да торко жакка өтөсүң.
Кулач уруп космосто да чабыттап
Ай, жылдызга арыш керсең жетесиң.
Сен гүлдөтүп, сен сүйлөтүп кубанттың
Далайлардын той-тамаша, кечесин.

Бешиктейсиң наристени сыйлаган,
Үнүң укса токтойт бала ыйлаган.
Аялдайсың ашык болгон ар дайым
Кучакташып курбу менен жыргаган.

Үч кыл комуз ыкмаларың сан жеткис
Үнүн кошуп Токтогул да ырдаган.
Кээде балсың, кээ бир кезде кымызсың
Уккандарды шоонасы жок чырмаган.

Сен сүйүүнүн тактан түшпөс канысың,
Сен билгендин мүрөгүсүң, жанысың.
Өз боюңа бүт сиңирип алгандай
Турмуштагы жакшылыктын баарысын.
Сүйлөбөстү чечен кылып заматта
Жаш баладай бийлетесиң карысын.
Качан болсо, кайда болсо эскирбес
Алтын сымак жаркыраган жаңысың.

Сен кыргыздын кубанычы, эрмеги,
Жыйып берген кылымдардан термени.
Каным катса тоодо күмүш булаксың
Ырдан бүткөн гүлдөрүмсүң жердеги.
Үч кыл комуз чарчаган жок кылымдар,
Бирок кээде көл-шал болуп тердеди.
Бак-таалайдын басаңдатпас күчүсүң,
Кубанычысың, куралысың элдеги.

Үч кыл комуз, сүйүүм, күйүүм өзүңдө,
Кубанткансың кыз сүйгөнүм эсимде.
Жигит кезим бирге жүрдүк, бир бастык
Той-тамаша үлпөт курган кезинде.
Согуш жылы мукактанып ыйладың
Дарт кошкондой таалайыма, сезимге.
Сен кыргыздын укмуштуу уулусуң
Үч кыл комуз жүрөгүмдө, өзүмдө.

## ИШЕНИЧ ЭМГЕК ӨЗҮНДӨ

Кылдаттык кызык адамда,
Акындын ыры каламда.
Акыл айтсаң терс кетип,
Арамдык кылган жаман да.

Акылдын алпы адамда,
Келгени жакшы саламга.
Сырыңды айтсаң булт койгон
Сыңар акыл жаманда.

Сүйүүнүн гүлү адамда,
Сүйүнүчүң балаңда.
Сүрдөнбөй туруп калп айтып
Сүйрөлүп калган жаман да.

Ишенич эмгек өзүңдө,
Болбосо илдет сезимде.
Тунуктук таза булактан,
Турмуштук болсун сөзүңдө.

## АДАМДАНБЫЗ

Иштөө үчүн, жашоо үчүн жаралганбыз,
Күлкүдөн, кубанычтан таралганбыз.
Мекенин өмүр бою сактап келген,
Улууну урмат кылып мактап келген,
Жөнөкөй, кичипейил адамданбыз.

Сүйүү үчүн, тынчтык үчүн жаралганбыз,
Октябрь берген кандан таралганбыз.
Турмуштун өйдө-ылдыйын ылгап келген,
Элине эмгек кылып жыргап келген,
Жөнөкөй биз советтик адамданбыз.

## КУЛУНДУ

Ойду катып алган сымак өзүнө,
Түшүнгөнмүн бул талаанын сөзүнө.
Кулундуну мен биринчи көргөндө,
Сүрөт тарттым карегиме, көзүмө.

Адамдардан бакыт алган сураныып,
Эмгек менен чеке терин чыгарып.
Кулундубуз кундуз болуп кулпунду,
Жаңы келген жаш келиндей сыланып.

Кылым күткөн гүлдү самап тилеги,
Кызыл-тазыл кыз баладай ирeңи.
Эми гана, эми гана жанданды
Кан жүгүрүп кага баштап жүрөгү.

Кулундунун ырдайт экен булбулу,
Эске салып эң биринчи курбуну.
Шамал, куюн, суусаган чөл көрүнбөйт
Баягыдай баш-аламан чыр кылуу.

Жеңиш менен жердин шилеп каймагын,
Пахта менен кучакташкан аймагың.
Какыраган каткан чөлдү көгөртүп
Тагып алган гүлдөн кызыл байрагын.

Катыраңдан эл келгенде Кулунду,
Жомок кылып айтып бердиң сырыңды.
Ай-ааламга, асман жерге угулсун
Шаңдуу чыгар комузуңду, ырыңды.

## ШАРКЫРАТМА

Төө-Жайлоонун жалама аска башында,
Канал бүткөн жалаң таштан асылма.
Үңкүрүнөн шаркыратма жасалма
Агып түшөт азоолордой шашылма.

Буркан-шаркан тоо боорунан куюлуп,
Симфония кырдан-кырга угулуп.
Шаркыратма учуп түшөт асмандан
Тогуз булак бир аскага сыйынып.

Өркөчтөнөт өчөшкөнсүп аскага,
Тамга салып капчыгайга, ташка да.
Жүгөнү жок аргымактай жулкунат
Карматпастай кайраты күч жашка да.

Жерге түшөт жеңекемдей ийилип,
Тосуп алат канал-жигит сүйүнүп.
Кучакташып, куттукташып тургансыйт
Алтын Казык, Алтын Бешик түрүнүп.

Бул эки тоо жерге берген керегин,
Көргүң келсе адамдардын өнөрүн.
Лейлектеги Төө-Жайлоого келип кет
Билгиң келсе өнөрүнүн себебин.

Шаркыратма бүткөн адам күчүнөн,
Тер ымшыган дыйкан аба жүзүнөн.
Көрүп келдим, көтөрүлүп кубандым
Шыгым бүтүп анын жаткан изинен.

Чөк түшпөгөн кең талаага жайылып,
Чөп чыкпаган чөлдү жеңип сагынып.

Кулпунганын «Болбо» жерин карачы
Чылкый кызыл гүлдөн сөйкө тагынып.

Кулак болуп туш-тарапка бөлүнүп,
Курсант болуп шаркыратма төгүлүп.
Алтын казык асман тирейт бийик тоо,
Көз жүгүртөт түздүктөргө керилип.

Төө-Жайлоонун жалама аска башында,
Төө көзүндөй үңкүрү бар ачылма.
Ошол жерден шаркыратма шарпылдайт,
Окшоп кетет жылдыз таккан баатырга.

## САЛАСПИЛС

Саласпилс!
Жер солкулдап,
Токой кыйрап жаткандай,
Күз күчөнүп
Кара жамгыр
Болуп калбыр
Толкундайт көл ташкандай.
Бак-дарактын жалбырагы
Өз алдынча учканы учуп,
Учпаганы салаңдап,
Жел желпинсе жерге түшөт.
Коркокторго окшоп кетет
Алаңдап.

Карагайлар
Тизе бүгүп баш ийгендей,
Ак кайың да муңга батып
Азыр эле оңолгондой

Оорусунан жаңыдан.
Жүрөк согот,
Электрон жүрөгү,
Жарк-журк этет
Атылгандай
Адашкандай чагылган.
Адам күлбөйт,
Күлүп жүрбөйт,
Күлкү болбойт бул жерде.
Келсең дагы

Бак-таалайлуу айылдан.
Мындагылар
Бири атадан,
Бири энеден,
Агасынан, эжекесинен,
Баласынан айрылган.

Кыргыздардан биз барганбыз:
Жазуучулар, акындар,
Биз ыйладык
Көкүрөктү муң басты,
Тыя албадык көз жашты.
Тыйылбады,
Токтободу
Жамгыр менен аралаш,
Жүрөк кошо ыйлады
Эч нерсеге карабай.
Күбө болуп
Жер солкулдап кайгырган.

Гүлдөр турат,
Берип кубат.
Бул кеч күздө

Мезгил келип жетсе да,
Солубаган
Кандан бүткөн кызыл баары,
Кандан өскөн
Бир катары сапсары,
Муң-кайгыны тартканы.
Саласпилс.

Элдер келет жер шарынан
Мында күндө,
Бир катары толгон гүлдөр,
Актары,
Көзгө элестейт
Чоң энемдин чачтары.

Сепил болуп бийик дубал
Тосуп алат жолуңдан,
Тартып алат колуңдан,
Жүрөк кагат
Жер майышып,
Кабыргалар кайышып.
Миллион тамыр
Дарт баскандай сайышып.
Согуш оту өчкөндөй.
Ок атылып,
Бомба түшүп
Кечээ гана өткөндөй.
Башка жакка
Барымталап кеткендей.
Тура албайсың
Чоң согушту эскербей.
Желдет баскан
Баланы аткан
Пулеметтун тытырашы

Кулагыма угулуп,
Эне ыйлайт
Ээ-жаа бербей чыңырып.

Айла канча,
Азап-тозок
Аралашып келгендей,
Анын баарын
Койбой тагын
Адилеттүүлүк жеңгендей.

Эстеликтер,
Эстеликтер!
Ойготкондой талааны,
Тирүүлөргө
Жапкан сымак жалааны.
Баатырлардын
Шаңдуу, жандуу карааны.
Ок жаңылды,
Ок жаңырды
Көз алдыда
Карагайлар катар турган
Көз жаштарын агызып,
Жерге мончок
Мөлтүр мончок тамызып.
Эми гана, эми гана
Ыйык жерге батырып,
Койгон сымак адамдарды
Таш сыяктуу катырып.
Эне турат
Жерден кубат,
Коргогондой
Коргошундан баласын,
Ишенбеген

Келип өзү карасын.
Көргөнүңдө өрттөнөсүң,
Буулугасың, жанасың.
Айла канча, башыңды ийип
Жерди сүйүп —
Саласпилс талаасын.

Айтып жатты
Эстеликтер жүрөгү.
Баргандардын
Жүрөгүнө чок чачып.
Эстеликтин жүрөктөрү
Жаткан сымал
Жан киргизип кан ташып.
Электрон жүрөгү
Бир жүрөккө айланып.
Согуп турат токтобостон,
Токтобостон сого берет,
Сого берет
Келечекке камданып.
Угуп турам таңданып,
Өзүмө өзүм алданып.
Көргөнүмө байланып.

Эстеликтер,
Эстеликтер!
Жан киргендей сүйлөп жатты
Баргандарга
Сүйлөп жатты чарчабай:
— Өч алгыла биз үчүн!
Өч алгыла жерде жаткан
Чым жамынган күч үчүн!
Өч алгыла желдеттерден —
Өч алгыла атаң үчүн!

Энең үчүн!
Эмчектеги бала үчүн!
Ачкалыктан жаны чыккан
Жерде жаткан ага үчүн!
Өч алгыла,
Бизди таанып, билгендер!

Гүлдөр,
Гүлдөр!
Жайы-кышы ачылып.
Жер алдында
Баатырларды жашырып.
Жүрөк согот,
Миллион жылдар токтобойт.
Электрон жүрөгү,
Сого берет
Алар мылтык октобойт,
Жүрөк согот,
Жүрөк согот,
Миллиондордун жүрөгү,
Саласпилс,
Саласпилс,
Улуу жүрөк —

Электрон жүрөгү!
Кылымдардан—кылымдарга
Кабар берет, токтобойт.
Эстеликтер,
Эстеликтер!
Катардагы эстеликке окшобойт.
Биз сыяктуу
Тирүүлөрдөй
Бирге сүйлөп жаткандай.
Сүйлөп жатат.

Сүйлөй берет.
Жаңыдан таң аткандай,
Күн нурларын чачкандай,
Булуту жок асмандай.
Буулукпаган жаштардай,
Саласпилс,
Саласпилс!
Карап турат келечекке.
Өткөндөргө күбө болуп,
Карап турат жазганбай!

## ӨЙҮЗҮНДӨ ТУРАБЫЗ

Бала кезден кечип жүргөн Жыламыш,
Шаркырай бер, добушуңду угабыз.
Жигит кезде кечип жүргөн Жыламыш,
Сени менен сүйгөн сөзүн угабыз.
Карыганда кече албастан Жыламыш,
Таяк кармап өйүзүндө турабыз.

## ТОЛКУН-ОЙ

Толкун келип жээкке урунат,
Кайра көчөт шашылып.
Көлдүн үстү миң кубулат
Ой-санаадай ашыгып.

Толкун келип ачууланат,
Бир заматта жинденет.
Бир заматта кетет тарап,
Кайра жээкке ирмелет.

Адам ою келет, кетет
Айланкөчөк болгондой.
Бирде күчөп, бирде түшөт,
Уктап калат ойгонбой.

Толкун менен адам ою
Бир төрөлгөн эгиздей.
Бирин-бири сагынышат
Көпкө жүрсө көрүшпөй.

## ИШИН УЛА

Токой өсөт, боюн керип карагай,
Балатасы чуркап жүргөн баладай.
Көбөйө бер жалбырагың жайылсын
Чөп чыкпаган кургак чөлгө карабай.

Токой өсөт, күрпөң жака арчалар,
Жемиш берет жайнап жаткан алчалар.
Көбөйө бер, көтөрүлүп ак кайың,
Тегиз чыккан, теректерден канча бар.

Токой өсөт, жемиш берип жаңгагың,
Көрүп алгын түркүн сортун алманын.
Өстүрө бер токой толсун көбөйсүн
Ишин ула, ата-энеңдин, балдарым.

## ГҮЛКАЙЫР

Кечээ мен кечке жүрдүм
Гүлкайырды аралап.
Жыламышта жыргап күлдүм,
Сулууланат, таранат.

Гулкайырды эркелеттим,
Бир талын да үзбөдүм.
Кучактадым, сүйдүм, өптүм
Жаштыгымды издедим.

Гулкайырды жолдош кылдым,
Шуудурумгө карадым.
Уйкашындай жазган ырдын
Күз жакындайт аядым.

Кечээ мен кечке жүрдүм
Гүлкайырды аралап.
Эч кимге айтпас сырын билдим,
Агарат.

## ЭГИЗДЕР

Күндө көрөм окшош эки баланы,
Кубандырат жакшынакай саламы.
Көздөрүнөн жалын чачып, от күйөт,
Туш-тарапка белек болуп тарады.
Көрүнгөнсүйт түпкүрлөрдөн көзүмө
Балалыктын алыс калган караaны.

Эгиз бала эгиз көйнөк кийишкен,
Экөөнө чак эгиз күрмө тигишкен.
Экөөнүн тең эгиз болсун бактысы,
Эгиз чыпкык ат ордуна минишкен.
Эгиздердин чөнтөгүндө жүргөнсүйт
Келечектин, өмүрлөрдүн ачкычы.

## КҮКӨЙГӨ

Мен сени жүрөгүм деп эсептеймин,
Сүттөн ак тилегим деп эсептеймин.
Алыска, ай-жыл ашып кетсем дагы
Сен менен жүрөмүн деп эсептеймин.

Мен сени акылым деп эсептеймин,
Баарынан жакыным деп эсептеймин.
Байлыгым, кубанычым, келечегим,
Бузулбас асылым деп эсептеймин.

Түн кирсе чырагым деп эсептеймин,
Кан катса булагым деп эсептеймин.
Адашсам амалын таап жолго салган
Кырааным, ынагым деп эсептеймин.

## ТАШ ТАПТЫМ

Козубаглан эзелтеден ташка бай,
Миллион жыл өткөн окшойт жашка бай.
Амалын таап жыйып кетсем үйүмө
Сөз жетпеген көркөм сүрөт таштары ай.

Көк ташы бар кан тамырлуу жүрөктөй,
Кээ бир ташы кереметтүү чүрөктөй.
Мен алган таш оймо-чийме байкап көр,
Гапар тарткан көргөзмөдө сүрөттөй.

Кээ бир ташы көл үстүндө кайыктай,
Куйругу бар, канаты бар балыктай.
Жакын болсо ошол жерде өз үйүм
Жыйнар элем, ташыйт элем талыкпай.

## МЕН КАРПАТМЫН

Мен сулуумун, мен Карпатмын, назикмин.
Күнүн көрөм мага тийген насиптин.
Мага жалгыз бу дүйнөдө тең келген
Аалам сөзү, аалам көзү назик күн.

Кубанычтын булагымын кубанткан,
Жылмаюунун сезимдери уялткан.
Түн кирсе да телегейим тегиздей
Мени көздөй алтын айдын нуру аккан.

Акындардын ардактаган шыгымын,
Жүрөктөрдүн көз көрбөгөн кылымын.
Бул турмушту наристеге айланткан
Бала эмизген жаш эненин ырымын.

Тарта берем табигаттын сүрөтүн,
Мен чындыкмын өзгөрүлбөс мүнөзүм.
Мен Карпатмын бактым тийген колума,
Жыргалымды адамдардан билесиң.

## БИЗДИ МАКТА

Түшүмдө ырдап жаттым, жыргап жаттым,
Өзүмдү омуроолоп сындап жаттым.
Ой келип тунук кыял канат болуп
Тарастын айткандарын ылгап жаттым.

Ырлары ат салышып жарышкандай,
Бири-бирин сагынышып табышкандай.
Сүйүүлөр кобзарь күүсүн колтукташып
Түбөлүк кол кармашып алышкандай.

Сүйүнүп көзүмдөн жаш гүлгө тамат,
Тамганда кызыл гүлдөр оттой жанат.
Тарастын ар бир сөзүнө ашык болуп
Таӊ калып таалай бүткөн кыздар барат.

Ырынан жалбыз жыты жыпар чачат,
Шарпылдап Днепрдин суусу ташат.
Токойлор көз бүткөндөй тиктейт мени
Айланам күлкү шаттык, көӊүл ачат.

Таӊ калам ырлар жандуу — катар сапта,
— Жаза бар, акын болсоӊ бизден качпа.
Кобзардын мукам үнү кубат берсин
Ойгонбо, түш көрө бер, бизди макта.

Кобзарды уккан сайын ырдай бердим,
Тарастай боёк кошуп сырдай бердим.
Киевден — Фрунзеге келген түнү
Түшүмдө мына ушундай кызык көрдүм.

## ПЕЙЛИ КЕНЕН

Өткөрүп күз кужүрмөн түшүм тойду,
Жыпар жыт кызыл алма тосуп жолду.
Калыӊ бак. Шиӊгил жүзүм тизилишет
Түшчүдөй алаканга тоссоӊ колду.

Ортодо ак куу сүзгөн көлү күлөт,
Түшүмдүн уюткусу жери күлөт.
Абайлап себеттерге алма жыйып:
—Ай жигит, абайла деп кыздар жүрөт.

Бир көрүп саламдаштык сагынгандай,
Жел күчөйт убададан айнygандай.
Көл толкуп ортосунда конок үйү,
Атайлап акындарга салынгандай.

Ыр өзү издеп сени кол сунгандай,
Гүлүндө мени жаз деп ыр тургандай.
Жазайын конок үйүн өзүм жаткан
Ичинде силер билбес сыр тургандай.

Карпаттын конок үйү кызыл таштан,
Усталар узанышып былтыр ачкан.
Ат коюп «Оксана» деп ороп гүлгө
Акындар жатып калса ырын жазган.

Шыңкылдап кытыгылап булак агып,
Кызыл гүл кайдан тапкан чоктой жанып,
«Оксана» азем менен тосуп алат
Таппайсың издесең да мындан айып.

Тарастын жердештери пейли кенен,
Аппак нан, ак дасторкон тузу белен.
Бул жерде бир күн эмес, бир жыл жатсам,
Бир томдук ыр жыйнагын жазар элем.

## КЕЛМЕ КЕЗЕК

Эне деген өзүнчө бир жароокер,
Бапестеген эркелетип балдарын.
Балдар үчүн күнү-түнү агып тер
Бакыт болуп, өмүр болуп, талбадың.

Көпөлөктөй кийиндирип кызыңды,
Өз жанынан чыгарбайсың, кыйбайсың.
Сүйдү бирөө бөпөлөгөн кушуңду,
Кыз да сүйдү, жалдырайсың, ыйлайсың.

Өзүң дагы ыйлаткансың энеңди,
Турмуш ушул, табигаттын шарты бар.
Бир гана эмес үч кыз катар төрөлдү,
Ар нерсенин башталышы, арты бар.

Андан көрө акыл кошом сыйлап ук,
Бак-таалайлуу сендей болсун кыздарың.
Мейман болуп шарт келгенде көрүп чык,
Берекелүү көлдөй болсун уздарың.

## ЯЛТА

### Смарга

Кечирип кой, Крым, кышта келгенге,
Ала-Тоодон ысык салам бергенге.
Кыш да болсо тердим гүлдү багыңан,
Кубанамын сени келип көргөнгө.

Кечирип кой, Кара деңиз, сайранда,
Кыш болсо да сууңа түшүп алганга.
Таштарыңдан терип алдым бир чөнтөк
Белек кылам Фрунзеде, балдарга.

Конок үйү эртең менен турганда,
Толкуп жатса Кара деңиз жыргалда.
Саламдашып сени тиктеп олтурам
Шык бересиз жаза турган ырларга.

Бул жер кызык, качан келсең жай экен,
Таза абага, күн нуруна бай экен.
Күздө барсаң, кышта барсаң баары бир
Булбул сайрап, гүл ачылган май экен.

Ооруганды айыктырган жер экен,
Ден соолукка түгөнбөгөн кен экен.
Көңүлүңдү күндүз, түндө көтөргөн
Сылык, сыпаа конок тоскон эл экен.

* * *

Көтөрүлдү көргөнүмдө көңүлүм,
Кызык экен, кымбат экен өмүрүң.
Миң жылдарды көчөлөрдө сактайсың
Мынча багып, барыктаган сени ким?

Кылымдардан тукумдаган гүлдөрүң,
Тоо башында, тоо боорунда үйлөрүң.
Акылмандай айтаар сөзүң көп экен
Угуп жаттым тарыхыңдан сүйлөдүң.

Токой-токой таң калуучу бактарың,
Жашап турдук чокусунда асканын.
Ар биринин адам сымак аты бар,
Тарыхы бар таң калуучу таштарың.

Ушул жерде Пушкин дагы болуптур,
Тарыхыңа Горький колун коюптур.
Ушул жерге Чехов өзү үй куруп,
Толстой да конок болуп конуптур.

Ошол жерден биз да басып жүрөбүз,
Көп көчөңдү өз көчөмдөй сүйөбүз.

Музейлерде, маданият багында
Таазим кылып, таалим алып киребиз.

Ялтаны айтсак тирүүлөрдүн бейиши,
Ушул жерде келгендердин жеңиши.
Кучак жайып тосуп алат толкундап
Атак-даңктуу алтын Кара деңизи.

## БИЛИП КОЙГУН

Жер бетинде адам пайда болгондо,
Чөөбү, төөбү, кармап келип сойгондо.
Бышырбастан энчилерин жешчү экен
Билсем дагы, билбесем да, болжолдо.

Бирок кийин от жакканды билгенде,
Адамдарга аздан акыл киргенде.
Бышырыптыр биринчи этти аялдар
Даамын татып карабастан күйгөндө.

Андан кийин кылым өтүп, жыл өтүп,
Буудай айдап, ун тартылып, нан табат.
Ошол күндөн ушул күнгө аялдар
Камыр жуурат, нан бышырат, нан жабат

Нан эмне үчүн токчулуктун жолдошу,
Ал анткени аялдардын кол досу.
Аял нанды өмүр бою бышырган —
Ошондо экен бул турмуштун колдоосу.

## ТҮГӨНБӨЙТ

Тоону жазам, тоодо өзүм төрөлгөм,
Кыраан бүркүт аскасына уялайт.
Өтүп кетти жүз-миңдеген кылымдар
Мезгил аны түпкүрлөргө кубалайт.

Эч ким тоону жылдыра албайт ордунан,
Канчалык күч каарданып келсе да.
Тоо байлыгы, тоонун сүтү түгөнбөйт
Миллиондор кезек күтүп эмсе да.

## КИПАРИС

Көктү көздөй көтөрүлүп созулуп,
Учу барып булуттарга кошулуп.
Көптү көргөн, көптү билген кипарис
Башкалардай кодоо болбой озунуп.

Бутактары бирин-бири кучактап,
Сыйлашкандай өзүн-өзү ызааттап,
Көркөм жыгач, түздүгүн көр кыйшайбай
Кышта, жазда өзгербөгөн жашыл бак.

Жамгыр жааса тосуп алат кубанып,
Шамал келсе жаш келиндей буралып.
Күндүн нурун денесине сиңирип
Өсө берет жаш жигиттей сыланып.

Барып калсам көлөкөлөп жанына,
Тоскон өңдүү тууганындай сагына.
Көктү көздөй көтөрүлгөн кипарис
Өссө экен дейм менин дагы багыма.

Кооз жыгач Крымдагы кипарис,
Ошол жерде менден дагы калган из.
Жашыл бойдон өмүр бою өзгөрбөс
Адамдарда адашпаган болсо күч.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДАГЫ ТИЛЕК

Өткөн жылы тууган, достор көбөйдү,
Жаңы китеп бала болуп төрөлдү.
Маратымдын, Гүлсарамдын чынары,
Бутак алып, мөмө байлап көгөрдү.

Ишке ашты эки атанын тилеги,
Жакшы сокту эки ененин жүрөгү.
Бала бакыт, бала байлык кыргызда,
Барыктайлы, бапестейли, сүйөлү.

«Төрт», «беш» алып жакшы окуду Айбегим,
Өмүрдөгү тунук, таза айнегим.
Жазган ырым, чыгып жаткан китебим —
Айбек менин өмүрдөгү бүт демим.

Күлүп турсун жакшы окуган Гүлнарам,
Чоң атасын, чоң апасын сыйлаган.
Чоң кыз болсун биздин эрке акылдуу
Көп ырымды жаттап алып ырдаган.

Нурбек болсо мен сыяктуу ыр жазсын,
Сынчы болуп далайларды сындашсын.
Же болбосо геолог болуп керилген
Жерим каткан биз билбеген сырды ачсын.

Жаңы жылда жаңы гүлдөр жайнасын,
Элим көрсүн бул турмуштун пайдасын.
Бирге жүрүп бакыт бүткөн эл менен
Эмгектенсин, эч ким артта калбасын.

## НАН БОЛСУН

Буудайдын даны — ак наным,
Сен үчүн менин тапканым.
Болбосоң үйдө күн сайын
Сени издеп, иштеп, жатпадым.

Тамак-аштын тазасы,
Азыктардын атасы.
Сен болсоң үйдө көбүрөөк
Эч кимдин болбойт капасы.

Буудайдын даны — ак наным,
Өстүрдүм, өндүң, сактадым.
Көпчүлүккө нан болсо
Көшөөрүп күндө жазганым.

## БАЛДАРЫМДЫН СЫЙМЫГЫ

Жел желпинет ак буудайды аралап,
Жүгүнүшөт күн нурларын ыктанып.
Тоо боорунда жашыл арча таранат
Жаш келиндей жалаң жыпар жыттаны

Ак кайыңдар ак кыздардай буралып,
Ак теректер бозойлордой керилип.

Торгой сайрайт тынчтык күнгө кубанып,
Толгон жемиш бөпөлөрдөй көрүнүп.

Бул көрүнүш ата-журтум — мекеним,
Мен төрөлүп, мен көгөрүп өскөн жер.
Ата-бабам мага берип кезегин
Тилегине бүткүл кыргыз жеткен жер.

Бала чакты жаз башында тосконмун,
Таң алдында күндүн нурун кучактап.
Жигит кезде жерге эмгек кошконмун
Сепкем үрөн айдоолорго ызаттап.

Ошондогу сезгендерим дагы эле,
Жүрөгүмдүн түпкүрүндө жүргөнсүйт.
Бала чагым оюн баштап жаңы эле
Балбылдап көз бакырайып күлгөнсүйт.

Жыламыштын жылтырканын аралап,
Козу жайып, коёнду кууп шашканмын.
Котур ташка согончокту жаралап,
Жолбун иттен карышкыр деп качканмын.

Сокулуктун дарыясын кечкенмин,
Суук колтуктан өткөнүнө карабай.
Барк албастан бачай гүлүн тепседим,
Балалыктын чын кумары тарабай.

Сиңип калган күзгү булак жаныма,
Кубат кошуп карыганда жаныма.
Кызыл дандан, ырдан бүткөн кырманым
Белек болсун, замандаштар, баарыңа.

Өткөн өмүр, келечегим, турмушум,
Мекенимдин мага берген сыйлыгы.
Ала-тоолук Манас жүргөн кыргызым,
Ата-бабам, балдарымдын сыймыгы.

Жел желпинет ак буудайды аралап,
Берекелүү күздүн күчүн сагынып.
Бала кезим кайра өзүмдө жаралат
Колун созуп кызыл жагоо тагынып.

## ЫРААЗЫМЫН

Узун жолдо бара жатам токтобой,
Жатып ичээр жан бактыга окшобой.
Ыраазымын бабаларга байыркы
Мекен кылган тоодон журтун козгобой.

Тоолор бийик, тоодон өтөм куш болуп,
Дагы тоолор узун жолдо туш болуп.
Чыгышым тоо, батышым тоо, баары тоо,
Аска башы мөңгү болуп, муз тоңуп.

Жүгүрөм каптал менен, кыя менен,
Каякка карасам да тоону көрөм.
Жолум тоо, мекеним тоо, жүрөгүм тоо
Тоолордон гүл тергендей ырлар терем.

Тоо менен бирге бүткөн менин жаным,
Тунук көз булагынан ысык каным.
Тоодо күн, тоодо айым, тоодо үйүм,
Бийикте асман тиреп тоодой багым.

Узун жолдо бара жатам токтобой,
Күлүк кезим кашаңдарга окшобой.
Ыраазымын партияма, элиме,
Тоомо такты кызыл тууну козгобой.

## КОЗУБАГЛАН

Катыраңды тууган кылып өзүнө.
Түшүнгөндөй аскалардын сөзүнө.
Козубаглан түздү көздөй шашылат
Тармал толкун тагып алып төшүнө.

Күзгү болуп карагайга, арчага,
Өң-түс берип карагатка, алчага.
Алп тоолордон артыгыраак мүнөзү
Тоодой ташты чүкө кылып калчама.

Күүгө кирсе тоо томкоргон күчүн көр,
Жан бүткөндөй жасап жаткан ишин көр.
Катыраңды кайкалатып тойгузган
Жемишин көр, тоо койнунун жүзүн көр.

Козубаглан күрпүлдөгөн дарыя,
Жер гүлдөтүү милдети ага жарыя.
Элди сыйлап, элди өзүнө үйрөткөн
Миңге чыккан өмүрү узун карыя.

## ТАЗАЛЫГЫН САКТАСАК

Өтө берип
Жолун күндө тазалап,
Мен улгаям,

Тиги тоолор жашарат.
Булак күлүп
Шыңкылдайт да, жылтылдайт.
Тиккен дарак,
Тигил гүлдөр жасанат.
Бала кезим конок болуп бир келбей
Азоолордой карматпаган качанаак.
Чыккан сайын
Мөңгү жаткан бийикке,
Аппак карлар,
Абасы да тазараак.
Табигаттын тазалыгын сактасак,
Адам дагы Ала-Тоодой жашамак.

## АТ КЫРГЫЗДЫН КАНАТЫ

Тоо көркүнө көзүм такыр тойбогон,
Көргөн кезде абамдарды ойлоном:
Көчүп жүрүп оюн-кырын кыдырып
Адырында ат чабышып ойногон.

Улак тартып ойго, дөңгө карабай,
Ат үстүндө жаш чабандес баладай.
Душманын да ат үстүндө кыйраткан,
Кылыч сунуп, ок атсаң да жадабай.

Минген аты канат болуп кыргызга,
Атчан болсо, жеңемин деп тырмышпа.
Дабыратып чабышканын көргөндө
Жетчү сымак жетигенге, жылдызга.

Жолго чыкса ат куйругу түйүлүп,
Аял, эркек ат мингенге сүйүнүп.

Ат үстүндө абаларым жүргөндө
Айбатынан ар кыл душман бүлүнүп.

Күлүктөрүн саяпкери таптаган,
Көмөлдүрүк күмүш менен чаптаган.
Ээр токумун, куюшканын, жүгөнүн
Жөө калса да сураганга сатпаган.

## ЫЙЫК, БИЙИК

Чоң токойдон каалаганча кезсең да,
Тамырына тамга салып өтсөң да.
Кайра чыгат мезгилине жараша
Кайраттанып каарыңды төксөң да.

Адам дагы токой сымак туруктуу,
Тирүү болсо жолуктурат ырысты.
Тынчтык болсун жер бетинде түбөлүк
Курчутпагын кында жаткан кылычты.

Турмуш кызык өмүр жолун тактагын,
Адам аты ыйык, бийик, сатпагын.
Адам менен жер бетинин гүлдөшү,
Ата-журттун ишеничин актагын.

## ЫР МЕНЕН

Ыр менен керек болсо көкөлөймүн,
Саптарын канат кылып уча билем.
Эркимче жүгөн салып жетелеймин
Жакпаса өчүрөмүн сыза билем.

Ыр менен таанышканмын жигит кезде,
Башына кызыл гүлдөн жоолук салып.
Ал болбой кыйнаганы дайым эсте
Чүйрүңдөп кулагына сөйкө тагып.

Акыры сүйгөнүмдү түшүндү ыр,
Туш-тушка азоолордой ала качпай.
Тынчтанып мурдагыдай салбады чыр
Кээ күнү калсам дагы сага жакпай.

## КЕЧИНДЕ

Күн жаңыдан уясына батканда,
Сирень гүлү атыр чачты өзүмө.
Бий аянты жалгыз бара жатканда
Булбул сайрайт түшүнгөнсүп сөзүмө.

Оң жагымда алма гүлү ачылып,
Иңир кирип тиктейм, издейм таба албайм.
Бутактары туш тарапка чачылып
Тартип ушул гүлдү үзүп ала албайм.

Биздин жердин гүлдөрүнүн жыты ай,
Кичинекей неберемдин жытындай.
Ушул жердин күн батаарда кызыгы ай
Периштенин кол тийбеген кызындай.

Бий аянтты жерден жаңы ай чыккандай,
Прожектордун жарыгына сыйынып,
Жазылуучу ырга келген шыктардай
Музыканын мукам үнү угулуп.

Кучакташып эки экиден бөлүнүп,
Жерди чертип назик буттар тыбырап.
Күлкү, күүлөр туш тарапка төгүлүп
Айлуу түнгө адашпастай сыйынат.

Ал мен болсом булбул үнүн унутпай,
Токтой калса ошол замат сагыныч.
Тоо артына көчүп кеткен булуттай
Жаштыгыма пайда болуп таарыныч.

## КАЙРА ЖАҢЫ БАШТАДЫМ

Балалыкты жетимдиктен баштадым,
Ата-энемдин өңү-түсүн билбедим.
Балалыкты бир күн жүрбөй таштадым
Оюн салып ойнободум, күлбөдүм.

Отун алдым бадалдарды аралап,
Чөмөр тилип таманымды аябай.
Жүргөн жокмун эркин ойноп сабалап
Ата-энелүү ардакталган баладай.

Суу ташыдым, күл чыгарып тынбадым,
Бир үзүм нан кымбат экен баарынан.
Жалгыз калып мээнет урса ыйладым
Көптү көрдүм өткөн заман каарынан

Бала кезим эми гана күлүңдөп,
Учурашып кармагансыйт колумдан.
Дооруң жаңы, кайра келдим, сүйүн деп,
Тосуп чыкты шаар четинде жолумдан.

Колду бердим, кучакташтым, күрөштүм,
Кетип калган энем кайра келгендей.
Эс танганча эрким менен өбүштүм,
Жолумдагы тоскоолдорду жеңгендей.

Балалыкты кайра жаңы баштадым,
Балдарга деп китеп жазып сүйүнүп.
Балалыктын баркын билдим, шашпадым
Кол куушурам салам айтып ийилип.

## МЕЗГИЛДЕР

Жаз жаңынын жылдызы

Жаз келгенин өмүрүмдө көп көрдүм,
Далай жазды байкабастан өткөрдүм.
Быйылкы жаз пейли кенен жаз болду,
Ырга толду жазыла элек дептерим.

Кар билинбей эрип кетти заматта,
Сууда тоңгон күзгү муздар каякта.
Кайкалаган карагайдын бутагы
Окшоп кетти бир карасам канатка.

Кезек келди, жаз жашынып жатпады,
Билген сырын табигаттан катпады.
Быйылкы жаз тынчтык, элде береке,
Тоо, талаанын жайылгандай чачпагы.

Көчөлөрдөн машиналар шашылып,
Үй-үйлөрдүн терезеси ачылып.
Таңкы аба конок болду ар кимге
Кучактап өөп, курбусундай асылып.

Көтөрүлдү, күн ордунда турбады,
Даярдалып табигаттын жыйнагы.
Китеп кылып барактаса болчудай
Тилин билсең жерден окуп ырларды.

Байчечекей козулардай жамырап,
Бак бутагы бүчүр мончок тагынат.
Мажүрүм тал кулач жайып күлүңдөп
Жазды сүйүп жаракөрдөй сагынат.

Талаа бети таң алдынан көгөрүп,
Тоонун башы ак булутту өңөрүп.
Жер энедей кайсы жакты карасаң
Жаңы баары эсеби жок төрөлүп.

Баш көтөрүп кулак алып мандалак,
Сагызгандар учуп-конот, сандалат.
Кыр-кырлардан кылчактаган кар кетип
Жаз келгенге жакырсынат, арданат.

* * *

Мага дагы адырандап жаз келди,
Үйгө жумшап жылуу-жумшак жаш желди.
Кубандырып, курсант кылып жаткансыйт
Мени дагы, мен сыяктуу бүт элди.

Менин жазым өтүп кеткен капкачан,
Жаз жөнүндө жадабаймын, ыр жазам.
Бирок менин жазым кайра келбейт го,
Күнү-түнү, өмүр бою мактасам.

Мейли ал жаз кете берсин коштошуп,
Мен алганмын ушул жазга достошуп.

Быйылкы жаз неберемдин жазы экен
Кызым, уулум ойноп жүрөт окшошуп.

Чүкө чертип, чабелекей чабышып,
Ат ордуна чырпык минип алышып.
Ракета учурам дейт Айбегим
Кара жолдо «космодром» салышып.

Ишке ашсын жаз алдында тилектер,
Ишке кирди чарбактарда күрөктөр,
Кайда барсаң жарышкандай сезесиң
Саат чыкылдап аны туурайт жүрөктөр.

* * *

Күндөр өтүп арча, кайың таранып,
Өрүк гүлдөп кар жаагандай агарып.
Кумурскалар өз жолунан адашпай
Алар үчүн турмуш кайра жаралып.

Талаа, тоодон тандап дыңдар бузулуп,
Кампалардан кап-кап үрөн сузулуп.
Трактордун ээрчип алган артынан
Чөкө таандар, чыйырчыктар кызыгып.

Тракторист өз ишине берилип,
Жеңип алган желекчеси көрүнүп.
Он эки саат тыным албай иштеди,
Чекесинен бермет мончок төгүлүп.

Алп эмгектер бала жазга жүгүнүп,
Ачык жерге арбын көчөт тигилип.
Эмгек кайнайт, эмгек жайнайт, айлана
Көз алдыңда өзүнчө бир чимирик.

Ат кулактар жел тийишсе шабырап,
Алмалардын бүчүрлөрү жарылат.
Шабдаалы да жалбырагын күткөнсүп
Сейрек турат, күн нуруна жалынат.

* * *

Карылыгы жетип калган карагай,
Эми өзгөрдү күлкүсү көп баладай.
Жанга кирди, булак суусу келгенде
Жүздөн ашып кеткенине карабай.

Коңшу болуп оң жагында көк чынар,
Жалбырагы салаңдаган көп тумар.
Эң учуна бир куш уя салыптыр,
Канаты жок ошол жерге ким чыгар.

Бардык жерде турмуш, күрөш адатта,
Дары сымак жаңы жазым жараткан.
Жаз келгенде ишиңди тез бүтүрүп,
Жай келгенче жагалдан да, шаракта.

* * *

Жаздын түнү бак ичинде көңүлдүү,
Жашарткандай жаркыратып өмүрдү.
Жолуктурдум жоогазынга окшогон
Жыпар жыттуу, жылдыз кутту келинди.
Колтукташып кобурашып бараткан
Жакшы билем Жигитаалы теңиңди.

Жигитаалы колхозунда жылкычы,
Комуз черткен бир айылдын ырчысы.
Акын ырын колхозчулар мактаган,
Чындыгында эл ырчынын сынчысы.

Тынчтык болсо түнкү бактын ичинде,
Тынчтык болсо бүткүл жердин жүзүндө.
Тынчтык болсо жай да сонун, кыш сонун
Тынчтык менен түшүм жыйсак күзүндө.

* * *

Жаз жанымда, үйүмдө,
Жаңы келген күнүмдө.
Ай нур чачкан түнүмдө,
Ачылган асыл гүлүмдө.

Мекенимде, жанымда,
Жүрөгүмдө, канымда.
Жолдошумда, баламда,
Өзүм турган айылда.

Күндө баскан жолумда,
Жаз жаркырап нур чачат.
Кармап алдым колума,
Жаз жыргалдын тилеги.
Сулуу кыздын ирени,
Жаркылдасын жашыл жаз
Жайнап, ойноп күлөлү.
Жаз булактан атылат,
Жаз акынды чакырат.
Жаз жөнүндө далай ыр
Жагалданып жазылат.

Жаз жарыштын мараасы,
Жаз жаштыктын калаасы.
Жаз, гүл, булбул үн кошкон
Жакшынакай талаасы.

Жаз жаңынын жылдызы,
Жаз жылымдын кундузу.
Жаз өмүрдүн чырагы,
Жаз адамдын турмушу.

Жаз баланын оюну,
Чүрпөлөрдүн жоругу.
Жыл башынын коругу.
Тынчтык менен жыргалдын
Түбөлүктүү оруну.

## ЖАЙ ЖЫЛЫМДЫН НУР КЫЗЫ

Булбул мукам таң алдынан таңшыган,
Колуна алып өз укугун жалпыдан.
Мен жүрөмүн өз шаарымды кыдырып,
Чуркап жүрөт Сооронбай да артыман.

Кызгалдактар кайраттанып ачылып,
Жыпар жыты туш-тарапка чачылып.
Түндө жааган чагылгандуу жамгыр да
Таң атаарда калган экен басылып.

Туман тарап менден мурда ойгонуп,
Күн чыга элек тоо артында коргонуп.
Тазаланып таң алдынан көчөлөр,
Ак кайыңдар турган сымак ойлонуп.

Жел желпинсе шыбырашып бутактар,
Сагынгандай бирин-бири кучактаар.
Уйкусурап үйүмдөгү балдарым
Тургун десе ыксырашып бышактаар.

Жай күнүндө кызык таңдын атканы,
Миң-сан жылдыз уясында жатканы.
Таңкы чолпон кайда кеткен көрүнбөй
Күн нурунан уялгансып качканы.

Табигаттын кызык экен жышаны,
Ойгонбосо бүркүт көктө учабы.
Көтөрүлдү көк асманга улуу күн,
Мезгил менен биз да кошо сызалы.

* * *

Учкум келет канат болсо тоолорго,
Көтөрүлүп булут менен жарышып,
Чыккым келет жасалма аска-зоолорго
Ыр жазгандай аны өзүмө багынтып.

Тергим келет Ак-Сай, Арпа гүлдөрүн,
Моокум канып кыз сүйгөндөй жыттасам.
Өмүр бою ардактаса сүйгөнүң,
Кучагынан кумарланып чыкпасам.

Таштан аткан күзгү булак караса,
Акын жазган ырларына тамшанып.
Таңкы абадай кыштагыма тараса
Пегас минип, махабаттан камчы алып.

Араласам тескей менен күңгөйдү,
Сүзүп өтсөм Ысык-Көлдү ырдатып.
Коштоп жүрсөм колун кармап сүйгөндү
Өмүр бою жай күнүндөй жыргатып.

Тилин билсем, бүркүт менен кеңешсем,
Кожожаштай ыкчам болсом баарына.
Куштар учпас аскаларга теңешсем,
Мүрөк суусун ташып берип карыга.

* * *

Жыты келет анделектин алыстан,
Мени менен бала кезде таанышкан.
Барып калсам конок болуп айылга
Балдар тосот, карыялар даанышман.

Азыркы айыл мурдагыдан башкача,
Туура келет тууганыңдай мактаса.
Жайдын өзү түбөлүк жай конгондой
Гүл кулпунуп, солубаса, шашпаса.

Ар бир чарбак алма, өрүктүн ордосу,
Жаңгак бийик, чынар терек жолдошу.
Жүгөрүлөр чачыктарын чыгарган
Күн карама күндү карайт боордошу.

Жай жай алган күлкүсү көп багымдан,
Башкарманын, колхозчунун тамынан.
Жаз жай алган тиги кыздын бетинен,
Жай, курбум, дейт жаңы келин, жаңы улан.

Көрбөйсүңбү маданият сарайын,
Мен да ошого киносуна барайын.
Көңүлүмдө ошол жерде жүргөнсүйт,
Бала кезде бактымды ачкан таалайым.

Ошол жерде өзүм жазган китебим,
Ойго батып, шыгым келип күчөдүм.
Жайга арнап, жай жөнүндө баштадым,
Дастан болот эмки жайда бүтөмүн.

Айыл чети арбын колхоз талаасы,
Гүлдөп жаткан күрпөң беде карачы.
Тегеренет дарыядан күч алып
Тегирмендин тегеренген парасы.

Тиги буудай ушул жайдын эмгеги,
Келдим анын баш алганын көргөнү.
Даярданып дан кучактап жаткансыйт
Өз элине берекесин бергени.

Кара жумуш качып кетти айылдан,
Машиналар үнүн кошуп жаңырган.
Айылыма асманда күн таңданат,
Көз арткансыйт чартылдаган чагылган.

Жутуп алсаң суусаганда кымызын,
Уктап алсаң көлөкөдө тымызын.
Жай кучактап жайкап турса өзүңдү,
Жай аткарып өзү бүтсө жумушум.

Деги жайдын байлыктары башкача,
Эгер элим эмгек менен актаса.
Жай күнүнүн жапырт кылган жумушу
Жаш булактай шаркыраган таптаза.

* * *

Сары-Челекке бой көтөрүп жай келди,
Сулуулугун, улуулугун көрмөккө.
Кырга чыгып айлананы бүт көрдү
Кожогатын, алма, өрүгүн термекке.

Көз жумганча аралады Аркытты,
Конуш кылып жаңгактардын бутагын.
Колдорунан өөп-жыттап тартышты
Жайга жайып кызыл аска кучагын.

Жай таңданды көргөнүнө ишенбей,
Эки жагын, эңкейишти карады.
Былтыркыдай кетемин деп күчөнбөй
Ушул жерде бир моокуму тарады.

Жай ырдады үнүн мында кубултуп,
Кокту, колот кошо ырдады жаңырып.
Табигаттын оркестрин чубуртуп
Табигаттын барабаны чалынып.

Карагайлар, жаңгак, чынар желпинип,
Бекер карап четин дагы турбады.
Тармал арча алган сымак телчигип,
Ак кайыңдар асем менен ырдады.

Ырдап жатты күлкүсү көп булактар,
Ырдап жатты атырылып дарыя.
Таштан ташка секиришип улактар
Жан-жаныбар баарыңарга жарыя.

Карагаттын бутактарын карасам,
Кызыгышып кыздар шуру таккандай.

Улам өйдө өзүм чыгып баратам
Ырларыма жаңы барак ачкандай.

Менден качпайт канаты чаар кекилик,
Улам учуп, улам кайра жорголоп.
Жатып албай түлкүлөр да бекинип
Аюу жүрөт кимден коркот, корголоп.

Мында мылтык адат болгон атылбайт,
Элик жүрөт эки көзү алаңдап.
Толгон жемиш, ала бергин, сатылбайт
Шиңгил жүзүм бутагында салаңдап.

Кожогаты коюндашып алышкан
Булдуркөндүн чырмоогуна тийишип.
Кашкулактар коён менен жарышкан
Башка жердей качпайт экен үркүшүп.

Деги кызык Сары-Челектин аймагы,
Деги сонун жай каткырып күлгөндөй.
Качан барсаң бал кошулган каймагы
Бейиш деген ушул го дейм түшүнбөй.

Кайык менен көл үстүндө жөнөдүм,
Ырым кошо мага жолдош жанымда.
Көл түбүнөн кызыктарды көрөмүн,
Айтып берем билгенимди баарыңа.

Көлү тунук күзгү болуп күлүңдөйт
Түшкөн сымак булут мында калкыган.
Кайык менен бараткның билинбейт
Калактарым, кашаң болбой камчылан.

Көл түбүндө төөлөр чөгүп жаткандай,
Чуудалары туш-тарапка жайылып.
Ай, күн келип ушул жерде баткандай
Жарк-журк этип чагылган да багынып.

Ажыдаарбы ышкырыгын күчөткөн
Алдыдагы мойнун созгон эмне экен.
Бирде иймеңдеп, бирде боюн түзөткөн
Суу түбүндө кызык музей көлдө экен.

Бүркүт учуп түпкүрүндө жүргөнсүйт,
Тоо текени томолотуп качырып.
Карышкырга жапырылып тийгенсийт
Болгон чатак азыр эле басылып.

Көлдүн жээги адам өткүс карагай,
Калың чыккан атаандашып арчалар.
Суу түбүндө таштар жатат баладай,
Ушул жерде кызыктар көп канчалык.

Чын эле экен чөккөн төөбүз, ажыдаар
Карагайдын капкачанкы дүмүрү.
Көргүң келсе көзүңдү сал, баары бар
Таап аласың керек болсо гүлүңү.

Балыктары алтын дейсиң сапсары
Кайык менен атандашып жарышып.
Көлдүн жээги алма, өрүктүн бактары
Жер жайнаган шамал өзү кагышып.

Сары-Челектин досу келди, жай келди,
Кеткени жок башка жакка тентиреп.
Кучактады, өпкүлөдү бул жерди
Алган сымак бир өзүнө энчилеп.

* * *

Жай жанымдын жыргалы,
Жай канымдын ырлары.
Жай кыздардын шурусу,
Жай колхоздун кырманы.

Жай күлкүнүн шаңдары,
Жай эмгектин салмагы.
Июнь, июль, август ай
Улуу жылдын балдары.

Жай турмуштун күзгүсү,
Төрт мезгилдин күчтүүсү.
Табигаттын тазасы
Өнөрү көп иштүүсү.

Казан кези дарбыздын,
Жыттуу кези жалбыздын.
Ырчы кези булбулдун,
Күлүк кези дулдулдун.

Көңүлү жай, ишке шай,
Бышык кези курбуңдун.
Муздак кези жууразттын,
Шашкан кези мураптын.
Жер бетине күч берчү
Келген кези кубаттын.

## КҮЗ МЕКЕНДИН БАЙЛЫГЫ

Куштай учуп жерге конот жалбырак,
Карап турам жел ойносо жалдырап.
Чындыгында мен да күздүн өзүмүн
Эмнегедир эки бетим албырат.

Берекеси пейли кенен апамдай,
Кубанычы байлык сүйгөң атамдай.
Кайда барсаң ак төө карды жарылып
Кашыкта май, кайкалаган чөмүч май.

Кыргыз жери өмүрүмдүн мүрөгү,
Ала-Тоосу кең ааламдын жүрөгү.
Тоо башында толкуп жаткан Соң-Көлү
Дүйнөдөгү түркүн көлдүн чүрөгү.

Алыс кетиң Ала-Тоонун канаты,
Күздү сүйүү кыргыздардын адаты.
Малын жайып, эгин айдап сугарган
Дыйкан абам берекенин таланты.

Тоо башына чыгып, алып тиктесем,
Сары өзөн Чүй көзгө урунат издесем.
Чамдагыла, чакырылбай кыш келет
Чатак кылат даярданып күтпөсөң.

* * *

Биздин жерде аңыз айдоо сары алтын,
Күз күлкүлүү, айланасы баары алтын.
Ал алтындар оруп-жыйып алышса,
Кампа толо, ороо толо жаңы алтын.

Жибек пахта, чанактары жарылып,
Кыз-келиндин назик колун сагынып.
Мени иер деп кызыгышат чанактар
Акыл ээси адамдарга багынып.

Талаа жемиш, тоодо жемиш, жер жемиш
Баркы бийик эмгектешкин, тез териш.
Жыйнап алсаң жаз, жай кылган эмгектин
Жыйынтыгы ар адамга чоң жеңиш.

Бул сөздү айткан таң алдында чоң энем,
Эртең окуу, небереме гүл терем.
Биринчиге билим үчүн барышат
Мойтоңдогон бөбөктөрдү мен көрөм.

* * *

Чоң энемдин короосуна кирип көр,
Күз ушунда, күз конокто жүргөнсүйт.
Күзгө барып башыңды ий, колуң бер
Чоң энемдин короосунда күлгөнсүйт.

Эшик алды шиңгил жүзүм гүл чатыр,
Чеңгел толо үзүп алсаң мөлтүрөп.
Конок болгон чоң энеме биз баатыр,
Барбай койсоң кууп жүрүп келтирет.

Алмасын көр шагы жерге ийилген,
Бутактарын жөлөп койгон атайын.
Качан барсаң короо гүлдөн кийинген
Жайган сымак үстү-алдыңа бачайын.

Дубал ашып салаңдаган ашкабак,
Кучак жеткис чоңдугуна карасам.
Эмне мынча үзүлбөгөн күч сабак
Мен таң калам сурай албай баратам.

Короо күзгү — чындыгы эле күзгүдөй,
Бир кыпынды издесең да таппайсың.
Көк көлү бар чабак уруп сүзгүдөй
Бир чөмүлсөң чоң энемди мактайсың.

Балыгы бар көк көлүңдү ойногон,
Кайырмакты канча салсаң карматпайт.
Коону ширин канча жесем тойбогом,
Чоң энемди ким болсо да ардактайт.

Күз да ардактайт чоң энемдин үйүндө,
Биротала кетпей жатып алганбы.
Бир гүлүнө тийип койсоң сүйүнбө,
Кабак бүркөйт, айта берет арманды.

Жапкан токоч, каймак кошкон калама,
Сары кымыз көбүктөнөт күчүн көр.
Ак дасторкон, баш айланат караба
Ашкананын байлыгын көр, ичин көр.

Күздүн досу, күчтүн досу чоң энем,
Багбандыгы агроном ченде жок.
Барып калсам шабдаалысын мен терем
Башка иштери колдон келбейт, эбим жок.

* * *

Таңда турам ал баштатан адатым,
Таңкы желдин этегинен кармаймын.

Күз күчүнөн жазып жаткан санатым
Мен ырымды бапестеймин, тандаймын.

Күз жамгыры бир башталса токтобос,
Ичиркентип чыйрак кылат өзүңдү.
Кыргыз жери башка жакка окшобос
Эмгектенсең эки кылбайт сөзүңдү.

Мен жамгырды ата-энемдей сүйөмүн,
Жамгыр болбой жер байлыгын билбейсиң.
Жамгыр менен акын болуп жүрөмүн,
Жамгыр болбой жаңы көйнөк кийбейсиң.

Башка унутсун мейли ага таарынбайм,
Сен унутпа, досуңдай көр, жамгырым.
Чындап келсе мен башканы сагынбайм
Жамгыр сымак жер көгөрткөн тагдырым.

Жамгыр жааса дабышынан ыр угам,
Тыңшай берем Бетховенди уккандай.
Өзүнчө бир адам билбес сыр угам
Кайра барып жыйырма бешке чыккандай.

* * *

Чынар терек жалбырагын учурат,
Учургансып балапанын көгүчкөн.
Сабын жазбай турна асманда сызылат
Кайда барат, кайдан алар келишкен.

Мажүрүм тал жаш келиндей ийилет,
Жалбырагы уялгандай кызарып.
Шыраалжындар шымаланып түрүнөт
Жылдагыдан калган сымак узарып.

Күздүн күчү байлыгымдын аймагы,
Күздүн күчү үйүмдө да, багымда.
Күздүн толо бал кошулган каймагы,
Күздүн күчү шаарымда да, айылда.

Күздүн күчү нан сатылган дүкөндө,
Күздүн күчү жекшембиде, базарда.
Жүрбөйсүңбү, бардыгы бар дүкөндө
Жардам берип жаңы ырларды жазарда.

Чынар терек жалбырагын учурат
Ай-ааламга кабар берип жаткансып.
Жазган ырым бир келинге сунулат,
Сүйүү гүлүн бир ошого таккансып.

* * *

Барып келдим Ысык-Ата арашан,
Токой кызык айланама карасам.
Күздү мактап ырдап жатат чымчыктар
Мен да алардын ырларынан талашам.

Куттукташып мени тосуп алгандай,
Коён качты ойноп жүргөн балдардай.
Суу жээгинде бир өзгөчө таш турат
Шымаланган күрөшүүчү балбандай.

Далай жылы буга элдер жыйылган,
Күн жаабаса түлөө кылып сыйынган.
Турган окшойт «касиеттүү» ушул таш
Биз билбеген эң байыркы кылымдан.

Далай кузду таразалап көргөндүр,
Далай заман өз доорунда келгендир.
Ушул ташка кол көтөрүп сыйынып
Кармашканын калтыратып жеңгендир.

Суу боюнда чылкый кызыл, сары тал,
Бетегеси үлпүлдөгөн болуп жал.
Сайрап жатат күңгөй жакта улар куш
Уктуң беле, көрдүң беле, кулак сал.

* * *

Күз береке ушул жылга ичинде,
Өз өнөрүн туш-тарапка жайганбы.
Мындай жер жок бүткүл жердин жүзүндө
Бул айтканым же башкага жалганбы.

Токой толгон бир өзүнчө тамаша,
Кулак салып, баарын байкап караса.
Арча, четин, ак кайыңдар бир тууган
Өскөнүн көр бир-бирине жанаша.

Көрүп калсаң элик качат элирип,
Чаарчыгы кундуз өңдүү семирип.
Менден бийик бул тарапта жок го деп
Кайкалаган карагай да керилип.

Күз күнүмдүн күчтүү келет абасы,
Боз баланын энтиккенин карачы.
Улам жыттап чайнап коёт пиязды
Пияз болсо бийиктикте арачы.

Күз адыры сары шайы жамынып,
Түз жеринен малга чөбү чабылып.
Ырдап калсам көңүлүмдү көтөрүп
Тар капчыгай мени туурап жаңырып.

Арча сезбейт улуу күздүн келгенин
Айтып бербейт өмүрүндө көргөнүн.
Жаш бозойдой жагалданып жайкалып
Арча комуз колумдагы эрмегим.

Күздө шилби тобун жазбайт топтошуп,
Долонолор бир-бирине окшошуп.
Тобулгу да бизге колун көтөрүп
Жаткан сымак жагалданып, достошуп.

Өзүнчө бир сүрөт тартып койгондой,
Ушул жерде күздүн тою болгондой.
Айланабыз тегерете аскалар
Колдон адам куруп койгон коргондой.

Күз чабыттап байлык элге таратып,
Күздүн күчүн билбегенге жаны ачып.
Күздү мактап бир карыя сүйлөдү
Мени менен Үч-Булакка баратып.

Эмгек кылсаң күздө күчтүү береке,
Күзгү түшүм жарайт дайым керекке.
Кышта керек, жазда керек, катып ал
Сары майды, ширин балды челекке.

* * *

Күз күнүмдүн жыргалы,
Берекенин кырдаалы.
Маңызын жуткан жүзүмдүн
Ырларымдын ыргагы.

Сыгып ичип анарды,
Эрке бийкеч таранды.
Күздүн күчүн билбеген
Чындыгында адамбы.

Күздүн билсең шириеси,
Кубатыңдын бир өзү.
Жыты келет ак нандын
Өмүрүмдүн сүрөөсү.
Жыргал менен береке
Быйылкы күздүн сүрөтү.
Жыйынтыгы жылымдын,
Көркү, көзү ырымдын.
Атайы так айтпаган
Ачкычы күз сырымдын.

Күз күжүрмөн жигиттей,
Таптап койгон күлүктөй.
Арнап койгон ар кимге
Арбын азык-түлүктөй.
Бетегеге семирген
Белден ашкан кийиктей.

Эмгек кылган барыктай,
Жол көрсөткөн жарыктай.
Күз жөнүндө ырдаймын
Күз сыяктуу талыкпай.
Кемтиги жок керилип
Суусу толо арыктай.
Күжүрмөн күз, келе бер,
Орто жолдо чалыкпай.
Күз жылымдын байрагы,
Той-тамаша аймагы.
Кышка кызуу камынган

Дыйкан абам сайраны.
Ак дасторкон ар үйдө
Апамдар сүйүп жайганы.
Жаз, жай болсо жаркылдап
Жакшы күздүн балдары.

## КЫШ ЖЫЛЫМДЫН САНДЫГЫ

Кыштын да кызыгы бар билсе аны,
Таптаза бойго жеткен кыздай кары.
Кири жок, киргили жок куудай аппак
Ала-Тоом, өзөн, талаа, жердин баары.
Абасын филтр менен өткөргөндөй
Чаңы жок, микроб жок кыштын таңы.

Кар калың түшкөн сайын жер кубанып,
Мол түшүм алабыз деп эл кубанып.
Ыр жазам үйдө олтуруп кар жааганда
Дептерим, калем учум тең кубанып.
Үшүдүм, үйдөн чыкпайм дегендер бар
Аларды көргөн сайын мен уялып.

Кыш кызык балдар үчүн чана тепкен,
Кар жааса жабалактап бийик көктөн.
Кар калың түшкөн сайын арты жакшы
Кадырлуу боло бермек келчү көктөм.
Жарышкан күлүк элем коньки тепкен
Бала кез, бактылуу кез, чыкпайт эстен.

Күмүштөн чапан кийген аппак кайың,
Кызык көп кыштын күнү айыл сайын.
Ордо атып омуроолошуп орто жерде
Утканы, уттурганы болуп жалын.

Мал жакшы, малды баккан малчы жакшы
Мурдатан көрүп койгон кыштын камын.

* * *

Айылда илгертеден жоро, бозо,
Казанда казы, карта, эти кошо.
Келиндер сармерденди ырдаганда,
Жигиттер кызарышып кызыл жошо.
Улуусун кичүүлөрү урматташып,
Келгин деп, төргө өт, дешип жолун тосо.
Ошондо ырды жазып ымшып тердеп
Обонду ойноктотсоң бийик созо.
Комуздар сүйүү күүсүн черте берсе
Жүрөктөр толкундаса кызыгы ошо.

* * *

Кыш кызык ак шейшептен чатыр тигип,
Баратам узун жолдо жорго минип.
Жанымда сүйгөн жарым кошо болсо
Жаштыкты эске салып ойноп-күлүп.
Иштесем кой короодо чөптү чачып.
Ызгаарга баш ийбестен жеңди түрүп.
Төрт түлүк аман чыкса чилде, сууктан.
Жалындар жаркылдаса оттой күйүп.
Иштесе, тапшырманы так аткарса,
Малчы да, чабан жигит ишти сүйүп.
Кыштоого бара жатсам чана менен
Чөп ташып, тоют ташып жыргап, күлүп.

Көрдүм кышты калың токой аралап,
Фантазия көз алдыңда жаралат.
Буйдаланбай бутактарга сөз салчы

Ак халатчан адам сымак карагат.
Ак аюулар жолдо күтүп тургансыйт,
Тиги дүмүр жан бүткөндөй агарат.
Ак кайыңдар алкымы ак кыз болуп
Бутактарын жибек чачтай таранат.
Кыш токою өзүнчө бир жомоктой
Ырлар келет туш-тараптан сагалап.
Шакылдаган шашып учуп сагызган

Күн жарк этсе арча жашын агызган.
Кызыл четин кыздан бетер кылгырып
Чеке терин жең учуна тамызган.
Кекиликтер туш-тарапка жайылып
Машак терип жүргөн сымак аңыздан.
Кышкы токой сулуулугу башкача
Көрбөй калсаң өз ичиңден намыстан.

* * *

Тоо башында бороон боздойт ышкырып,
Шамал шашат кар учуруп, иш кылып.
Көчкү көчсө көтөрүлүп капчыгай
Колотторду, өрөөндөрдү түз кылып.
Жолдо жаткан таштар кетет атылып
Көчкү кыйын асканы да мыш кылып.
Жол жоголот күрткү күчөп күүлөнүп
Туш-тарабын тайгаланган муз кылып.
Кыргыз кышы, тоонун кышы башкача,
Аппак кары наристедей таптаза.
Карды челип жемин издейт топоздор
Семиз болот бакса дагы, бакпаса.
Карышкырга каарданса алдырбайт
Амалы артык, күч-кубаты башкача.
Кыргыз кышы жерге кымкап жапкандай,

Арча, кайың аппак шуру таккандай.
Амалын таап алдас уруп ак төөлөр
Ойдо-кырда эс алышып жаткандай.
Мазар ташка барып калсам аязда,

Ак шейшептен көшөгөсүн тарткандай.
Ай көрүнсө Ала-Тоонун башынан
Алтын, күмүш кар бетине чачкандай.
Ачык күндө асман толо жылдыздар
Жерди көздөй салаңдашып шашкандай.

Бир карасам толкуп жаткан деңиздей,
Кээ бир таштар мүйүзү бар өгүздөй.
Ала-Арчанын адыр-адыр тоолору
Бир-бирине окшоп кетет эгиздей.
Кардын баарын ушул жерге жыйгандай
Башка жакка бир кыпынын беришпей.
Суу боюнда шилбилерге көз салчы
Мончок таккан мөлтүрөгөн жемиштей.

Токсон чилде тоголонуп келгенби,
Бүткүл карды биздин тоого бергенби?
Басып калды түндө жааган түктүү кар
Айлыбызды, өзүм өскөн жергемди.
Трактордун күчү менен жол болду
Аяз ата өзү мында келгенби?
Ак куу минип алыс жактан аяз кыз
Түндө түшкөн түгөнбөгөн аппак кар
Биздин жерде күмүш чачын өргөнбү.
Таң калтырат мен гана эмес, мергенди,
Таң калтырат башка жактан келгенди.

* * *

Канчалык күчөнсө да аяз, чилде,
Билинбейт жылуу, жыргал биздин үйдө.
Канчалык аракетин арбытса да
Калың кар башын иет улуу күнгө.
Көк музун жалтыратып өзөн, булак
Күн тийсе үйрөнгөндөй кирет тилге.

Ар жерде аздан-аздан ала шалбырт,
Мөңгүдө карлар жатат куйгандай кыт.
Эл камы эрте болуп кыш башында
Кыйкырган кылыч алган болбоду жут.
Мал аман, малды баккан адам аман,
Элине келген экен жыргалдан кут.

Койлор тууп, козулары болуп эгиз,
Бордоктор байлангандан баары семиз.
Кар кетип, карлар эрип туш-тараптан
Карайды талаа жакта жерлер тегиз.
Барпаңдап байчечекей баш көтөрдү
Кыздарга белек кылып сен да териш.
Күнөстөп байбичелер ийик ийрет
Тал-терек туш-тарапка кулач керип.
Көгөрүп көтөрүлөт күңгөй тарап
Булут жок, бузулбаган асман көгүш.

* * *

Даярдык бардык жерде жазга жарыш,
Жазым да келип калды таштап арыш.
Кайкалайт көргөн сайын көчөмдөгү
Ак кайың, салам айтып, мага тааныш.

Чоюлуп боюн керет саз тараптан
Өткөндө чабылбаган калың камыш.
Суктанып суулар агып жылга толо
Ишине киришкендей казган алыш.
Оңой деп ойлобогун ушул кезде
Колхоздо эмгек кылып малды багыш.
Тартайын тамыр алган жерди тиштеп
Кекире, кебелбеген сары сагыз.
Кылтыйып арык бойлоп баш көтөргөн
Кылтыйып чыккан турат жапжаш жалбыз.
Баарынан жакыныраак жагалданат
Саанчы кыз, эпкиндүү кыз, биздин балдыз.
Жаз келсе күчүбүзгө күч кошулмак.
Жигитпиз солкулдаган — биз да талбыз.
Сүйгөнгө караңгыда жарык чачкан
Билсеңер көп кол жеткис асманда айбыз.
Кеңештеш Кермекаш кыз кетип калса,
Айтканды аткарууга биз да барбыз.
Сыр билбей сырттан салам айткандарга
Таякчан сакалы аппак сары чалбыз.
Ыр жазып майрам сайын куттуктаган
Аман бол, өзүм билген Алтынай кыз.

* * *

Кыш жылдын күлкүсү,
Чилдеси — түлкүсү.
Кар кийген чапаны,
Токсону — сакалы.
Бороону — ачуусу,
Аязы — жазуусу.
Май музу — сулуусу,
Беш тогол — жылуусу.

Көчкүсү — шашканы,
Көңүлүн ачканы.
Күрткүлөр азайып,
Кубаттын качканы.
Тер кетип акканы,
Өңүнөн азганы.
Жаркылдап жарчысы
Жаз ишин баштады.

## БАКЫТ КУШУ

(Жомок)

Эки коңшу жолугуп,
Кедей байдан корунуп.
Сүйлө,— деди чоң курсак,
Эмнегедир оолугуп.

— Сенден болсун сөз башы,
— А, мен болсом бир ташчы.
— Салаңдатып башыңды
Капасыңбы, чыныңды айтчы.

— Аның туура, билдиң сен,
Кайгырбайын кантип мен.
Баштан бактым болбосо
Күлмөк белем күчөп мен.

Ачка жатат балдарым,
Күндө урушат алганым.
Же, бай коңшум, өзүңдүн
Тийип койбойт жардамың.

Эптеп-септеп тапканым,
Беш күнгө жетпейт, ачкамын
Бир эчкибиз бар эле
Айла кетип сатканмын.

Бакыт бар дейт издеймин,
Же изине түшпөймүн.
Байлыгына башканын
Көзүм түшөт, тиктеймин.

Көрбөйсүңбү байларды,
Союп жешет тайларды.
Ээлеп алган ээлтен
Мол түшүм берчү жайларды.

Менин болсо бактым жок,
Эптеп-септеп күн өтөт.
Минип алаар тактым жок
Он күн ачка, бир күн ток.

— Бакыт деген—бул байлык,
Ичи толо чоң сандык.
Келе бербейт жөн эле,
Амалын таап биз алдык.

Сен да тапкын амалды,
Бакыт болуу жаманбы.
Соксоңдобой соода кыл
Көрсөтпөстөн карааңды.

Кээ бирөөнү алдагын,
Кээ бирөөнү кармагын.
Антип оокат кылбасаң
Ачка калат балдарың.

— Алдай албайм бирөөнү,
Ала албаймын күнөөнү.
Жакпайт мага арамдык
Өткөрсөм да түлөөнү.

— Анда күнөөң өзүңдө,
Сүйлөп жаткан сөзүңдө.
Жыртык чапан, көйнөктү
Жакшы көрсөң чечинбе.

Айткандай бир сөзүм бар,
Коңшумсуң го, кулак сал.
Бир жакшылык кылайын,
Өткүр болсоң кармап ал.

Көп байлардын ичи тар,
Дагы айтамын кулак сал.
Тиги шумкар тоосунда
Бакыт деген бир куш бар.

—Байлык—бакыт дей албайм
Байлык—сакчы дей албайм.
Өзүм эмгек кылбасам,
Бир үзүм нан жей албайм.

— Ошол куш түшсө торуңа,
Бак-таалай келет колуңа.
Барыктап элдер гүл чачат
Баскан сайын жолуңа.

Ал куштун бир ырымы,
Болбойт барган чыгымы.
Адилет болсоң жагасың —
Адам болсоң чыныгы,—

Деп коюп бай жөнөдү,
Кедейдин эмне кереги.
Бактысы анын базарда
Алып сатаар себеби.

...Бакыт кушун алам деп,
Бакыт, байлык табам деп.
Шумкар тоодон куланып
Ар кыл майып болгон көп.

Ушул куштун артынан
Түшкөн экен алты хан.
Бирок колу жетпептир
Эки гана шартынан.

— Адилеттүү адамга,
Келет экен саламга.
Адилеттүү болбосоң
Ал куш түшпөйт арамга.

Чындык шарты ушу дейт,
Чын бакыттын кушу дейт.
Ачылуучу эшигин
Шумкар тоонун учу дейт.

Таяк алып колуна,
Кап, аркан байлап жонуна.
Шумкар тоого жөнөдү
Бактылуу адам болууга.

Шумкар тоонун аскасы,
Ким билсин, кимдин жашташы.
Куюлуп кетсе шагыл таш
Куш чокудан башкасы.

Акыл менен баспасаң,
Адашып арым таштасаң.
Акыретке кетесиң
Абайлабай аттасаң.

Этек, жеңин түрүнүп,
Тер кетип өзү күйүгүп.
Жарканаттай жармашат,
Тал чыбыктай ийилип.

Кетпейин деп жаңылып,
Калбайын деп чалынып.
Чарчаганга карабай
Чалмалуу тоо багынып.

Тизелери сүрүлүп,
Эки колу тилинип.
Араң эле кыймылдап,
Анда-санда илинип.

Төмөн жагы алыстап,
Чыккан сымак карыштап.
Жалама аска бетинде
Кандай эме жарышмак.

Күчүнө күч кошулуп,
Турса да жол тосулуп.
Кумурскадай тырмышып,
Булчуңдары созулуп.

Улам-улам өйдөлөп,
Укмуштай жөрмөлөп.
Бакыт деген шумдук го
Кандай эме тең келет.

Кудайдан жардам суранып,
Кайгырып, кээде кубанып.
Катуулап шамал шаштырып
Өзүнөн өзү сыналып.

Шумкар тоонун чокусу,
Болбосо экен кокусу.
Абайласа аз калды
Азайып жолдон тосушу.

Бул турмушка таарынып,
Бир кудайга жалынып.
Эптеп чыкты эзилип
Эл барбас тоого багынып.

Шумкардай эки чокусу,
Чакмак таш кийген топусу.
Тууралап жолду таппасаң
Турмуштун кыйын окуусу.

Күүгүм кирип, күн батты,
Көзгө сайса көрүнгүс.
Так чокуга түн катты,
Кайда жүрөт шум бакты.

Түн ортосу ай чыкты,
Күндөгүдөй жай чыкты.
«Байка, ажал жолуңда»—
Деген гана сөздү укту.

Ага кедей болбоду,
Келечегин ойлоду.
Баштан өткөн турмушу
Бара бер деп колдоду.

Кезек келип таң атып,
Толгон жылдыз бүт батып.
Талыкшыбайт жүрөгү
Турган сымак күч ташып.

Кайрат берип өзүнө
Далай иш түшүп эсине.
Мандай жагын караса
Көрүндү үңкүр көзүнө.

Бакыт кушу ошондо
Эми эч ким жок тосорго
Бир үзүм нан болсочу
Күчүнө күч кошоорго.

Кирин жутуп тишинин,
Курулдаган ичинин.
Кеткенине ким карайт
Кечээ кечке күчүнүн.

Турду ордунан зарыгып,
Жаратканга жалынып.
Үшкүрүнүп үңкүргө
Кирип барды камынып.

Көзгө сайса көрүнгүс,
Бакыт жоктой бөлүнгүс.
Амалын таап кирээрмин
Адилеттүү болсом түз.

Арканын байлап урчукка,
Калбайын деп кырсыкка.
Бир учун кармап жөнөдү
Айтууга аны тил кыска.

Эптеп-септеп арылап
Жетпөөчүдөй зарыгат.
Улам жылып унчукпай
Өз күчүнө жалынат.

Колу тийди бир кезде
Котур таштай илмекке.
Айланасы караңгы
Кармалады билмекке.

Күчү кетип алсырап,
Тери тамат тамчылап.
Чарыктары айрылып,
Таманынан кан чыгат.

Ага дагы карабай,
Ал кеткенин санабай.
Бак-таалайга жетсем дейт
Болсо дагы таламай.

Жан чыкса да чыңырып,
Кетээринде жыгылып.
Туш-тарабы жаркылдап
Бир заматта кубулуп.

Көргөнүнө таң калып,
Аркан учун байланып.
Чечип кабын жонунан
Кушка карайт жайланып.

Канаттарын талпынган,
Конгон жери алтындан.
Жыпар жыттуу абасы,
Орун алган салкындан.

Катар турган сандыктар
Алтын, күмүш байлыктар.
Кымбат баалуу каухар таш
Көрсө муну ичи тар.

Өзүнөн өзү талашып
Өз жолунан адашып.
Убара болмок уялбай
Ушунун баарын санашып.

Кедей байкуш тийген жок,
Жүрөк ооруп жүргөн жок.
Ал байлыктан алууну
Адилеттүүлүк сүйгөн жок.

Кушту салып кабына,
Өзү ишенип багына.
Кайта артына жөнөдү
Арманы ичтен арыла.

Келсе кайра үйүнө,
Кабагы ачык сүйүнө.
Ачууланып аялы
Алдында турат тигиле.

— Ачка кылып балдарды,
Ичип албай жармаңды.
Кайда тентип жүрөсүң
Таштап коюп чарбаңды.

— Жөнү жоктон кыйкырба,
Жаткан жокмун уйкуда.
Уятым бар, урушпа,
Кабак бүркөп чыртыйба.

Андан көрүү көрүп ал,
Алкылдабай көңүл сал.
Баары болот жакында
Сенин дагы бактың бар.

Калдактап кабын ачканда,
Кушту кармап шашканда.
Күн тийгендей үй ичи,
Жаркылдай түштү асман да.

— Мунуң эмне жарыктык,
— Кулак салып, сөзүмдү ук.
Бакыт кушун кармадым,
Бакылдабай көрүп чык.

Капас жасап камыштан,
Көзү уялып жарыктан.
Бакыт кушун киргизди
Өзүнчө бир күйгөн шам.

— Таалай келет талыкпай,
Сууда сүзгөн балыктай.
Тегиз болот телегей
Бир жумада камыкпай.

Бирок бакыт келген жок,
Эч ким акча берген жок.
Атын угуп бакыттын
Эч ким аны көргөн жок.

Эрте туруп аялы,
Ашкананы карады.
Оозго салар талкан жок,
Баягысы баягы.

— Бакыт эмес, бака жок,
Суу алууга чака жок.
Жалдырайсың жалынып
Жамбашыңа тийгенби ок.

Саткын бул кооз кушуңду,
Ачкадан балдар кысылды.
Карарып барат өзөгүм,
Карачы оору кызыңды.

Байкачы өң-түсүңдү,
Баса албай калдың күчүңдү.
Өлгөн турам өзөрүп,
Өңүмбү же түшүмбү.

— Сатууга болбойт бактыны,
Берүүгө болбойт жакшыны.
Алдабасак эч кимди,
Болобуз шашпа бактылуу.

Чындык болуп өзүңдө,
Калп болбосун сөзүңдө.
Бакыт келет ошондо
Жол бербесек кесирге.

— Аягы жок сөзүңдүн,
Акылың толук өзүңдүн.
Бак-таалайың келгенче
Жүрөк ооруп эзилдим.

Кыйналып жатат балдарың,
Жыты да жок жарманын.
Ачкадан өлүп калганча,
Кереги эмне калганын.

Алып бар азыр кушуңду,
Аясаң оору кызыңды.
Ачууланып аялы
Жүрөгү ооруп кысылды.

Ханга, бийге керектир,
Кадырласа белектир.
Капасыңды көтөрүп
Хан тагына барып кир.

Сөзгө көнүп күйөөсү,
Ачка жатса бүлөөсү.
— Кадырман ханга сатайын
Болбостур мунун күнөөсү.

Бакыт кушу кымбаттыр,
Бекер баага турбастыр.
Мындай кушту алгандар
Өмүр бою жыргаптыр.

Барды хандын үйүнө
Уруксат сурап кирүүгө.
Кыйкырат хандын жигити:
— Кете бер кайра үйүңө.

— Айланайын, сөзүмдү ук,
Башканы укпай, өзүмдү ук.
Бакыт кушун кармадым,
Алаар бекен сурап чык.

Алсыратпай айтып чык,
Алам десе кайтып чык.
Аткарылсын тилегиң,
Алсызмын бир сөзүмдү ук.

— Келсин деди ханыбыз,
Бул жигит менен барыңыз.
Кирип чыккын өзүңүз,
Мында калсын кабыңыз.

— Бакыт кушу кабымда,
Айланайын, сабырда.
Көрөсүңөр кирсеңер
Бул өзүнчө табылга.

Хан эшиги ачылды,
Салам айтып шашылды.
Кедей кабын көтөрүп
Кирип барды ашыгып.

— Бакыт кушун чын эле
Баалап алып келдиңби.
Берейин деп ханыма
Каалап алып келдиңби?

Алдайын деп ханымды,
Азгырылып жүрбөгүн.
Сууруп алам жаныңды,
Шылдың кылып күлбөгүн.

Жооп айтуунун ордуна
Кабын ача калганда.
Куш көрүнүп капастан
Чагылгандай жанганда.

Жаркылдады үй ичи
Укмуш кооз көрүнүп.
Күндөн күчтүү нурлары
Жаткан сымак төгүлүп.

Хан жаздыгын бетине
Тосо калды калкалап.
Жан-жөкөрлөр көздөрүн
Жуумп алышты чалкалап.

— Жап кабыңды тезинен
Сокур болуп калбайлык.
Алоолонуп от жанып
Азыр эле жанбайлык.

Шашып кедей капасты
Жаба салды кап менен.
Өз ичинен кубүрөйт
Ушундайбы так деген.

Ханыбыз баш көтөрүп
Жан-жөкөрлөр жөтөлүп.
Айтып жаткан жомоктун
Аягына өтөлүк.

— Бакыт кушун сен өзүң
Издеп жүрүп таптыңбы?
Шумкар тоонун аскасын
Өзүң жалгыз ачтыңбы?

— Өзүм, ханым, бир өзүм,
— Азаматсың сен өзүң.
Анда алайын кушуңду
Алың кетип жүдөпсүң.

Ашкан сыйлык аласың,
Айлыңды бүт багасың.
Максатыңды тилеген
Ушул жерден табасың.

Кытмыр күлүп, алакан
Эки, үч жолу чабылды.
Кирип келди баш кесээр,
Кылычына камынды.

—Мындан кийин кедейлер
Бакыт издеп жүрбөсүн.
Бакыт-таалай кайда экен
Эч кимиси билбесин.

Буга берээр сыйлыгым
Сыртка алып баргыла.
Тозоктон бакыт издесин
Башын кесип салгыла.

## БҮТКҮЛ ЭЛДИ, ПАРТИЯНЫ КУБАНТЫП

Турмуш сынап, мезгил сынап,
Башыбыздан өткөрдүк,
Күрөштөрдү, Лениндик чындыкты,
Атак даңкын планетам көп уккан
Кимдер билбейт Ала-Тоолук кыргызды.
— Кыргыз азыр баягыбы, башкабы?
Американын кабарчысы жазгандай,
Көчмөн жүргөн, жетинбеген ачкабы?
— Жок, кыргыздар андай эмес,
Өз мекени, чек арасы жери бар.
Советтерден бактысы,
Лениндин бак-таалайдын ачкычы.
Академик, профессор кыргыздар
Тилин билген техниканы башкарып,
Илимдердин чокусуна аттанып,
Өнөрлөрүн, өмүр жолун өөрчүткөн

Өзгөргөн эл, өзгөргөн жер такталып.
Жаркыраган социализм курулуп
Бараткан кез коммунизмге макталып.
Бел байлаган беш жылдыктар тушунда
Атак-даңктуу адамдары ушунда.
Телегейде кош жылдыз,
Зуураканда кош жылдыз
Барк алышкан эмгегинен кыргыздар,
Жаркыраган тоо башында жылдыздар,
Коммунизмге бараткандар арасында
Кол кармашкан сексен улут бир тууган
Эки ордендүү республикам —
Миллиондон ашып өткөн кыргыз бар.

* * *

Алп Ала-Тоо кыргыздардын мекени,
Анча-мынча билгенди айтып өтөлү.
Ленинди ата кылган
Анын атын укканда,
Жолдон тоскон кол чабышып кубанып
Октябрде жаңы бийлик чыкканда.
Кыргыз тоосу тууну тиккен
Желбиретип бийик аска башына.
Көрүнсүн деп жер бетинде элдерге
Чыгыш, батыш, түштүк, түндүк
Баардык жакка,
Карысына, чымыр дене жашына.

* * *

Кыргыз эли көп жеңиштин күбөсү,
Лremoveнинден ийгилиги, сүрөөсү.
Кыйындыкта майтарылбас мүнөсү.
Ала-Тоодо ташка тамга баскан сымак

Изи калган
Өчпөйт андан
Солубаган мүрөк жуткан гүл өзү.
Тынчтык үчүн, жыргал үчүн
Беш жылдыкта эмгеги алп,
Ленинден бак-таалайы, күрөшү.
Кыргыздардын жүрөгүндө сырын
билсең
Амалын таап ачып көргүн
Лениндин,
Лениндин өчпөс жарык образы, сүрөтү.

* * *

Көрдүң беле атырылып, албууттанып,
Кылымдардан тентек аккан
Баш ийбеген Нарынды,
Ал агызган ачууланса
Жайыттагы малыңды,
Түп көтөрүп чаң тополоң чыгарган
Жээгиндеги боз үйү көп айылды.
Өйүз, бүйүз өтө албаган кыргыздар
Чыдай албай бул кордукка
Коммунисттер башкарып,
Чындап кирди тизгиндөөгө Нарынды,
Жалаң жаштар, комсомолдор камынды,
Тоону тешти, аска тешти
Шарт бурулуп Нарын өттү
Жаркыратып, жарык чачып
Шаар менен айылды,
Акты Нарын атырылып,
Күйдү Нарын от болуп,
Тегиз чачып кубаты мол

Өчүрө алгыс жалынды.
Нарын азыр
Биздин жерден алыс кеткен тамыры,
Гозолордун, жүзүмдөрдүн,
Буудайлардын түбүндө
Нарынымдын булак, булак тунук күзгү
агымы.
Нарын дарыя азыр жалаң,
Жалаң гана жаркылдаган жаңыруу.

* * *

Фрунзенин көчөлөрү
Жаркын жашыл, гүлү кызыл,
Токой экен бактары.
Ар бир көчө жаңы ырымдын
Жазыла элек саптары.
Жаңы бүткөн үйлөрү
Таза, жарык, күн нурундай акталуу.
Бир үзүмү билинбейт да, көрүнбөйт
Эски Пишпек, эскиликтин тактары.
Маданият, адабият ордосу
Ыр бутактуу алмасынын шактары.
Шаарыбыздын көчөсүнөн көрөбүз
Пушкин, Горький, Токтогул,
Жоомарт, Жусуп, Алыкулдун аттары.
Библиотека
Ичи толгон Лениндин томдору,
Ошондо окуйт карыясы
Жаңы кыргыз, жаңы турмуш жаштары.
Академия бир көчөнү ээлеген
Илим булак тунук бойдон акканы.
Ушул жерде төрөлүптүр

Полководец Фрунзе
Өзү тигип гүлдөтүптүр бакчаны.
Өмүр жолун, жазгандарын
Анын ар бир буюмун
Түбөлүккө келечекке сактады.
Кыргыз баалап, кыргыз каалап,
Жаңы музей ачканы.
Фрунземде жаш күнүнөн жашаган
Гомерибиз Саякбай,
Ар бир сөзү
Окула элек сабактай.
Канча уксаң да ырларына канбайсың,
Артисттер бар жүрөгүңдү эзгилейт
Сулуулугу жаңы ачылган чанактай.
Фрунземди айта берсем сөз жетпейт,
Китеп сымак жаңы гана жазылган
Окуй берем күнү-түнү бapактай.

* * *

Биздин жерге байлык берип, бак берген,
Компартия ишке ашырып тилекти.
Алкыш алган, ардакталган бүт элден
Улуу Ленин илиминен гүл экти.
Эмгек кайнап беш жылдыкта өз жергем
Кетпес, өчпөс ата-журтка нур септи.
Лениндин жүз жылдыгын майрамдап,
Эмгек менен элим алга умтулду.
План толуп кыргызстан сайрандап
Кубандырды бүткүл ата-журтумду.
Ош, Нарыным, Ысык-Көлүм толкундап
Сары Өзөн Чүй жагалданып кулпунду.
Тогузунчу беш жылдыктын жылдызын,

Ала-Тоонун аймагына тагабыз.
Улуу Ленин акылынан тутанган
Коммунизмдин өчпөс отун жагабыз.
Бүткүл элди, партияны кубантып
Жеңиштерден—жеңиштерге барабыз!

## БИЛДИРМЕ

Кубандык үйгө кирип,
Апа үйгө жаңы эмеректерди
Алып келгенин билип.
Сабактан келген элек
«Беш» алып күлүп.
Күчүгүбүз тосуп алды,
Куйругун шыйпаңдатып,
Эркелеп үрүп.

— Бутуңарды чечкиле,
Акырын кухняга өткүлө.
Кирбегиле төркү үйгө,
Олтурбагыла диванга,
Китебиңерди койгула
Тиги чуланга[1].

Мындан кийин залга да
Киребиз деп суранбагыла.
Кирдетип коёсуңар,
Тамак ичкенде

---

[1] Ардеме-бирдемелерди коё турган чакан бөлмө

Дайыма кухняда болосуңар.
Күн жылуу эмеспи
Сабакты балконго окуп коёрсуңар.

Ошол күндөн ушул күнгө
Эки бөлмө биз үчүн жабык.
Диванга же
Креслого олтурбайбыз
Бутубуз кетсе да талып.
— Көрөлү десек төркү үйдү
Акырын баскыла,— деп
Апам тыйды
Бакылдап балакет кылды.

Бир күнү
Чоң атам келди айылдан.
Тосуп алдык карындашым экөөбүз
Сагынчыбызды жазып.
— Өтүгүңүздү
Чечиңиз,— деди апам.
Төркү үйдөн
Чыгып келе жатып.
Чоң атам:
— Үйдөгүлөр
Аман-эсеби, балам.
Апам:
— Куржунду жерге коюңуз,
Сүйлөшөбүз анан,
Кухняга кириңиз,
Биздин үйдүн
Жаңы тартибин билиңиз,—
Деп апам
Төркү үйлөрдү жапты.
Залга киргизбей

Какайып турду
Чек арада болгондой сакчы.
Чоң атамды киргизбей
Эмне кылат,
Шыбырадым апамдын кулагына:
— Бул кылганың уят.
— Жап оозуңду,
Ишиң болбосун.
Өтүктү коридорго койбосун.
Чоң атам жылаңаяк —
Залдын эшигин тартты.
«Ал жабык» — деп
Апам,
Кухнянын эшигин ачты.

Өз атам төркү үйдү ачып
Атасына жаңы
Буюмдарын көрсөттү.
— Кол тийгизбеңиз,— деп,—
Бул жерде балаңыз,
Мунусуна өзүм жатам,
Жыргап калдык
Темир керебеттен кутулуп.
— Жакшы болуптур, балам,
Балдарга берсеңер
Алып келген эттен бышырып.

Жаңы диванды көрүп
Чоң атам олтургусу келди.
Апам ага карап,
Көзүн кысып белги берди.
— Жүрүңүз кухняга
Болбойт бул жерде олтуруш.

Бул үй музей болгон
Апамдын ою жаңы буюмдарга
толтуруш.
— Андай болсо кетейин, балам.
Эч нерсеге тийбейин,
Силердикине келгенде
Акырын сүйлөйүн,
Күлбөйүн!

— Туура, ата!
Маданияттуу,
Сылык болгон жакшы,—
Деп апам өз сөзүн айтты.
Чоң атам кухняга чыкканда
Зал менен төркү үйдү
Кулпулап жапты.

Ушундай апам.
Эмне кылабыз,
Карындашым экөөбүз
Түн киргенде
Кухняда уктап чыгабыз.
Өзгөрүп кетти апам.
Апабызга үнчукпайт атам.
Мына кыш келип
Кар жаады
— Кухня суук
Эми кайда жатам.
Биздин үйдө болгон окуяны
Силерге
Билдирме кылып жаздым,
Өз колумду койдум,
Атам, апам
Таарынбасын!

## ЛОНДОНДО

(Муратбектин айткандарынан)

Дүйнө билген,
Атагы ашкан Лондон,
Күн көрүнбөйт,
Же бул жерге жетпейби,
Асманынан өтпөйбү?
Башка жакка
Качып кетип калганбы,
Башка жакты сагынып,
Лондонго таарынып?
Көчөсүндө жөө жүрөмүн аралап,
Туман баскан кечинде да, түштө да.
Бул тумандар,
Сасык туман
Кайсы жактан жаралат?
Түндүгү да, түштүгү да,
Батыш, чыгыш тарабы
Бүркөлгөндөй кабагы.
Эсеп жетпейт машинага —
Түркүн-түркүн маркалар,
Буруксуган түтүндөр.
Кол жоолугуң бир күнгө да
жарабайт.
Эртең менен кийген кийимиң
Кечке чейин
Жакаң, жеңиң карарат.
Кандайдыр бир чоочун экен абасы.
Кантип жашайт
Мында адам баласы.
Машиналар, машиналар
Араң жылат

Таш баканын темпиндей,
Бул шаар кызык
Эң биринчи көргөнгө,
Көз жүгүртөм
көчөдөгү элдерге
Арык чырай.
Ал жагынан талашпайм,
Мен өзүмчө ой айтсамбы,
Күбө болот көргөндөр
Мен сөзүмдөн адашпайм.
Замандаштар
Чогулушкан топ-топ жаштар,
Самтыраган кийимдери,
Сакал, мурут алынбаган
Ийнин жапкан чачтары,
Узун экен көңүл бурбайт, карабайт
Биз сыяктуу
Татынакай тарабайт.
Лондондо жүргөн кезде,
Ойго түшөт өз жериң.
Эң биринчи Ала-Тоонун
Аркыраган абасы.
Тунук суусу,
Гүл каптаган талаасы.
Лондондо
Жутуп алсаң бир жолу
Кыргызымдын абасын,
Айтаар элем жеткиргенге —
Алкышымды миң жолу.
...жазуучулар, атактуулар
Бизге дагы келген бар.
Кыргызымды кыдырып
Ысык-Көлдү көргөн бар.
Улутумду сурады

Узун бойлуу бир акын.
Билет экен ал дагы
Эр Манастын кабарын.
Мен да аны
Тиктеп алдым, карадым:
— Улутум кыргыз —
Эр Манастын тукуму,
Социалисттик ата-журтум.
— Кайсы жакта,
Батыштабы, чыгыштабы жериңиз?
Дагы бирөө сурады:
— Мекениңиз, элиңиз?
— Хан-Теңирде, Памирде,
Тянь-Шандын өзүндө.
Кыскартып айтсам сөзүмдү.
Планетанын —
Жер шарынын
Чокусунда турабыз,
Милдетибиз —
Коммунизмди курабыз.
Планетамдын чокусунда
Өзүм турган үйүмдө.
Фрунзем да, Таласым.
Таза-таза түтүнү жок абасы.
Лондондой
Бензин-көмүр жыттанбайт,
Гүл жамынган талаасы.
Булак агат ар жылгадан
Тунук булак шыбырап.
Барган адам кыргызымдын
Ар ташына сыйынат.
Кайда жүрсөм өз жеримдин
Сагынамын абасын.
Кыргызымдын кырка тоосун,

Берекелүү талаасын.
Билбегендер биздин жерди
Жер шарынын
Картасынан карасын!
Кыргызымды
Планетамдын төбөсүнөн —
Чокусунан табасың.

## АЛТЫМЫШ СЕГИЗИНЧИ ЖЫЛДЫН КЫШЫ

Ай айланып, кезек келди, кыш келди,
Кар жатпаган Тосор, Кочкор кыш көрдү.
Калың кардан түлкү, коён баса албай,
Короолордо жем-чөп жетпей кой өлдү.

Чилде түштү ышкырыгы тынбады,
Бороон боздойт тартып алып жыргалды.
Күнү-түнү тынымы жок, уйку жок
Жоро, бозо жоошугандай ыр калды.

Үй көрүнбөй кар каптады, көмүлдү,
Теңине албай жашап жаткан өмүрдү.
Даярдыксыз тайраңдашып жаткандар
Табигаттын кырсыгынан жеңилди.

Жеңилбестер эл ичинен табылды,
Бүт көтөрдү тоо ичинде айылды.
Техниканын күчүн көрдүм ошондо
Каршы-терши ак кардан жол салынды.

Жол салынды, министрлер тынбады,
Башкармалар кол куушуруп турбады.
Кыш күчөнүп кылыктарын өзгөртүп
Өжөрлөнүп өкүнгөндөй ыйлады.

Айылдаштар кошунасын көрө албай,
Ашык чөбүн тартып, ташып бере албай.
Башка айылга конок болуп кеткендер
Кыш күчүнөн өз айлына келе албай.

Кымбат болуп кой, эчкинин туягы,
Өзүнчө бир фронт болду бу дагы.
Солдат болуп ар малчы, колхозчу
Командирден жол-жобону сурады.

Башкаргандар жай баракат жаткан жок,
Кеңеш курду, акылдашты шашкан жок.
Райондон, Фрунзеден келишти
Күч бирдикте кыйындыктан качкан жок.

Телефондор шыңгырады кезексиз,
Сүйлөнгөн сөз кышкы милдет эсепсиз.
Акыл, кеңеш райкомдун буйругу
Ар адамга бийик, ыйык сезет күч.

Жапырт баары малды сактап калууга,
Керек болсо аска тешип барууга.
Комсомолдор аттанышып чыгышты
Комсомолдор алкыш, намыс алууга.

Ала-тоолук Ат-Башыга барышты,
Жем-чөп чачып короодо мал багышты.
Үй-бүлөгө тай-кулунду бөлүшүп,
Козу-улакты балдар шефке алышты.

Аңыракай, Алайда да болушту,
Суусамырда таш корооого конушту.
Кышка каршы жапырт кыргыз киришип
Баштагандай адилеттүү согушту.

Кырмандарда кар күрөлдү, сыйынды,
Калган топон, саман калбай жыйылды.
Чөп ташылды кыштоолорго күнү-түн
Жеңген сымак Папаниндер уюлду.

Самолеттор, вертолеттор тынбады,
Жол жетпеген короолорду сыйлады.
Асман менен азык-түлүк, жем чачып
Тазалады көчкү баскан кырларды.

Жүргөндөр көп сууктан жанын аябай,
Малын багып башка ишке карабай,
Ошол кышта көп баатырды көрдүк биз
Болбосо алар болмок эле таламай.

Кылдат, кымбат кыргызымдын күчүн көр,
Кылкылдаган кызыл туудай жүзүн көр.
Ошол кышта аламатка карабай
Сактап калды сансыз малды ишин көр.

Малды билген, малды сүйгөн багат да,
Мындай бир кыш болгон эмес адатта.
Командирдин тапшырмасын аткарган
Кыргыз солдат кылымдардан санатта.

Ай айланып кезек келди, кыш келди,
Кыргызыма кыйынчылык туш келди.
Ошол кышта достук оту жалбырттап
Москвадан баарыбызга күч берди.

## УЛУУ ШААР

Ушул шаарга келдим кечээ таң менен,
Өзүм туулуп, өзүм өскөн шаарымдай.
Үйлөр жаңы, көчө жаңы, шаң көрөм
Күткөн сымак кыдырамын жаңылбай.

Эски эстелик, эски үйлөр көрүнбөйт,
Же бул шаарды кечээ эле курганбы?
Гүлдөр турат үзүлбөйт да, терилбейт
Ырдайт жаштар биз ырдаган ырларды.

Жагоо тагып, китеп кабын асынып,
Балдар шаттуу, өзүм жазган балдарбы?
Кээ бирөөлөр көчүп жатат шашылып
Жаңы курган бийик үйдөн алганбы?

Ооба ошондой бул шаар бүгүн башкача,
Чейрек кылым мурда болгом ушунда.
Түшүнбөстүр көрбөгөндөр айтпаса
Ок атышкам чоң согуштун тушунда.

Ок атышкам ар бир үйдү алам деп,
Ок атышкам жарым кадам жер үчүн.
Ок атышкам чаң-тополоң салам деп
Немецтердин дөбөттөрүн жеңүү үчүн!

Уйку көрбөй окобунда жаткамын,
Гранатты желдеттерге ыргыткам.
Чалчык кечип кызыл канга батканмын
Солдат болуп, өкүл болуп кыргыздан.

Түтүн каптап күндүн көзү көрүнбөй,
Бомба түшүп үйлөр күйүп кыйраган.

Ар минутаң даяр турган өлүмдөй
Октор боздоп, октор учуп ыйлаган.

Снарядды мелдешкендей жарышып,
Ал тийген жер көтөрүлүп асманга.
Калың танка качырашып кагышып
Жарк-журк эткен от чагылып таштан да.

Жеңип келгем, биз душманды жеңгенбиз,
Күйгүздү күч күлүн көккө сапырып.
Туулгандан көзгө атаар мергенбиз
Кирген элек Манас сымак качырып.

Бир жыл бою тозок менен азаптын,
Арасында ат салышып кайнадык.
Турмуш мында бычагындай казаптын
Туткундарды кой жайгандай айдадык.

Пландары быт-чыт чыгып айрылды,
Отко күйүп түбөлүккө күл болуп:
Кара кийип гитлеризм кайгырды
Сталинград душман үчүн түн болуп.

Чейрек кылым айтууга оңой сөз менен,
Жашарыптыр жакшынакай чар тарап.
Карап чыктым ар бир үйүн көз менен
Эстеликтер нурун чачат, от жанат.

Өчпөс оттор, өчүрө алгыс куюндар,
Бороон боздоп бардык күчүн жыйса да.
Империализм бүт чогулткан чыгымдар
Өз өлчөмүн өкүм кылып турса да.

Өчпөс оттор Лениниден жагылган
Жер бетине таалай берип нур чачып.
Сталинград кайра туулуп жаңырган
Океандай толкуну бар күч ташып.

## ЭМГЕК ТӨЛҮН ҮЙРӨНДҮМ

Ушул тоодо, улуу тоодо торолгом,
Капчыгайда канат күүлөп чоңойгом.
Кекилик кууп, тузак коюп уларга
Жылгаяк тээп, кар шейшебин оронгом.

Бетегесин көлдөлөңдөй төшөнгөм,
Шилби, талын отун кылып көтөргөм.
Ынак мага шыбыр айткан булагы
Күзгүсүндөй чоң энемдин эзелден.

Койду жайып коктусунда жүргөнмүн,
Эмгек төлүн тоолорумдан үйрөндүм.
Жалбырагын жакын көрүп уйгактын
Калпак жасап күн ысыкта кийгенмин.

Аттанышып шамал менен жарышып,
Булут менен коюн колтук алышып.
Эрмек кылып эликтерин үркүткөм
Таш кулатып капчыгайды жаңыртып.

* * *

Тоо өзгөрүп тон кийгендей көрүнгөн,
Машиналар чубап өтөт төрүмдөн,
Поезд өтөт капчыгайды капталдап
Зым карагай кароолчудай керилген.

Ала-Тоомдун байлыгы көп башкача,
Бүткүл дүйнө таңыркашаар тактаса.
Суусун ичип, абасынан дем алган
Өмүр бою ден соолугу таптаза.

Шайыр мүнөз кичи пейил жаштары,
Жол салышкан көчүрүшүп асканы.
Карамолдо черткен комуз үнүндөй
Сууларынын куюлушуп акканы.

Арстанбап, Аркыттары бейиштей,
Ысык-Көлү чалкып жаткан деңиздей.
Памирин көр планетамдын чокусу
Тянь-Шаны киндиктештей, эгиздей.

Көргүң келсе атагы ашкан Нарынды,
Барбай калсам баласындай сагынды.
Кадамжайы, Кызыл-Кыя, Гүлчөсү
Саякатта таң калтырат баарыңды.

Булут минген Ак-Сай, Арпа тарабы,
Самолетто кой ташыган чабаны.
Короо-короо койлор учуп асманда
Бул да болсо жаңы заман талабы.

Жымыңдашып жылга жылдыз тагынып,
Тентек Нарын теминсе да багынып.
Тоо башында Токтогулдун атында
Толкундаткан ГЭС орноду жаңырып.

Ушул тоодо улуу Манас жашаган,
Балдарына мурас болуп атадан.
Бир бүлөөдөй сексен улут бир тууган
Бул достукка чыдай албас жат адам.

Ушул тоодо биздин Чынгыз төрөлгөн,
Таалим алган кыргыз билген өнөрдөн.
Чынгыз жазган романды, повестти
Планетамдын ар бурчунан көрөм мен.

Өйдөлөгөн Ала-Тоонун талабы,
Жетип турат жер бетине кабары.
Социализм орнотулган тилеги
Ачылган кез коммунизм барагы.

## КӨЧҮРМӨ

Чоң атамдын баласына айтканын,
Угуп алып көп нерсеге түшүндүм.
Аз болсо да эстеликке калсын деп
Көчүрмөсүн кагазыма түшүрдүм.

Атам айтат: — Биз кыйын деп сүйлөйсүң,
Андай болсо силер эмне кылдыңар.
Ошол кезде чоң атамдын айтканын
Угуп тургун, уксун тиги курбулар.

— Биз баскан изден бастыңар,
Биз менен көптү ачтыңар.
Биз берген бакыт-таалайдын
Үйүнө кирип жаттыңар.
Биз минген күлүк, жорголор,

Трактор келсе таң калып.
Силер болсо космосто
Жүрөсүңөр чаң салып.
Башталышы каякта
Тарыхыңды баракта.

Ал эми айыл жөнүндө
Чыгардың сөздү төгүнгө.
Кулак, чунак деп айттың
Сөздөрүңдүн көбүндө.
Туура,
Кулак болгон кутурган,
Байлыгынан бузулган.
Чакырганбыз тартипке,
Көнбөгөнү тартипке
Тизмебизден сызылган.
Кызыл өгүз, көк соко,
Айдаганбыз бир кезде.
Ошол колго тийгенде
Жайнаганбыз бир кезде.
Бир маал тамак ичкенге
Чардаганбыз бир кезде.
Он төрт өлкө ойрондоп
Жоготобуз дегенде
Колуна берип сазайын
Айдаганбыз бир кезде.
— Билимдүүбүз баарыбыз,
Биздин да бар акыбыз.
— Туура,
Билимиңер өскөнүн жакшы
билем,
Өзүң дагы кандидаты
илимдин.
Окуйт элем мен деле,
Басмачылар болбосо,
Баскынчылар болбосо.
Ата Мекен согушта
Өркүндөгөн өлкөмдү
Башка бирөө коргосо.
Түшүн балам,

Түшүнбөсөң өзүң бил.
Кыйраттык деп кыйкырасың
тим эле.
Көкүрөктү койгулап.
Сөз учугун чойгулап.
Иште балам, көп оку
Неберемди окуткун,
Түшүнүп жүрөйүн баарына.
Эскиге да, жаңыга, өткөнгө да
Көрүп жаткан таалайына,
багына.
Иште, балам, көп оку,
Эмгек кылсаң
Кор болбойсуң эч качан.
Эмгек кылган адам күлүк,
Эмгек кылбаган адамдар
Илгери биз минген
Кырчангылардай кашаң.
Калтырбадым чоң атамдын
Баласына айтканын.
Бул эскерме болсун деп
Кагазыма каттадым.

## КРЫМ

Крым жарым аралы,
Кылымдардын барагы.
Кырка, бөксө тоолору
Көрсөң жүзүм талааны.
Даңкы кеткен алыска
Аралайсың калааны.
Крым кызык билесиң
Көрком бакча сарайы.

Көргөнду таң калтырган
Барып калсаң жай айы.
Кышта, күздө келсең да,
Качан барып көрсөң да,
Кетпегендей бул жерден
Келишимдүү май айы.
Оозу менен айтканда
Оюнкарак баланын
Крым жердин аяйы.

Крым кызык сүйгөн жер,
Күн жаркырап тийген жер.
Биз билбеген тарыхтан
Өткөн заман алыстан
Севастополь күйгөн жер.
Ар бир шаардын, айылдын,
Билип алсаң тарыхын.
Көзүң менен көрөсүң
Келечекке арымын.
Өлкөсүнө өрнөктүү
Өөрчүп өскөн салымын.
Өз жерин сүйгөн адамдар
Өз шаарың менен карыгын.
Кара деңиз боюнда,
Качан барсаң сонун да.
Миң жылдардан эстелик
Кадамыңда, жолуңда.
Билгиң келет көргөнду
Кичинең да, чоңуң да.
Севастополь тарыхы
Азыр менин колумда.

* * *

Достук багын аралап,
Тоо башында жүрөмүн.
Тоолор сиңип каныма
Тоолор менин тилегим.
Севастополь шаарына
Ушул жерден киремин.
Малаховдун коргону
Баатыр шаардын чордону.
Бат-бат согот жүрөгүң
Кара деңиз шарпылдап,
Сансыз толкун жаркылдап,
Барып калсаң кабыл ал
Бет сылаган илебин.
Таза кардай агарып,
Таза колдон жаралып.
Ак куу болуп көрүнүп
Азгыргандай балалык.
Ушул жерден урматтап
Кутман шаарга карадык.
Далай өмүр өтүптүр,
Далай жылдар саналып.
Баатыр шаардын белгисин
Төшүбүзгө кададык.
Көз нурларым жеткенче
Гүлгө оронгон аралык.
Жаркын шаардын төшүндө
Эки орден күлөт кадалып.
Алтын жылдыз нур чачып
Алга үндөгөн саамалык.

## МАЗМУНУ

### САЛЮТ БЕРЕМ КУБАНЫП


Салют берем кубанып . . . . . . . 5
Он тогузунчу май . . . . . . . 6
Баладан . . . . . . . . . . 7
Улуу күндө ачкычы . . . . . . . —
Артекте . . . . . . . . . . 8
Ушул жерден . . . . . . . . . 12
Аюу даг . . . . . . . . . —
Костер жакканда . . . , . . . 14
Пионер ким . . . . . . . . . 21
Биздин үйдүн баатыры . . . . . . 22
Мугалимим . . . . . . . . 23
Динара кыз неберем . . . . . 24
Безилдеген сары кыз . . . . . . . 25
Билген жакшы . . . . . . . 26
Костер менен Алыйма . . . . . . . 28
Жүрөгүмдүн түпкүрүнө сактагам . . . 34
Дайым күйөт өчпөс от . . . . . . . 35
Чанактардын майрамы . . . . . . 36
Күчөй берет ишибиз . . . . . . . 46
Өсө берсин биздин бак . . . . . . 49
Байкагыла баарыңар . . . . . . 52
Оюнун көрдүм Динардын . . . . . 54
Сагынганда атамды . . . . . . . 56
Айна кыз . . . . . . . . . 60
Колдон, досум, чыгарба . . . . . . . 61
Биздин күчүк себепкер . . . . . . . 62

Чынаранын бөбөгү . . . . . . . 64
Токуп койдум атыңды . . . . . . 65
Белек . . . . . . . . . . . . . —
Койсоңчу, досум . . . . . . . . 63
Канча күлсөм жетет күн . . . . . . 70
Керекпи . . . . . . . . . . . 73
Мактанганда Жайыктөш . . . . . . 74
Консерванын челеги . . . . . . . . 76
Мышыгым . . . . . . . . . . 78
Талашты . . . . . . . . . . . 79
Куурчак — турмуш . . . . . . . . 80
Тушоо кесүү . . . . . . . . . . 81
Бала кезимде . . . . . . . . . 82
Неберем . . . . . . . . . . 83
Төртүнчүдөн көчсө экен . . . . . . 84
Түлкү менен кашкулак . . . . . . . 85
Жомогума кулак сал . . . . . . 89

## КӨЗ НУРЛАРЫМ

Ленин деп иш кылам . . . . . . . 97
Көз нурларым . . . . . . . . . 100
Талап кылса . . . . . . . . . . 103
Жаркыраган сөз турат . . . . . . 104
Үйдөн—үйгө . . . . . . . . . . —
Таласымды көрүп ал . . . . . . . 105
Өз шаарыма окшошуп . . . . . . 106
Түштүгүм . . . . . . . . . . . 107
Түшүм тура . . . . . . . . . . 109
Балыкчыга тилегим . . . . . . . 111
Өмүр кызык . . . . . . . . . . 112
Эстей берем . . . . . . . . . . —
Жарчы болсун . . . . . . . . . 113
Россия . . . . . . . . . . . —
Пушкин . . . . . . . . . . . 114
Комуз . . . . . . . . . . . . 116
Ишенич эмгек өзүңдө . . . . . . . 119
Адамданбыз . . . . . . . . . . —
Кулунду . . . . . . . . . . . 120
Шаркыратма . . . . . . . . . . 121
Саласпилс . . . . . . . . . . 122
Өйүзүңдө турабыз . . . . . . . . 128

Толкун-ой . . . . . . . . . . —
Ишин ула . . . . . . . . . 129
Гүлкайыр . . . . . . . . . . —
Эгиздер . . . . . . . . . . 130
Күкөйгө . . . . . . . . . . 131
Таш таптым . . . . . . . . . —
Мен Карпатмын . . . . . . . . 132
Бизди макта . . . . . . . . . —
Пейли кенен . . . . . . . . 133
Келме кезек . . . . . . . . . 134
Ялта . . . . . . . . . . 135
Билип койгун . . . . . . . . 137
Түгөнбөйт . . . . . . . . . 138
Кипарис . . . . . . . . . . —
Жаңы жылдагы тилек . . . . . . 139
Нан болсун . . . . . . . . 140
Балдарымдын сыймыгы . . . . . . —
Ыраазымын . . . . . . . . . 142
Козубаглан . . . . . . . . . 143
Тазалыгын сактасак . . . . . . —
Ат кыргыздын канаты . . . . . . 144
Бийик, бийик . . . . . . . . 145
Ыр менен . . . . . . . . . 145
Кечинде . . . . . . . . . 146
Кайра жаңы баштадым . . . . . 147
Мезгилдер . . . . . . . . . 148
Жай жылымдын нур кызы . . . . . 153
Күз мекендин байлыгы . . . . . . 161
Кыш жылымдын сандыгы . . . . . 169
Бакыт кушу . . . . . . . . . 175
Бүткүл элди, партияны кубантып . . . 189
Билдирме . . . . . . . . . . 194
Лондондо . . . . . . . . . . 198
Алтымыш сегизинчи жылдын кышы . . 201
Улуу шаар . . . . . . . . . 204
Эмгек төлүн үйрөндүм . . . . . . 206
Көчүрмө . . . . . . . . . 208
Крым . . . . . . . . . . 210

**Муса Джангазиев**

**СВЕТ МОИХ ОЧЕЙ**

Стихи и поэмы

На киргизском языке

Для детей среднего и старшего возраста

Редактор **Б. Асаналиев**
Художник **С. Макашов**
Худ. редактор **А. Мисюров**
Техн. редактор **Л. Баринова**
Корректор **К. Кангелдиева**

Терүүгө 30/I 1973-ж. берилди. Басууга 5/IV 1973-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы $70 \times 90^1/_{32}$, 7,90 басма табак учёттук басма табак 8,29. Д—03656. Заказ № 335. Тиражы 5000. Мукабасыз баасы 44 т. Мукабасы 6 т.

720461, ГСП, ФРУНЗЕ, 5, ул. Жигулевская, 102, Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.

50 т.

